КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

# АК БУЛУТ, АППАК БУЛУТ

*(Өзбек жазуучуларынын аңгемелери)*

Которгон ***Абдыкерим МУРАТОВ***

«Турар»
Бишкек – 2020

УДК 821.51
ББК 84 Уз 7 – 4
А 38

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын алкагында жарык көрдү.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата чыгарылды.

**Редкеңеш:**

| | |
|---|---|
| *Абакиров М.* | *Көкөева А.* |
| *Асаналиев М.* | *Рысбаев С.* |
| *Ишекеев Н.* | *Токтошев К.* |
| *Калчабаева Б.* | *Эгембердиева А.* |
| *Жумагазиев Э.* | |

А 38 **Ак булут, аппак булут:** Котор.: *Абдыкерим Муратов* (Өзбек жазуучуларынын аңгемелери). – Б.: «Турар» – 2020.176 б.

ISBN 978-9967-15-975-4

Бул жыйнакка кирген өзбек жазуучуларынын аңгемелери турмуштун татаалдыгын, көп жактуулугун, андагы адамдын кайгы-капасын жана кубанычын чагылдырат. Аңгемелер сүрөттөөлөрүнүн элестүүлүгү, улуттук колориттүүлүгү, ширин тили менен кыргыз окурмандарын да кызыктырбай койбойт.

УДК 821.51
ББК 84 Уз 7 – 4
ISBN 978-9967-15-975-4

© Котор. Муратов А., 2020
© КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, 2020

# ӨЗБЕК ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН АҢГЕМЕЛЕРИНИН ӨРҮШҮ

*Аңгеме өзбек прозасынын эң активдүү, эң ийкемдүү жанры деп эсептелет жана көптөгөн жазуучулардын чыгармачылык мектеби катары повесть жана роман жанрына өтүүнүн көпүрөсү болуп келген жана азыр деле ошол вазийпасын аткарууда. Кыргызча «аңгеме», орусча «рассказ» деген сөздү өзбек тилинде «хикоя» дешет. Чыгыш элдеринде «икая» деп жалпы эле бир окуяны баяндоо, айтып берүү (икаялоо) айтылат. Биздеги «повесть» деген термин-түшүнүктүн ордуна өзбектерде «кисса» деген сөз колдонулат. Өзбек адабиятынын традициясында оозеки формада хикоя, кисса сыяктуу жомок, латифа, анекдот, аския жанры кеңири өнүгүп келсе да, профессионалдык маани-мазмунда улуттук аңгемелер советтик учурда, негизинен, орус адабиятынын таасири менен пайда болуп калыптанды.*

*ХХ кылымдын 20–30-жылдарындагы жаш өзбек адабияты, анын ичинде өзбек аңгемеси улуттук оозеки фольклорду жана чыгыш жазма адабиятын жаңы совет адабияты менен байланыштырган көпүрө болду. Бул процесстин ири алдында Абдулла Кадыри (1894–1938) турат. 1915-жылы «Улакта» деген аңгеме жазат, анда карапайым адамдардын тойдогу көк бөрү учурундагы драмасы чагылдырылат. Ошого удаа эле «Сүйүнүчтөн өлүм» (1917), «Тынч иш» (1920), «Менин атам жана большевик» (1922) деген аңгемелерин жарыялап, эми гана сабатын ачууга киришип жаткан өзбек коомчулугуна советтик адабияттын алгачкы үлгүлөрүн көрсөтөт. Албетте, буларда натуралисттик сүрөттөөлөр орун алып, образды ичтен*

*ачуу жетишсиз болгону менен жазма адабияттын белгилери көрүнгөн.*

*Акын жана публицист, азыркы өзбек ыр түзүлүшүн калыптоого активдүү таасир эткен Гафур Гулям (1903–1966) 1923-жылдан тартып ырлары менен бирге эле очерктерин жана сатиралык аңгемелерин жаза баштаган.*

*Абдулла Каххар (1907–1968) – өзбек прозасынын ири өкүлү, Сталиндик сыйлыктын лауреаты. «Муштум» аттуу сатира жана юмор журналында, бир топ газеталарда эмгектенүү менен кыска аңгемелерин жазат, ал аңгеме жазууну өмүрүнүн аягына чейин улантткан. Ч.Айтматов көркөм адабияттын заманбаптыгы бүгүнкү окуяларды, конфликттерди көрсөтүүнүн сырткы, календардык белгилери гана эмес экендигин айтып келип, А.Каххардын «Каролу чымчык» («Птички-невелички») деген чыгармасындагы Саиддин образы азыркы коомдун адам мүнөздөрүн, белгилүү принциптерин алып жүргөндүгү менен баалуу экендигин жаш жазуучуларга сабак катары өз кезегинде белгилеп өткөн[1]. 50-жылдардан кийин А.Каххардын «Миң бир жан», «Тойдогу аза», «Кырсык», «Махалла» деген учурунда мыкты аталган аңгемелери окурмандарын тапкан.*

*Саид Ахматтын (1920–2007) 1940-жылдарда өзбек адабиятына кошулушу прозадагы сатиранын жана юмордун өнүгүшүнө чоң салым болгон. 1940-жылы биринчи аңгемелер жыйнагы чыкса, 1942-жылы «Эр жүрөктөр», 1948-жылы «Фергана аңгемелери», 1949-жылы «Махабат» деген китептери менен ал лирикалык жана сатиралык прозанын чебери экендигин көрсөттү. Анын «Турналар», «Энекелер», «Казына» аттуу жыйнактарындагы аңгемелерде доордун карама-каршылыктары көркөм образдар аркылуу жалпыланат. Саид Ахматтын «Каракөз Мажнун», «Офтобойим» аңгемелери өзбек аңгеме жанрынын классикасына айланды.*

---

[1] *Айтматов Ч.* Характер и соверменность // Айтматов Ч. В Соавторстве с землею и водою...: очерки, статьи, беседы, интервью. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – С. 76 –77.

*Аңгеме жанрында талантттуу прозаиктер өзбек романынын классикалык чыгармаларын жараткан Адыл Якубов (1926–2009) жана Пиримкул Кадыров (1928–1910) эмгектенди. А.Якубов «Алгачкы кадам», «Эки махабат» аңгемелер топтомдорун, аларга кирген «Кептер», «Гоголь тирүү», «Достор», «Экзамен», «Эгемендик», «Видо» аңгемелерин өзбек окурмандарына сунуштоо менен жанрдын горизонтун бир кыйла кеңейтти. «Видо» аңгемесинде адамгерчилик проблемасы, перзенттин ата-эне алдындагы парзы, «Жакшылык» аңгемесинде жаңы келиндин бир түндөн кийин эле күйөөсүн согушка узатуу трагедиясы, каармандын ички санаркоолору кылдат психологизмде сүрөттөлөт. Алгачкы сүйүү азабы «Жоголгон жылдызым», материалдык байлыкты кууп кетүү процесси «Бакыт кушу» аңгемелеринде көркөм образдар аркылуу чечмеленген.*

*Пиримкул Кадыровдун эң биринчи 1950-жылы чыккан «Студенттер» жыйнагында жана кийинки «Жашагым келет», «Үмүт», «Жан ширин» ж.б. аңгемелеринде өзбек турмушун сүрөттөп, ал мурастар улуттук адабияттын көрөңгөлүү табылгаларынан болуп калды.*

*XX кылымдын 50–60-жылдарына барып аңгемечилик бийик тепкичке көтөрүлгөн учурда Саида Зуннунованын (1926–1977) «Жалгыздык», «Наристе жыты», «Ака» аңгемелеринде дүйнөнү жана адамдарды энелик сезим менен көрө билүү, көркөм-эстетикалык интерпретациялоо өзгөчөлүктөрү көрүнөт. Анын каармандарынын көпчүлүгү карапайым өзбек аялдары болгондугу менен да айырмаланат.*

*Өзбек аңгемесинин профессионалдык жактан жетилиши Улмас Умарбековдун (1934–1994) ысымы менен да байланышат. У.Умарбеков өзбек адабиятында гана эмес, жалпы Борбор Азия адабиятында абдан активдүү иштеген прозаик, драматург. 1958-жылы чыккан «Аңгемелер» жыйнагынан тартып эле анын чакан жанрдагы ийгиликтери берекелүү болду, «Кыяматтык карыз» деген аңгемесин пьесага айландырды. Бир топ аңгемелеринин негизинде кинофильмдер тартылды. Анын «Намыс», «Жылдыздар», «Абдулла коончу», «Бөрүбасар»,*

*«Гүл сатуучу кыз», «Жаз жамгыры», «Жолдо», «Күз абасы», «Кайтар дүйнө», «Айдын алтын орогу», «Алтын жалбырактар» ж.б. ондогон аңгемелеринде турмуштун көп түрдүүлүгү интеллектуалдук бийик деңгээлде, өзбек тилинин каймактары колдонулуу менен сүрөттөлөт. У.Умарбековдун колуңуздардагы жыйнакка кирген «Саресеп» аңгемеси каармандын өмүр жолун бир сыйра «ревизиялоо» ыкмасында жазылган. Аңгеменин башкы каарманы отставкадагы майор Низамиддин Назаров көрүстөндөгү аялынын мүрзөсүнө зыярат кылып келе жатып, жүрөгү кармап калат. «Чарчагансыз, – чайханачы ишеним менен сүйлөдү. – Кант менен ысык чай ичиңиз эле, өтүп кетет. Карыгандан кийин адам ушундай. Туруп өтү ооруйт, туруп буту ооруйт. Капа болбоң. Кечээ мен да өлүп каламынбы дедим эле, жүрөгүм мыжыгып. Мына, аттаймын. Жүрөгүңүзгө жакын албаңыз. – Чайханачы жылмайган болду. – Минтип эсеп китеп да кылып отурамын.*

*– Эсеп-китеп? – түшүнбөдү Низамиддин ака.*

*– Ооба. Кимде эмнем бар, кимге эмне беришим керек. Өлүмдү ойлогон адам тынч болушу зарыл. Кудайга шүгүр, бардыгы жайында экен...»*[1]

*Ошентип ал алтымыш беш жылдык өмүрүн бир баштан сыдыргыга салгандай эстеп өттү. Куду «Гүлсараттагы» Танабайдай, «Кылым карытар бир күндөгү» Эдигейдей жашап өткөн мезгили суу толкундарындай тизмек-тизмек болуп көз алдына келди. Ата кесиби деп ат араба айдады, институтту бүтүп, токуу комбинатына ишке кирди, анан үйлөндү, той күнү атасы каза болду, ошондон жаш жубайы Мастура «кара жолтой» болуп, өмүр бою жер карап жүрдү. Эң кубанычтуу күндөрү согушта Таня менен болгон бир жолугушуусу. Бирок кийин кайра жолукпай калды. Армандуу бир сүйүү болду. Акыры көп жылдар өтүп, Таняны издеп Минскиден ары Пуховичи деген кыштакка барды. Барды да Татьянанын эки жыл мур-*

---

[1] *Умарбеков У.* Сархисоб / китепте: Юлдузлар чараклаганда. Очерк ва хикоялар. «Шарк юлдузи» кутубхонаси. – Ташкент, Г.Гулом номидагы Адабиёт ва санъат нашриёти, 1978. – 123-б.

*да каза болгонун укту. Демек, анан тагдырында кезиккен, жылуу элес берген адамдар бир-бирден суюлуп, өзү да бул дүйнөгө «мейман» гана болуп калды. Ошентип Низамиддин аканин өмүр отчёту бир аңгемеде кыска жана кызыктуу берилет, бул болсо жазуучунун чеберчилигин тастыктайт.*

*Аңгеме жанрында баса отуруп, тынымсыз майнаптуу иштеген жазуучу Шүкүр Холмурзаев (1940–2005). Жазуучунун «От ээси», «Ай жарыгында», «Вагондо», «Турмуш түбөлүк», «Баар өттү», Кечээги күн – кечээ», «Бадам кышта гүлдөйт», «Булут тоскон Ай», «Аман мергендин өлүмү», «Айкел», «Бадачы» ж.б. аңгемелеринде конфликтсиздей эле көрүнгөн окуя-жагдайларды жазып, ошондон окурманга адамды, анын руханий-моралдык бейнесин ачып берет. «Кумар», «Устаз» аңгемелери формалык жактан автордун изденүүлөрү майнаптуу болгонун тастыктайт. Автордун бул жыйнакка нравалык темадагы «Ээсиз калган ээн үй» («Кимсасиз ховли», 1984) аңгемесинде тагдыр кошкон эки адам Умар ака менен Хасила эже өмүр бою соода тармагында иштеп, адамдардын акчасынан өөнөп отурат, алардын жашоосун ар дайым коркунуч коштоп жүрөт, дүнүйөкорлук деген илдет менен ооруп, элден чыгып калат. Өмүр-жашоосу пул, пул жана пул менен гана болуп, абийир, адамгерчилик дегендер сары чакага да арзыбайт. Акыры жалгыз уулу Үмөтжан аскерден келгенде аябай бекилген дарбазасынан кире албай, дубалдан ашып түшүп, Барбос деген итине таланып өлөт. Автор дүнүйөкорлуктун кесепетин, акча артынан түшүүнүн натыйжасын, элди алдап жашоонун акыбетин абдан таамай, так тартылган деталдар менен ачып берип отурат. «Аңгеме арамдыкка каршы айыпнаама» (И.Гафуров) катары Кыргызстандын өзбек мектептеринин өзбек адабияты программасында 11-класстарда окутууга киргизилип жүрөт[1]. Ш.Холмурзаев – өзбек мүнөзүн мыкты ачып берген аналитик жана ыйман проблемасын алдыга койгон этик сүрөткер.*

---

[1] *Махсумханов С., Турсунов Р., Йулдашева М.* Узбек адабиёти. 11-синфи учун дарслик-мажмуа. – Б.: 2014. – 185–195-бб.

*Бул жылдарда жанрда активдүү иштеген дагы бир автор Өткүр Хашимов (1941–2013). Ал прозада лирика менен романтиканы айкалыштырып жазган. Ага бул жыйнакка кирген «Махабат» жана «Ак булут, аппак булут» деген аңгемелери күбө. Адамдын ички дүйнөсүн аңтаруу анын «Согуштун соңку курманы», «Дыйкандын бир күнү», прозадагы публицистикалуулук «Өзбек иши», комикалуулук «Аксакал «генерал», «Бөтөлкө» ж.б. аңгемелерине мүнөздүү.*

*Адамдын ички психологиясын аңтаруу Мурат Мухаммад Дусттун «Чөл талааларда», турмуштагы жеке адамдын орду, өз ара мамилелери Ахмат Аззамдын «Ынсапсыз Муса», «Алмустактан калган Карим» аңгемелеринде чеберчилик менен ишке ашырылган.*

*Кызыктуу жазуучулардын бири Эркин Аззамдын «Жавоб» («Жооп») китебиндеги*[1] *аңгемелеринде («Анайынын жайдары алмасы», «Бак-Балалык Көкөлдөш», «Турмуш», «Суук», «Баар», «Жөө») гуманисттик пафосу күчтүүлүгү менен айырмаланат. Анын чыгармаларынын негизинде тартылган «Чантриморэ», «Пиёда», «Пакана», «Дилхирож», «Эркак», «Паризод» фильмдеринде да гуманисттик бийик идеяларды көрөбүз.*

*Хайриддин Султановдун «Бир кечтин жомогу» («Бир окшом эртаги») аңгемеси*[2] *(1979) да кары адамдын жаштык кездерин эске түшүрүү менен ретроспекциялык ыкмада жазылган. «Кары», «Кары ака» деген ылакап аты менен жалпы кыштакка таанымал өнөрпоз кишинин «Елпесе» деген чыгармасын бир кезде элдин баары кызыгып эшиткен болсо, эми анын нурсуз көздөрү сууп калган чилдирмандан өтөт, баары эскирет, картаят. Ч.Айтматовдун «Гүлсаратында» Танабайдын Гүлсары аты баса албай калгандай, азыркы техниканын заманында четке сүрүлүп калгандай, Кары акани да тойлорго чакырышпай, чакырса да азыркы жаштар баркын билбей, кайдагы бир ызылдак-чызылдактар менен кыйшалаңдашып,*

[1] *Аъзамов Э. Жавоб:* Киссалар ва хикоялар. – Ташкент, «Ёш гвардия», 1986. – 272 б.

[2] *Султанов Х.* Умр эса утмокда. Хикоялар. – Ташкент, «Ёш гвардия», 1988. – 190–199-бб.

*эң аягында бир нерсе айтып коюң эми деп тоотпой мамиле кылып калышкан. Илгери айылда жана кошуна айылдарда жалгыз ырчы болсо, азыр экинин бири өнөрпоз, экинин бири ырчы. Демек, ага муктаждык жок. Гүлсараттай турмуш аны четке сүрүп чыгарып койду. Ал ушунчалык бир карапайым киши: көз ордунда түксүз каштардын алдында жалтыраган эки көгүлтүр тегеректчелер; ийнинде кышын-жайын кара тринке кемзил-шым, бутунда иниси бир жылы аскерден кийип келген копол ботинке...» Ошого карабай айтканы – ыр, жүргөн жери – ыр, эрмеги – ыр. Кары өнөрпоз өткөн күндөрү менен, ошол учурларын эскерүү менен гана жашап калган. Ал эми жазуучунун бул китепке кирген «Бу дүйнөнүн сыры» аңгемеси – адамдардагы ыйык сезимдер, ошол сезимдерди таза сактоо тууралуу муңдуу да, кыйгылуу да, окурмандын боору ооруй турган да лирикалык-трагедиялык баян. Аялдын бактысын издөөсү, сүйүү сезимин купуя сактап, акыры такыр эле болбой калганда сыртка чыгарып алуусу 1978-жылы жазылган бул аңгемеде психологиялык кырдаалдардын эволюциясында ачылып берилет. Тоо боорунда жайгашкан санаторийлердин биринде жаңы гана турмуш жолун баштаган Кундуз аттуу «чилдеси чыкпаган» келин иштейт. Ал оорусунан айыгуу үчүн келгендерге китеп берип, кайра алып, иши кылып күнүмдүк жумушу менен алек. Ушинтип жашап жүрө берер беле, бир жолу китепканага жаш жигит баш багат. Анын аты Музаффар эле. Ч.Айтматовдун Жамийласы биринчи көргөндө Даниярдын атын да атабай, шылдыңдап мамиле кылгандай Кундуз да Музаффарды теңине албайт. Бир жолу аны сөзгө алмак болот. Музаффар болсо беттерин тырыштырып, узак эсинейт. Кундуз ага иренжип карайт, «кекирейген студент» деп шылдыңдайт, а түгүл «Эмне кеселиң бар» – деп сурап алып тилин тиштенет. Жигит болсо жай гана «Жер жүзүндө төрт миллиард адамга жеткен аба мага жетпейт», «Мен – астмамын», – дейт оор күрсүнүп[1]. Жамийла Даниярга кантип берилип кеткенин билбей*

[1] *Султанов Х.* Умр эса утмокда. Хикоялар. – Ташкент, «Ёш гвардия», 1988. – 200-б.

*калгандай Кундуз да күйөөсү менен мамилесин салыштырып отуруп, кандайдыр бир жылуулукту, а түгүл бара-бара сүйүүгө алып келүүчү назик бир сезимди Музаффардан табат. Айтматовдун каармандарына окшоп алар кол кармашып кетип калбайт, турмушту бузуудан корккон Музаффар өзү жалгыз кетет, сүйүү, берилүү, адамдык ышкы деген нерселер аңгемеде ушунчалык кылдат тартылат.*

*Ушул эле жазуучунун «Мынчалык ширинсиң, ачуу турмуш», «Кагаз гүлдөр», «Ё, Жамшит!» ж.б. аңгемелери өзбек новеллистикасынын эталондору деп айтууга негиз берүүчү идеялык-тематикалык, көркөмдүк-эстетикалык баалуулуктары бар чыгармалардан.*

*Дагы бир аңгемечи – Нурали Кабул. Ал Жизак облусунун Бахмал районунда туулган. Ал жердин турмуш-шарты кыргыздардын жашоосуна окшош келет, малчылык, жайлоо, адамдардын бири-бирине тоолуктарча мамилеси. Анын «Баар кайтып келбейт» повести Ш.Шүкүровдун котормосунда кыргыз тилинде жарыяланган. «Не опоздай жить», «Небо твоего детства» деген чыгармалары орус тилинде жарыяланып, жакшы баага арзыган. Автордун биздин котормодогу «Талаа жолу» деген аңгемеси жаш адамдын эсти оодарган биринчи махабатка кабылышы, сүйүүнүн деми жана кудурет-күчү тууралуу ыр сыяктуу лирикалык маанайда жазылган. Анын «Бүркүттөр чокуларда жашашат», «Кептерлер кайтпаган түн», «Кечээги күн», «Кайтуу», «Кечиккен турналар» аңгемелери өзбек адабиятында өз орду бар чыгармалар катары баасын алган.*

*Сүйүүдөгү аялдын психологиялык драмасы, эки оттун ортосундагы азабы Нурулло Отахоновдун «Ак тамдагы айдың кечтер» («Ок бино окшомлари») деген аңгемесинде лирика трегедия менен айкалыштырыла берилет. Эсимде, көлөмдүү аңгеме «Шарк юлдузи» журналынын 1987-жылдагы № 1 санына басылып чыгары менен эле окурмандар жана адабиятчылар тарабынан кызуу талкууга алынган. Ошол жылдагы аталган журналдын «Эң мыкты аңгемеси» сыйлыгын алган, автор ушул эле чыгармасын киносценарийге айландырган. Чы-*

*гарманын башкы каарманы Хафизанын үйлөрү эки кыштакка – Туюлунун чыга беришине жана Жалайырдын кире беришине жайгашкан сыяктуу эле, анын тагдыры да эки адам менен байланышып калат. Мектепте жаман окубаса да, чоң окууга барбай өзбектин жөнөкөй кыздары сыяктуу үй тиричилиги, чарба иштери менен калган ал кызга эки жуучу да бир убакта келет. Бири Шариф жактан, экинчиси Авазбек тараптан. Кыз биринчи жигитти тандайт жана макулдук берет. Шаарда окуган Шариф акаси менен Хафиза не бир сонун сүйүү кечтерин өткөрөт, ал окуудан келген күндү майрамга айлантат, ошентип балалуу да болушат, жашоо кызыгы андан бетер сүйкүмдүү боло берет. Күндөр ушул-ушул бойдон өтө берер беле, бир күнү Хафизанын тагдырында баягы жуучулар келгенде макул болбогон кулакбашы (суубашы, мурап) Авазбек пайда болот. Анын тагдырына, ага баш кошкон аялынын тагдырына боор ооруган Хафиза бара-бара ичи жылып отуруп, кандайча Авазбектин Ак тамдарына барып калганын, ал жердеги айдың кечтерди бирге өткөргөнүн сезбей да калат. Ошол эле кезде өз бүлөсүн ойлойт. «Эми ал Ак тамга барууну такыр токтотуп коюуну чечти. Ошондонбу, Авазбек тууралуу жаман ойлобоско, кала берсе аны бир аз-бир аз сагынып, ооба, ооба, сагынып эстөөгө аракет кылып жүрдү. Кечинде болсо буттары өзүнчө эле ошол Ак тамга тарта берди»[1]. Хафизанын эки оттун ортосунда калган аялдык сезимин автор шылдыңга албайт, күнөөлөбөйт, тескерисинче, анын ошол өзбек келиндери үчүн кылмыш катары саналуучу мотивдерин жактайт, каарман тарапта болот. Чыгыш аялдарына, чыгыш прозасына мүнөздүү болгон аялзатын «бузбоочулук» тенденциясын Н.Отаханов да аттап өтүп, орус жана батыш адабиятынын аялдар тууралуу классикалык образдарын улуттук адабияттарга алып келип, оппоненттеринин ачуу сөздөрүнө карабай сиңдирип ийүүгө жарады.*

[1] *Отаханов Н.* Ок бино окшамлари // Шарт юлдузи, 1987. - №1. – 88-б.

*Бул жыйнакка «Шамалды тутуп болбойт да» деген аңгемеси киргизилген Назар Эшенкул өзбек окурмандарынын текчесин «Бахоуддиндин ити», «Маймыл жетелеген адам» деген жакшы аңгемелери менен толтурган.*

*Окурмандардын руханий дүйнөсүн байытууда Олим Отахандын «Төртүнчү кабаттагы саргыч терезе» аңгемеси лироромантикалык сырдуулугу менен өзүнө тартса, Алишер Ибодиновдун «Күн да от», «Көл боюнда» аңгемелери философиялык, этикалык проблемаларды көтөрүп окурманды ойго салат. Бул багытта Шадыкул Хамраевдин «Сүрөттөгү аял», Шайым Ботоевдин тарыхый темадагы «Хисомиддин ал-Ёгий», Исажон Султандын «Турмуш», «Todd», «Кичине пушту өңдүү макулукча», «Ыраактагы уруштун кесепети», Абдукаюм Йулдошевдин «Пуанкаре», «Перим болса...» аңгемелери өзбек чакан прозасынын мактанычтары болуп калган.*

*Мавлон Икромдин «Бөрүгө аңчылык» («Бури ови») деген аңгемесинде автор карышкырлардын жашоосун, тиричилигин майда деталдар менен ачып берүүгө аракет кылат. Чыгармада жаратылышты коргоо тууралуу экологиялык проблемалар адамдын ыйман кризиси менен байланышат да, каармандардын жаныбарларга, тагыраагы, карышкырларга кылган мамилеси менен алардын адамдык сапаттары ачып берилет.*

*Качандыр бир кезде кызды сүйүп, бирок ошол сүйүүсүн жеткире албай, же экинчи тараптын бой көтөрүүсүнө кабылып, болбосо анын дале көңүлү бар экенин түшүнө албай калуу Ч.Айтматовдун «Кызыл алма» аңгемесинен (1964) уланып, Ө.Хашимовдун бул жыйнакка кирген «Ак булут, аппак булут» жана Мирзохид Мирзарахимовдун «Ак булуттар» («Ок булутлар») аңгемесинде андан ары дагы башкача кырдаал-шартта чагылдырылат. Соңку аңгеменин баш каарманы Санжар балалык сүйүүсүн ойготкон Анар турмушка чыгып кетип атканда «Көзүнө мөлт-мөлт жаш келди. Чалкасынан жатып, көгүлтүр асманда сүзүп жүргөн түрмөк-түрмөк аппак булуттарга карады. Ошол ак булуттарга бетин басып ыйлап-ыйлап алгысы, алар менен узак-узак жактарга учуп кеткеси келди.*

*Ак булуттардын кербени болсо улам-улам ыраактап, түсү да билинип-билинбей баратты...»*[1] *Эгер Ч.Айтматов сүйүүнүн, берилгендиктин символу катары кызыл алманы алса, аталган өзбек жазуучулары аппак булуттарды алат. Айтмакчы, М.Мирзарахимовдун аңгемеси Ризван Исмаилова тарабынын «Сагыныч» деген ат менен кыргыз тилине да которулган*[2]*.*

*Соңку эгемен жылдардагы өзбек жазуучуларынан эки автор адабий сында да, окурман чөйрөсүндө да кызыгууну жаратып келет. Алардын бири – Зулфия Куралбай кызы. Анын бул жыйнакка кирген «Аял» аңгемесин адамдык тазалык, жашоону, үй-бүлөнү сүйүү тууралуу энелик сөз деп айтууга болот. Жазуучунун «О, турмуш!», «Жайсыз жыл», «Жалгыздык курманы», «Күйгөн шаар», «Күн неге чыга берет?» ж.б. аңгемелери бүгүнкү өзбек прозасынын түркүн тагдырларды, түрдүү доордун түрдүү адамдарын чагылдырууда аял жазуучулардын мүмкүнчүлүктөрү чоң экендигин дагы бир ирет тастыктайт.*

*Философиялык жана метафоралык мааниси терең аңгемелердин автору Улугбек Хамдамдын бул жыйнакка «Гүл» деген аңгемесин киргиздик. Түш мотиви менен турмуш философиясын ачып берүү анын «Бир пиала суу» аңгемесинин да өзөктүү формасы болуп саналат. Анын формалык-стилдик изденүүлөрү «Көңүлүмдөгү дарыя», «Мусулман», «Сапар», «Сөз», «Таш», «Узактагы Дилнура», «Эстеликтер аралы» ж.б. аңгемелеринде ар тараптуу көрүнүп, традициялуу өзбек прозасын дүйнөлүк мистик, философиялык адабият менен синтездегенин көрүүгө болот. Мына ушул тенденцияны азыркы өзбек аңгемечилигине бир кыйла мүнөздүү көрүнүш деп айтууга болот, соңку учурдагы саясый-коомдук түзүлүштөгү эркиндик көркөм адабиятта да көрүнө башташы табигый көрүнүш.*

*Жыйынтыктап айтканда, биз которгон өткөн кылымдын 60-жылдарынан берки өзбек аңгемелеринде карапайым адамдардын улуттук мүнөзү, элеттик психология, кишилер-*

---

[1] М*ирзарахимов М.* Ок булутлар // Шарқ юлдузи. – 1990. - №8. – 70-б.

[2] *Мирзарахимов М.* Сагыныч. Которгон Р.Исмаилова//http://ruhesh.kg/2017/08/07/mirzohid-mirzarahimov-sagynych-konkurska

*дин баёолугу, ыймандык пакиза жүрүш-турушу турмуштук майда деталдарда, тилдин ширелүү сөздөрү менен ачылып берилет жана бул жагынан кыргыз окурмандарынын руханий-адептик, эстетикалык көрөңгөсүн байытууга салым кошот деп ойлойбуз.*

**Абдыкерим МУРАТОВ**
*педагогика илимдеринин доктору, профессор*

# АҢГЕМЕЛЕР



## Улмас УМАРБЕКОВ

*1934-жылы Ташкент шаарында туулган. 1956-жылы Ташкент университетинин филология факультетин бүтүргөн. «Ҳикоялар» (1958), «Хатингни кутаман», «Юрак сўзлари» (1960), «Бобоёнғоқ» (1961), «Юлдузлар», «Менга ишонмайсанми?» (1962), «Ҳаёт абадий» (1964), «Чарос» (1966), «Кўприк» (1968), «Болгар қўшиқлари», «Олтин япроқлар» (1972), «Қиёмат қарз» (1976, «Ер ёнганда» (1993) ж.б. аңгемелер топтомдору чыккан. Романдары: «Одам бўлиш қийин» (1970), «Фотима ва Зуҳра» (1994). Повесттери: «Севгилим – севгилим» (1963), «Кимнинг ташвиши йўқ» (1965), «Уруш фарзанди» (1972), «Ёз ёмғири» (1973), «Оқ қалдирғоч» (1974).*

*Ал таланттуу киносценарист, драматург катары да таанымал: «Оқар сувлар» (1971), «Туҳмат» (1987), «Оқсоқол» (1991), «Ўзинг учун ўл етим» (1992) ж.б. пьесалары жазылган.*

*Өзбекстандын эл жазуучусу (1992), Хамза атындагы Өзбекстандын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1980).*

*Өзбекстан мамлекеттик телерадио комитетинде редактор, Өзбекстан КП БКда сектор башчы, «Узбекфильм» киностудиясында директор, Өзбек ССРинин Кинематографисттер союзунда төрага, республиканын маданият министри, Жазуучулар союзунун башчысы, вице премьер-министр болуп иштеген.*

*1994-жылы Ташкент шаарында каза болгон.*

# САРЕСЕП

Отставкадагы майор Низамиддин ака Назаров аялынын көрүстөнүнө барып, зыярат кылып кайтып аткан. Бир убакта эле жүрөгү сайгылашып, дем алышы оорлошту, делдейген кулактарын басып турган эски тумагынын астынан муздак тер куду миңаяктай[1] эки чекесинен өрмөлөп куюла баштады. Жүрөгүнүн мыжыкканынан да Низамиддин акани ошол агып аткан муздак тер чочутту. Чөнтөгүнөн бет аарчысын алууга да чыдамы келбей, терин жеңи менен сыдырып таштады.

Негизи жүрөгүнүн сайгылаша калмайы төрт-беш жылдан бери жабышып жүрөт. А муздак тери жок эле, анысы эмнеден болду экен? Низамиддин ака тынчсызданып маңдайын сылады. Дагы чочуй түштү. Эмне кылса экен?

Эми көрүстөнгө келгенине да бушайман жеди. Бул мүрзөлөр соо адамды кесел кылат, жүрөктү ойнотуп, эсиңе миң кыл ойлорду алып келет деди ичинен. Ошон үчүн да аялынын жылдыгын өткөргөндөн берки беш жыл ичинде, бүгүнкүсүн кошпогондо – эки же үч жолу гана келген эле. Бүгүн деле келишти ойлогон эмес болчу. Таңга жакын түш көрдү. Иштен кайтып келсе, аялы короо шыпырып атыптыр. «Ооруп атып эмне турдуң?» – деп колундагы шыпыргыны алмакчы болгон эле, аялы бербеди: «Коюң, шыпыргы талашсак, урушуп калабыз», – деди.

Низамиддин ака бул кыска, үзүк түштөн улам көңүлү жамандыкка бурулуп, шарт эле ойгонуп кетти, кызы Вазира кетиши менен көрүстөнгө жол тартты.

Көрүстөндө алардын урпактарына ажыратылган жер этектеги коргончонун жанында эле. Бир апта мурун түн бою жааган кар күн табы бир аз оңолгонуна карабай али эрибептер,

---

[1] *Миңаяк* – буттары көп, майда жаныбар.

мүрзөлөр ак кар жамынып жатыптыр. Күнгө бет жердеги айрым бир мүрзөлөрдүн үстү бир аз-бир аз карарып турат.

Низамиддин ака коргончого келип, кимдин кабыры кайсыл жерде экенин эстеди. Энесинин жайы коргончонун ушундай эле алдында болчу. Андан кийин эле жанында атасыныкы, эки аталаш абаларыныкы. Аялы акасинин сол жагында эле. Низамиддин ака аны болжоосуз эле билет. Зайыбынын кабырына анын өлүмүнөн кийин жыл өтүшү менен көрүстөн жанындагы устаканадан чоң мармар таш буйрутуп, өзү койдуруп кеткен. Таш салабаттуу, саргыч эле. Бирок Низамиддин акага жакпаганы – фамилиянын астына оюп салынган гүл. Мунусу да мейли деңизчи. Сүрөтчү жигит анын «кооз болсун» деген өтүнүчүн өзүнчө түшүнүп, гүлдүн бир бутагына кичинекей бир канаттуунун сүрөтүн оюп кондуруп койгон эле. Ушул кичине канаттуу аялын эстегенде, көрүстөнгө келгенде көңүлүн айнытат. Бир жолу муну биротоло буздуруп таштап, жаңыдан эстелик таш койдурмакчы да болду, бирок Вазира макул таппады. Эмнегедир ага ушул гүл менен канаттуу жагып туруп алды, тамашасыбы, чыныбы, «менин кабырыма да куду ушундай сүрөттөрү тартылган таш койдурасыз» деген.

Кар жабышып, ун себилгендей жазууларды да, сүрөттөрдү да бекиткен таш алдында бир топ турду да, анан Низамиддин ака көчөгө жол алды. Жымжырт көрүстөн, аппак кар, маркумдар шаары... Айрыкча аялынын кабыры, эрте жаздын демин ала келип, мурунга урган жылуу жел эртеден бери көңүлүн чөгөрүп ийген кайгыны айдап жиберди, өзүн кандайдыр бир таза сейил бакта жүргөндөй сезди, араңжан оорулуу, бирок даттанууну билбеген, ошон үчүн дартын ичинде сактап өлүп кеткен аялы да, бүтүн айылда балбан деп таанылган сөөк-сааактуу атасы, өмүрү тыным билбей, иш менен өткөн апасы да, азилкеч, ачуулары мурундарынын учунда турган абалары да азыр тирүүдөй сезилип кетти. Аялынын өлүмүнөн кийин бирден бир азабы менен жүрөгүнө орношуп алган карылык аны тооруп алды. «Келип жакшы кылдым, элесинен өткөрдүм ал. Тез-тез келип турам эми».

Ушул ой, ушундай көтөрүңкү маанай көрүстөндүн тосмолору бийик, темир дарбазасына жеткенде да андан бөлүнбөдү.

Дарбазадан чыкты да, негедир жүрөгү дагы сайгылашты. Эгер муздак тер чыкпаганда буга да анчалык маани бербейт беле. Миңаяктай дене-боюн аралап, чекелеринен куюлган тер аны кабатыр кылды. «Бир жерде отуруп дем алуу керек» – деди өзүнө өзү.

Көрүстөндүн дарбазасынан жүз кадамча арыда, суу боюнда чайхана бар эле. Аялынын мүрзөсүнө таш койдурганы келгенде кирген болчу. Көрүстөн жанында болгону үчүнбү, чайхананын кандайдыр бир түшүнүп болбой турган бейпилдиги, агын таза суу, узун жыгач сөөрү жанындагы энине кучак жеткис, жарымы кургап катып калган, калган жарымы аптаптуу күндөрү бүтүн чайханага көлөкө берип, салкын кылып турган чоң мажрүм тал ошондо аны оор кайгысынан алаксыткан, көңүлүнө бир жылуулуктун үрөнүн сепкен. Низамиддин ака ушул чайханага барууга, болгондо да акырын-акырын, жүрөктү алдап-соолоп, бир-бирден кадам шилтеп барууга дит койду жана ушул оюн тапканга бир аз жеңилдей түштү.

Чайханада эч ким жок экен. Жапыз жыгач тосмолуу дубал жанына кар үйүлүп коюлган короо-жай бопбош. Сууга караган чети айнектелген төрт бурч айванда пахталуу чапан үстүнөн кыска ак халат кийип алган чайханачы чалдан башка эч ким көрүнбөйт.

Низамиддин ака айванга кирип, терезе түбүндөгү төшөктүн үстүнө көчүк басты. Тумагын алып, маңдайын, кулактарынын артын аарчыды. Аппак батис кол жоолук суу болуп калды. «Эмнеден мындай болуп калдым?» Ал дагы ойго чөмүлдү. Ушуну ойлоп атып чайханачы жаздык, тунуке падностко кант, нан жана чай алып келип койгонун да баамдабай калды. Кол аарчы менен бешенесин аарчыган сайын бети-башы улам муздап кетип аткандай сезиле берди. «Кантип эле ушул өлүмдүн кабары болсун!?» – Ал чочуп кетти. Илгери ушундай пикир оюна келсе, дароо башка нерсе менен өзүн алаксытууга аракет кылчу. Азыр болсо андай кылбады, тескерисинче, ушул капысынан келген ойлорго жетелетип, көздөрүн жумуп жиберди эле, чайханачынын доошу чыкты:

– Бир нерсе болуп атасызбы?

Низамиддин ака башын көтөрдү.

– Жок, бир аз тер басты...

– Чарчагансыз, – чайханачы ишеним менен сүйлөдү. – Кант менен ысык чай ичиңиз эле, өтүп кетет. Карыгандан кийин адам ушундай. Туруп өтү ооруйт, туруп буту ооруйт. Капа болбоң. Кечээ мен да өлүп каламынбы дедим эле, жүрөгүм мыжыгып. Мына, аттаймын. Жүрөгүңүзгө жакын албаңыз. – Чайханачы жылмайган болду. – Минтип эсеп-китеп да кылып отурамын.

– Эсеп-китеп? – түшүнбөдү Низамиддин ака.

– Ооба. Кимде эмнем бар, кимге эмне беришим керек. Өлүмдү ойлогон адам тынч болушу зарыл. Кудайга шүгүр, бардыгы жайында экен...

Низамиддин ака «менин да жүрөгүм сайгылашып атат», демек, чайханачынын акыркы кеби оюн башка жакка алып качты. «А менин иштерим кандай? Жайындабы?» – деди өзүнчө жана жүрөгүнүн сайгылышып атканы да, муздак тердин чыгып атканы да бул суроонун алдында эч нерсеге арзыбасын билди, бирок ушул күнгө чейин бул суроонун жообун ойлонбогонго, жалпы эле эмне үчүн адам бул тууралуу карып, өлүм эшик кагып келгенде гана баш катырууга мажбур болушуна кыжырданды. Мисалы, анын өзү мурдараак, күч-кайратка толуп, колу узун учурда бул тууралуу ойлонгондо, турмушу башкача болор беле? Дагы ким билет, балким, турмуш дегендин мыйзамы ушундайдыр? Адам өмүрүнүн акырында ушул суроого жооп издешет, басып өткөн жолуна назар салышында кандайдыр бир маани бардыр?

Низамиддин ака ушуларды ойлоп отуруп жүрөгүнүн кысылып атканын да унутту, миңаяктай жинин келтирип денесинен агып аткан тер да эсинен чыкты. Турмушу, алтымыш беш жыл ичинде башынан өткөндөрү суу толкундарындай кабат-кабат болуп биринин артынан бири көз алдынан өтө баштады...

...Ал көптүн бири катары өмүр кечти. Бирөөнү жөн жерден урушпады, өзү да жөн эле жерден бирөөдөн жеме укпады. Жаштыгы шаарда өткөн болсо да, акыл-эсин таанып, институтка киргенче уйлар менен музоолордун арасында эле чоңойду. Ата кесибин аркалап, ат араба да айдады. Албетте, таң атып-атпай таттуу уйкуну бузуп, малга чөп-жем алып келгени

кыштакка жөнөш, айрыкча, бала кезинде жанына батар эле, өпкөсү толуп, атасына билдирбей ыйлап-ыйлап да алчу. Бирок айла жок балдардын улуусу, барбаса болбойт. Ошон үчүнбү кийин чоң киши болгондо да айран-сүт дегендерди ичкиси келчү эмес. Институтка кирди да, музоодон да, уйдан да, чөп-жемден да, ат арабадан да кутулду. Анан калса шаарда мал багуунун өзү да кыйындап кетти.

Бир күнү окуудан кайтып келсе атасы менен апасы ички үйдө терезе пардаларын түшүрүп алып, акча санап отурушуптур. Ал дароо эле эмне болгонун түшүндү. Малканага жүгүрүп эле кирди. Жегенге тойбой, дайыма жинине тие турган пилдей таргыл уй да, малкананы башына көтөрүп, эч кимге тыным бербей ойсоктоп турган төрт айлык ала музоо да жок эле. Ушул малдан кутулуу бала күнүнөн берки тилеги болсо да, аңгыраган мал сарайды көрүп жаман болуп кетти. А түгүл үйгө кирип бекер кылыпсыздар деп да айтып ийди. Атасы Назар кербен унчукпады. Кечки оокат учурунда баарынын толук отурганын көрүп:

– Эми мал багуу да кыйын болот... – деди үнү буулуп.

Согуш жылдары майданда күйгөн буудайзарлардын, жүгөрүзарлардын ичинде, же токой четиндеги отзарларда ээсиз калган бир-эки уйду же музоолорду көрүп, Низамиддин ака бир кездеги балалыгы өткөн малканасын эстеп кетет эле, караңгы бөлмөдө акча санап отурган ата-энеси көз алдынан өтөт эле жана дилин кандайдыр бир жылуулук каптачу, таң эрте туруп, көздөрүндө атасы сезбеген жаш менен короодон араба айдап чыгуу, али терең уйкуда жаткан шаардын салкыны, ар бир чөп-кашеги тааныш боло турган мал бакчу кашат жерлер, кулпунай, бадыраң, жалбыз жытын аңкыткан кыштак, шүүдүрүм баскан аңыздардагы кыял чаргыткан кездери, жүрөктү эзип ийчүдөй тарс-тарс эткен үндөр – эми аны кайгыга салат, балалыгы жалпысынан жакшы өткөндүгү, көздөрүнөн жаш сызылып аккан кездерди эми бир дарыя көз жашы менен да кайра кайрып болбосун капа тартып эстейт эле.

Институтту бүтүргөн жылы токуу комбинатына жумушка кирди жана ушул жылы үйлөндү. Үйлөнүү тою ага кубаныч алып келген жок. Дал ошол той күнү атасы каза болуп кал-

ды. Сыртта – короодо оюн-күлкү, шаан-шөкөт, идиш-аяктын такыр-тукуру, ичкериде – өлүм, аза... Муну той таркап келин менен келинханага[1] киргенде билди. Чоң абасы айтты. Той бузулуп кетпесин деп айтпай отурушкан экен. Назар кербен болсо бир аз демим кыстыгып атат деп керебетке кыңкайган экен. Суюк тамак тартылып атканда оокат алып киришсе, өлүп жатыптыр.

Ушул себеп болдубу, Низамиддин ака жаңы алган зайыбын дароо жактырбай калды. Капа кылган деле жок, жаман да айтпады, ошол эле кезде эри катары бир жолу да эркелетпеди. Мастура эже аялдык ылаазатты да билбей, бул жашоого бөлөк бирөөдөй келип, бөлөк бирөөдөй кетти. Низамиддин ака өзү көмдү. Аялынын элүү бирде жаш өлгөнүнө кейисе да ыйлабады, тагыраагы, көзүнө жаш келбеди. Алар үч перзент көрдү. Туңгуч уулу Бахриддин Бек-Абадда инженер, кийинкиси – Бадриддин Алмалыкта заводдун директору. Экөө тең үй-жай куруп, өздөрү менен өздөрү болуп кеткен. Кыздары – Вазира булардын ичинде ооматсыз чыкты. ТашМИде окуп жүрүп турмушка чыкты. Окуусун бүтпөй эле күйөөсүн ээрчип чет элге кетти. Жыл өтпөй коколой башын сүйрөп кайра келди. Ошондон бери атасы менен чогуу. Низамиддин ака эри менен неге ажырашып кеткенин билбейт. Вазира да жарылып айтпайт. Өзү сүйүп-күйүп тийген. Ошон үчүн да дарты ичинде. Күйөөсү тууралуу сөз боло калса, көздөрү чанагынан чыгып кете тургандай каарланат. Низамиддин ака кызына көп деле кайгырбайт. Али жаш, кыздын бактысы бирде болбосо бирде ачылат деп койчу. Вазира үйгө кайтып келген жылы, Низамиддин ака апасынан ажырады. Күйөөсүнөн кийин да отуз жыл жашап, турмуш курбай өткөн апасы ал үчүн мээр жана садакат булагы эле. Эч кимдин өлүмү Низамиддин аканин белин мынчалык майтарып кетпеген. Узак убак ал өзүнө келе албай жүрдү, үйдөгү ар бир бөлмөдөн, ар бир буюмдан апасынын майин, мээримдүү үнү угулуп турду. Кызынын бар экендиги, апасынын жашы улгайып калгандыгы гана аны бир аз жубантар эле.

[1] Нике түнү көшөгө тартылып, келин менен күйөө баланы жолуктурчу бөлмө.

Жакын кишилеринин өлүмүн, жалгыздыгын эске албаганда Низамиддин аканин үй-бүлөлүк иштери, чайханачы айткандай, өз жолу менен жайында эле. Аны кээде ичтен түпөйүл кылган нерсе – зайыбына мамилеси. Атасынын бейубак өлүм табышына анын таптакыр тиешеси жок экенин ичинен билет эле болчу. Анын айыбы ушул – кайын атасы өлгөн күнү эшик аттап бул үйгө келин болуп келгендиги жана Низамиддин ака аны сезбегендей, өмүр бою кечирбегендей болуп жүрүшү. Эгер сүйүп-күйүп махабат деп үйлөнгөндө, балким, турмуштары башка нук менен кетер беле, анысын эми ким билет?..

Бир күнү иштен кайтып келгенде көрпө каптап отурган апасынын жанында бир кыз да бар экен. Кыз буттарын бир тарапка жыйнаштырып, тизелерин жаап турган атлас көйнөгүн тартып-тартып, башын жерден көтөрбөй бир нерселерди айтып аткан экен. Низамиддин ака салам берип, өз бөлмөсүнө өтүп кетти. Чечинип чыкса, кыз жок экен. Ал кыздын кимдигине кызыккан деле жок. Апасы өзү сурап калды:

– Мастура кандай экен? Жактыбы?

– Кайсыл Мастура? – Низамиддин ака түшүнбөдү.

– Баягы кыз да, Абыт тагаңдын кенжеси. Көптөн бери көрө элек болчумун, гүлгө окшоп ачылып кетиптир.

Низамиддин ака желкесин кысты. Ошол желке кысышы менен маселени чечип койду.

Ошол жылы той болду. Тойго чейин ал эч нерсени ойлобой эле жүрдү.

Тойдун эртеси, атасын жайга коюп келген соң, короону баштарына көтөрүп ыйлап аткан апасына, карындашына, тууган-уруктарына аралаша албай, көйнөгүнө окшогон капкара бешенесине байлаган чүпүрөктүн бир учун тиштеп эмне кылууну билбей бир четте сенек болуп турган аялын көрдү да, ага үйлөнгөнгө ушунчалык наарazы болуп кетти...

Жылдар өттү, бирок бул наараzылык таркабады, кенедей жабышты да, калды. Бирок бир жолу Низамиддин ака аялына карата мээрими түшкөнүн билет эле. Согуш бүтүп, ошондо үйгө кайтып келген. Айлуу түн эле. Төбөгө келген толгон Ай ааламдын баарын жарытып турган. Мастура эже асманга карап тынч уктап аткан. Анын дем алып атканы да билинбейт.

Жаздык менен бир болуп жаткан капкара чачтары Ай шоолаларында сүлүктөй ары-бери термелет. Мойнуна чейин тартылган жука шейшеп ичинде назик, сулуу денеси, колдору таптак байкалып турат. Низамиддин ака эрксизден тигилип калды, бооруна баскысы, узун, коюу каштарынан, кичине кулактары аралаш бети-башынан, көздөрүнөн сүйгүсү келип, жанбашына оодарылганда зайыбы ойгонуп кетти.

– Эмне кылып атасыз? – деп сурады кабатырланып.

– Сага карап атам.

– Жаманмынбы?

Низамиддин ака башын кыймылдатты:

– Жакшысың... Чырайлуусуң...

Аялы оорулуу адамдай зорго жылмайды, көздөрүнөн жаш жалтырап ыргып кетти...

Бул окуя экөөнү бир аз жакындаткандай болду, бирок баары бир Низамиддин аканин дилинен ички бир муздактык такыр жоголбой туруп алды. Жалгыз калып гана, ага кейиди. Абал үйлөнбөш керек эле, үйлөндүңбү – ага жакшы кароо зарыл.

Муну ал эми карыганда түшүндү. Андагы аялга карата болгон сууктук, тагыраагы, барктабоочулук, кайдыгерлик башка аялзатына да таркалды. Ошон үчүн ал аялына кыянаттык кылган жок.

Бирок бир жолу... Бир аялга карата көңүлүндө жылуулук пайда болгон. Муну да ал эми карыганда, өткөн күндөрүн бир-бирден көз алдынан өткөрө баштаганда араң билди...

...Пуховичи деген жерде анын ротасы душманды кууп бара жатып, Горинь дарыясынын жээгинде токтоп калды. Гитлерчилер көпүрөнү бузуп кетишиптир. Низамиддин ака ушул талкаланган көпүрөнү, анын жанындагы кагаз жабыштырылган терезелери дарыяга караган балаканалуу жыгач үйдү бүтүн ошол-ошол туруш-турпаты менен эстеди. Үй суу жууп кеткен жээктен беш-алты кадам гана нарыда болуп, андан жылан изиндей жалгыз аяк жол дарыяга созулуп түшчү. Заң баскан эски там, анын төбөсүндө чириген, жем чокулапаткандай, тумшугу тамга тийип турган тунуке короз, анын көчө жагында кыркып ташталганданбы, же көпүрө жарылганда үзүлгөндөнбү, жерге тиер-тийбес болуп салаңдап турган электр зымы,

тепкичтүү астана жанында ным тартып жаткан шаты араба куду азыр көрүп тургандай көз алдынан бир сыйра тартылып өттү.

Жаңы көпүрө сала коюу тууралуу ротага буйрук берүүгө камынып турганда үй тараптан аял кишинин доошу угулду. Низамиддин ака карай салды. Астана алдында бала көтөргөн бир аял туруптур. Кырга жакындап барып анын сөздөрүн укту. Дарыя анчалык терең эмес, үйдүн тушунан салсаңар өтүп кетесиңер, – деди аял.

Низамиддин ака ал көрсөткөн жерден дарыяга түшүп, аркы жээкке өттү. Суу белинен келди. Танктар өтө бериши мүмкүн экен. Бирок бир коркунуч бар эле. Дарыядан өтүп, көтөрүлгөндө танкалар үйгө тийип, аны бузуп кетиши мүмкүн болчу. Жыгач үйдүн бир жери бузулса, бүттү – баары бузулат. Низамиддин ака башын катырды. Анын оюн сезип аткандай:

Ойлонбоң, үй бузулса, бузулар, – деди аял. – Мен... – анын жука эриндери калтырап кетти, – ыраазымын...

Низамиддин ака ага ырахмат айткандай карады да, дарыя тарапка чуркап кетти. Суудан өтө берүүгө буйрук берип, кайра жанагы аялдын жанына тез кайтып келди

Аялдын эмнегедир... узун, кызыл ашыгына түшүп турган ыраңы өчкөн көйнөгүбү, апасыныкы сыяктуу көкмөк көздөрүн жалдыратып, сүрөөн-шоокум менен дарыядан өтүп жаткан танкалар менен солдаттарга чоңдордой дыкат кыла карап, ортоңку бармагын соруп турган арык баласыбы, айтор, бир нерсе жагып, согуштан чарчаган жоокерге мүнөткө болсо да тынчтык үзүрүн багыштап турган эле...

Ал ойлогондой эле биринчи танка үйдүн бир бурчун сыдырып кетти. Бирок үй бышык экен, бир кыймылдады да, анан ордунан козголбоду. Башка машиналар да эми этияттык менен ушул жерден өтө баштады.

– Күйөөм курган, – деди өзүн бир аз токтотуп алып аял.

– Ал каерде? – Низамиддин ака эч нерсе ойлобой сурады.

– Каза болгон... Өткөн жылы... – Аял үнүн араң чыгарып ушинтти да кайгысын жутуп, баласын бооруна дагы бекемирээк кысты.

Низамиддин ака өзүн ыңгайсыз сезип, не кыларын билбей, баланын башына колун тийгизди.

– Как тебя зовут, малыш?

Бала башын алып качып, апасынын желкесине жабышты.

– Ваня... Иван... – деди аял күлүмсүрөп муңайым.

– Менин да уулум бар...

– Чоңбу? – деп сурады аял.

Төрт жашка чыгып калды. Бирок мен али көрө элекмин. Мени тааныбаса да керек...

– Таанийт... Аман болсоңуз болду...

Экөө тең жым болду.

Рота бүт суудан өтүп болгондо Низамиддин ака аялга колун узатты.

– Ырахмат. Чоң жардам кылдыңыз...

Аял тунук көгүлтүр көздөрүн ага тигилтти, бирок сөз кайтарбады.

Низамиддин ака анын азгын колун кысып атканда жүрөгүндагы бир жылуулук тепчип өттү. Ички сезимдерин ыраазылыктан башка да бир белгисиз жакшылык каптап алгандай болду жана эмне дешин билбей болгону бир аз гана ууртунан жылмайып койду. Ушул туруш, ушул абал бир топко созулуп кеткен окшойт, бир убакта аял колун тартып алып:

– Күтүп калышты... – деди.

Анын назик, жагымдуу үнү Низамиддин акани селт эттирип, өзүнө келтирди.

– Атыңыз ким?

– Таня... – деди да аял уурдангандай ыйбаа кыла ага карап койду.

– Таня, үйүңүздү оңдоп беребиз. – Низамиддин ака баланын маңдайынан өптү. – Албетте, оңдоп беребиз!

Аял башын кыймылдаткандай болду.

Минск шаары бошотулган соң, Низамиддин акалар полку менен резервге өттү. Бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай Низамиддин ака эки жоокерине Пуховичиге чейин барып келүүгө уруксат алды. Алар бир жуманын ичинде үйдү оңдоп, кайра кайтышы керек эле. Ротада элүүлөргө барып калган чымкенттик Шекен Аманкулов деген солдат бар эле. Низамиддин ака-

нин аскердик ишке катышуудан жашы өтүп калган бул кишиге боору ачып жүрөт эле. Аны дайым бир чети урмат кылып, бир чети азилдешип «Аксакал» деп койчу. Аксакалдын беш перзенти болуп, баары кыз экен.

– Мени немис аз жерге салсаңчы, – дечү аксакал да Низамиддин акани өзүнө жакын тутуп. – Кокус өлүп-нетип кетсем, беш кызым кандай күндө калат?

Низамиддин ака Пуховичиге ушул аксакал менен сибирлик бир балбан жигитти жөнөттү. Аялга деп жарым кап азык-оокат да атап берди. Бирок аларды кийин кайра көрүш насип кылбады. Брест шаарына жакын жерде Низамиддин ака санынан жаракат алып, Минскиге жөнөтүлдү. Ал жерден үйгө кайтарды. Бирок аны аскер кызматынан бошотушкан жок. Облустук аскер комиссарлыгында иштеди. Ушул жерден отставкага чыкты.

Низамиддин ака дарыя боюндагы ошол окуяны эстегенде көз алдына Пуховичке жиберген эки солдат келди. Алар үйдү оңдоп беришти бекен? Ал ушундай ойлоду, турмушундагы эң бир маанилүү иши ушул экенин да түшүндү. Аксакал да, сибирлик жигит да ишеничтүү адамдар эле. Анан калса алар солдат эле. Буйрукту аткарбоого чаралары жок. Бирок эми согушта эмнелер гана болбойт? Ушул ой бүт денесин бошоттуруп жиберди. Кийин элесинен аял кайра өттү. Таня... Татьяна... өзү тирүү бекен? Тирүү болсо, азыр кандай экен? Низамиддин ака канчалык аракет кылбасын, аны – ошондогу али отуздарга да жете элек, алтын чач, көгүлтүр көз аялды башкача түк элестете албайт. Мындай кылуунун зарылдыгы деле жок эми. Ал үчүн азыр эң башкысы күнөөсү өтө кечигип эске түшкөн карызынан кутулуш, үйү бузулган азыркы кемпирди жана анын чоң киши болуп калган уулун бактылуу абалда көрүү эле...

...Ал ушундай чечимге келди. Алдында турган тунуке табакка чөнтөгүндөгү болгон тыйындарын таштап, чайханадан чыкты...

Эртеси эртелеп аэропортко жол алды. Кечинде Минскиге конду. Канча ашыкпасын, Пуховичке караңгыда кирип барууга буту тартпады. Көңүлү тынчыбай туруп алды. Анан мейманканада да жата албай көчөгө чыкты.

Согуштун запкысынан Минск толук кутулган экен. Телевизордон уруштан бүлүнгөн Минскинин жаңыланышы боюнча көп эле көргөн болсо да, көз алдында пайда болгон бийик имараттар, кең, кооз көчөлөр, каркыралардай тизилип өтүп аткан машиналар аны кубандырды. Жаңы Минск мынчалык деп ойлогон эмес эле...

Эрте таңда такси жалдап Пуховичке жөнөдү. Түшкө жакын айдоочу келдик дегенде ойлорун жыйнап алды. Бирок ал түшкөн жер эски Пуховичи эмес, бүтүндөй өзгөргөн, чоң шаар болуп чыкты. Бул шаардын Пухович экенин жол боюндагы токойдон жана калааны так ортодон кесип өткөн дарыядан гана билди. Дарыянын аты Горинь эле.

Низамиддин ака шаарга кирбей, машинаны чоң жолдо калтырып, токой тарапка басты. Көпүрө ушул токойдун аягында эле. Токой өзгөрбөптүр. Дарактар гана чоңоюп кетиптир. Муну ал кайыңдардан билди. Ошондо алар чыбыктай ичке, желге ийилип турган көчөттөр эле...

Токойдон чыкканда бир араба бата турган тар жыгач көпүрө көрүндү. Алар душманды кууп келген негизги жол ушул жерден өтөт эле. Эми болсо араба жолу болуп калыптыр. Низамиддин ака көпүрөгө келгенде жүрөгүнүн согуусу тездеп кетти. Дарыянын ары жагында эч кандай үй жок болуп чыкты. Анын ордуна жаш кайыңдар тигилиптир. Ал көргөн көздөрүнө ишенбей, көпүрөдөн өттү. Чын эле үй жок болчу. Оюна миң түрдүү пикир келди. Адегенде солдаттарды ошондо келишкен эмес экен да деп ойлоду. Бирок буга ишенбеди. Кийин Таня токойдун ары жагындагы жаңыдан салынып жаткан көп үйлөрдүн бирине көчүп баргандыр деп болжолдоду. Андай болсо кана эми? Ал ушундай ойлоду да, ушунча жыл ичинде бир жолу да кат жазбаганына өкүндү. Бирок Таня деген ысымынан башка эч нерсесин билбегенин эстеп, өзүн жемелеп да алды. Неге ошондо фамилиясын, адресин жазып албады экен? Неге аксакалга кат жазбады? Акыр анын фамилиясын билет эле го?!

Ушундай ойлор менен алышып ал көпүрөнүн үстүндө бир топ селейип турду. Алыстан ат араба келе жатат. Низамиддин ака ошону күтүп калды. Араба көпүрөгө жакындаганда, үстүн-

дө өзү теңдүү мойсопут бирөө буттарын асылтып отурганын көрдү.

– Кечиресиз, ушул жердиксизби?

Мойсопут атынын тизгинин тартты:

– Эмне болду?

– Мына бул жерде жыгач үй бар эле...

Арабакеч аны андан ары сүйлөтө койбоду.

Билбегендечи, Гилевичтер турар эле. Өткөн жылы үйүн бузуп ташташты. Ким керек эле?

– Таня. – Низамиддин ака секин коркуп сурады.

– Э, Татьянабы? Өлдү ал. Эки жыл болду.

Низамиддин ака бошоп кетти.

Тирүү кезинде эл ушунча суранды, жаңы үйгө көчүп өт деп. Болбоду. – Ал сөзүн улады. – Маркум жакшы аял эле. Ушул жерден сөөгүм чыгат деп туруп алды. Айткандай ушул жерде жан берди.

– Уулучу? Уулу бар эмес беле? – Низамиддин ака шаша сурады.

– Бар азыр деле. Иван Фёдорович, – деди мойсопут. – Аскердик тарбия мугалими. Үйлөнгөн. Кызы бар, аты – Таня. Ар жылы күздө бир маал келип-кетип турушат.

– Мүрзөсүн билбейсизби?

– Неге билбейм? Билем! Тигил кайыңзардын этегинде! – Мойсопут дарыянын оң жээгиндеги кичи токойчону көрсөттү. – Кызык аял эле. Биздин көрүстөн бул жакта калып, эки солдат көмүлгөн жерге көмөсүңөр деп осуят кылган экен. Ошол айткан жерге көмдүк.

– Эки солдат? – таң кала сурады Низамиддин ака.

– Ооба, үйүн оңдоп берген эки солдат.

– Алар өлгөнбү?

– Каза болушкан. Ажайып жигиттер эле. Үйдү оңдоп бүтүп кетип жатканда минага жарылышкан. Экөө тең ошол жерде жан берген. Татьяна аларды өзү көмгөн. Тээтетигил, кабырлары ушул жерден да көрүнүп турат. Мына эми өзү да алардын жанында жатат. Сиз ким болосуз?

– Мен да... мен да ушул жерде согушкам. – Низамиддин ака үнү буулуп, араң сүйлөп тигил киши көрсөткөн тарапка жол алды.

Жакында гана бой көтөргөн, анча чоң эмес кайыңдар өскөн талаанын этегинде үч мүрзө катар туруптур. Четте аксакал – Шекен Аманкуловдун кабыры, ортодо – сибирлик балбан Иван Стародул, анын жанында Таня... Татьяна Гилевич... Үчөөнүн тең мүрзөлөрүнүн үстүндө кызыл түскө боёлгон темир жылдыз. Низамиддин ака кабырлар жанында узак турду. Азилкеч аксакалды көз алдына келтирди, сибирдик балбан жигитти... Аларга боору ооруду, көңүлү ушунчалык чөктү. Берген убадаларынын өтөөсүнөн чыккан экен, аны жалганчы кылып койгон эмес экен, азаматтар. Кийин Таняны көз алдына келтирди. Ал үйүнүн алдында баласын көтөрүп мээр менен, үмүт менен дагы деле ага тигилип карап тургандай...

Белоруссияда ал беш-алты күнгө калып кетти. Брестте болду, Минскиде. Уруш кезинде өткөн жолдорун бир башынан эстеди. Согуштун бардык азаптары, совет кишилеринин эрдиктери чагылдырылган Хатынь шаарында болду. Каерге барбасын, бардык жерде Таньянын баягы көздөрү элесинен кетпей туруп алды. Бул көздөрдү ал эми таптакыр унутпас эле... Жашоосунун эң соңку ирмемдерине чейин эми солдаттык жана адамгерчилик милдетин абийир менен аткарып келген майдандаш жолдоштору – аксакалды, сибирдик балбан жигитти эстетип турат эле...

Ил-18 самолёту кырманга жайылган пахтадай булуттардын үстүнөн Ташкентти көздөй учуп барат, Низамиддин аканин көкүрөгү өксүккө жана кандайдыр бир канааттанууга толуп турат. Ушул өксүк жана канааттануу менен ал алыс сапар алдынан дилин ооруткан нерсени да, сейрек чачтарынын арасынан миңаяктай өрмөлөгөн муздак терди да унутуп калды...



## Шүкүр ХОЛМИРЗАЕВ

*1940-жылы Сурхан-Дарыя облусунун Бойсун районунда туулган. 1963-жылы Ташкент мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүргөн. Алгачкы очерктери жана аңгемелери 1958-жылдан жарыялана баштаган. «Ок отли» (1962), «Тулкинлар» (1963) деген повесттеринен кийинки «Ун саккизга кирмаган ким бар?» (1965) повести анын атын окурмандарга жана адабий сынга кеңири таанытты. Жазуучунун өзбек аңгеме жанрын өнүктүрүүдө чоң салымы бар.*

*Хамза атындагы республиканын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1989), Өзбекстан эл жазуучусу (1991).*

*Жазуучу жана драматург 2005-жылы каза болгон. Анын биз которуп, кыргыз окурмандарына сунуш кылып жаткан аңгемеси Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин өзбек адабияты программасына киргизилип, 11-класстарда окутулуп жатат.*

# ЭЭСИЗ КАЛГАН ЭЭН ҮЙ

– Ай барып, аман кел, балам. Сенден башка сүйөнөр-таянарым жок. – Умар ака уулу Үмөттүн көкүрөгүнө бешенесин кайра-кайра коюп ыйлайт, Хосила эже болсо баласынын далыларын таптап-таптап коёт.

– Апа! Ата! Акыры мен согушка кетип аткан жокмун го, келемин да! – Үмөт ата-энесине жини келгендей, ошол эле кезде ичин бир кубаныч уялап тургандай сүйлөйт.

– О, балам, менин!..

– Тез-тез кат жазып турсаң!

Машиналарга чыгууга буйрук берилди. Ата-эненин баласына айтар сөздөрү аягына чыкпай, ооздорунда кала берди. Үмөт алардын кучагынан бошонуп, машинанын кузовуна чыкты. Аскерге кетип жаткан балдар машинадан бая эле орун алып отуруп калыптыр. Машина да Үмөттүн чыгышын эле күтүп аткандай, ал отурары менен ордунан козголду.

Умар ака менен Хосила эже да башка узатуучу ата-энелер сыяктуу эле артка кайтышты. Умар ака жедеп эскилиги жеткен «Волга» машинасына келип отурду. Анан анын артынан Хосила эже келип өз ордуна жайгашары менен Умар ака колдору билинер-билинбес калтырак басканына карабай машинасын айдап жөнөдү.

Бу күнү алар жумушка чыкпады. Үмөтжан аскерге кетпегенде, булар сөзсүз дүкөндөрүнө ишке барышмак. Экөө дем алыш эмне экенин да билишпейт эле, иш үстүнө иштеп жүрө беришет, себеби алар жумуштарын сүйүшөт. Антпегендечи, дүкөн артындагы кампада канча буюм-тайым бар эмеспи. Ал кампанын кароолдугун аткарып аткан Барбоско да ишенип

болбойт. Ушу заманда бир итти бир нерсе берип тынчытып коюш кыйынбы.

Кадамбек кароолчу пиянкеч болсо да, сергек, бирок баары бир... ичкен кишиге ишенип болор беле?!

Кыскасы, бүгүн Умар ака менен Хосила эженин эчен жыл бою иштеген ишинен биринчи жолу дем алышка чыккан күнү эле. Үмөтжандын кетиши керек болуп калды да... Болбосо...

Алар короого жетишти. Хосила эже темир дарбазаны ачып кирди. Анан ичкериден өтүп, гаражды ачты. Умар ака машинаны гаражга киргизип койду. Короодогу бышып турган бир түп курма дарагынын түбүндөгү эски таар креслого отуруп, башын жерге салды.

Хосила эже гараждын эшигин жаап келип, күйөөсүнүн маңдайындагы креслого отуруп ары жакта Үмөтжан менен Кадамбек жасаган жыгач итканада буларга карап созулуп жатып алган Жекке көзү түштү да:

– Ой, бой! – деп башын чайкады. – Сиз да, өзүңүз да! – деди күйөөсүнө. – Балаңызды алып калсаңыз болот эле го...

– Э, алжыба, – деди Умар ака жинденип. – Али да акылыңа кирбедиң а, кирбедиң! Райком катчысынын уулу кетип атканда, сага оюнбу?..

– Ох! – Хосила эже креслонун сүйөнгүчүн бир муштады. – Неге мени акылыңа кирбедиң дейсиз? А акыры өзүңүз ойлоп көрүң...

– Оф! Дагы ошол сөз... Э, мен өлөйүн!.. – Умар ака ордунан шарт туруп кетти.

– Сиздин да тапканыңыз эле ушул...

– Болду-болду да! Азыр ушул сөздөрдү айтуунун убагыбы? – Хосила эже унчукпай калды. Көзү дагы бир жолу Жекке түштү.

– Мунун жатышын караң! Вой!..

Умар ака итке тигиле карады. Анын жанына барып чөгөлөп отурду. Башын сылады. Ит болсо тумшугун жерге созуп, көздөрүн кыялдуу жумду.

– Ушу да капа ээ! – деди Умар ака.

– Капа болот да! Ээси кетти!

– Буга бир нерсе бериш керек. Түйшүк менен жүрүп итти да ачка калтырдык.

– Э-э... Өзүңүз бериң!

– Умар ака ордунан козголду:

– Андай дебе, кемпир. Заман тынч.

Хосила эже дагы ыйлай баштады:

– Баары бир да... баары бир...

Умар ака боюн бийик көтөрүп, темир менен тосмолонгон терезелердин астынан өтүп эшик тарапка кетти. Кетип атып акыр-чикир салынуучу чаканын ичинде тике туруп калган шыпыргыны алып, акырын жаткырып койду. Убаланган чет-тери чапталып жамаачыланган цемент тепкичтен көтөрүлүп, жамгыр суусунан боёктору оңуп кеткен эшикти кош ачкычтап ачып кирди.

Далисте өзүн кыйла бакубат сезди. Ал жердеги лампоч-калар күйгөн бойдон калган экен. Жан дубалдардын коло ыраңда боёлушу, япон ажыдаарынын оозун ачып турган сүрөтү тартылган төрдөгү эшикке тагылып турган коңгуроо-луу пардалары, полдогу чоктой килеми көңүлүн бир аз жу-баткандай болду.

Кийин ал эмнеге киргенин эстегендей, шашып туфли-йин чечти да, дубалга орнотулган кызыл телефон аппаратын көтөрүп, анын астынан бир жуп ачкычты алды. Төрдөгү эшик-ке жакын сол жактагы эшикти ачты.

Бир аздан соң ал кат төшөктө четтери дал келтирилип бүктөлгөн жашыл, катыраган жалтырак элүү сомдуктардын[1] бир тобун бетине сүртүп, көзүнө жаш алып отурду.

Бир нерселерди такыр-тукур кылып түшүрүп-тепкилеп Хосила эже кирип келди.

– Отурупсуз.

Умар ака баш ийкемиш болду. Хосила эже күйөөсүнүн ко-лундагы жашыл акчаларды көрүп, алтын тиштерин шимип ойлонду.

---

[1] *Сом* – СССР кезиндеги акча бирдиги болгон рублдин өзбекче, кыргызча которулуп берилиши.

– Ушул пул түзүк, – деди. – Ондуктар жарабайт экен. Өткөн түнү сандыкты ачсам, ичинде мите жүрөт. Ким билет, али...

Умар ака аялына алая тигилди.

– Чынбы? – деди аста таң кала.

– Көрүң өзүңүз!!

– Уф-ф...

Акчаларда майда-майда кыбыраган бир нерселер жүрөт, алар биротоло жайланып алгандай эле. Умар ака сандыкка ийилип карап, аялына тигиле: «Бар!» – деди. Хосила эже сыртка чыкты. Чаң баскан асманга, темир дарбазага туташ дубалга кошула өскөн талдын сапсары жалбырактарына көзүн тигилтип, анан бутундагы тапичкесин илип-илбей далиске кирип, үйдөгү күйөөсү отурган бөлмөгө баш бакты да:

– Эч ким жок, – деди. – Бирок ушул талды кесиш керек. Көчөдөн бир секирсе талга кишинин колу жеткидей...

Умар аканин кулагына сөз кирбейт эле: ал жумшак тумбада – буттарынын арасында үйүлгөн десте-десте пулдарга термелип отурган эле.

– Ушулар бир карасаң, жөн эле бир кагаз да. Ширеңке чаксаң, күйүп кетет, – деди болгону.

– Алжыбаң! Алжып калыпсыз!

– Э, катын! – Умар ака колдорун тизеси менен тиреди. – Айтмакчы...

– Эмне, «айтмакчы?»

– Бир нерсе дейин дедим эле.

– Ит! – деп жиберди Хосила эже. – Ушунун барына да шүгүр.

– Аа... Неге тамак бербей жатасың али да? Дагы өзүн эстүү дейт.

– Болуптур, буларды... – Хосила эже үйүлүп турган акчаларга карады, пачкаларды алып аларга суктана тигилди. Негедир жыттап да көрдү. Кээ бир так болуп калган же эзилип калгандарын көрсө мурдун жийиркентет. – Баары бир, – деди кийин, – элүүлүктөргө айлантуу керек.

– Акмак, ондуктарда иш көп! – деди Умар ака. – Бар! Итке кара!

– Ордуна салып коюң!

Умар ака баш ийкеп, дагы ийилип да койду.

Бул акчалар ага... тагыраагы, аларга оңой эле келген жок...

Адамдарды алдоого болбойт, ар жолкусунда жүрөгүңдү уучтап турасың; ОБХСС[1] бар, милиция, журналист деген бир балакеттер да бар... Туура, кээ бирлеринин тамагына таштасаң, эриндерин жалап чыгып кетет. Бирок ошондо да коркуп турасың: оюнда эмне бар – ким билет. Жөнөкөй кардарлардын ичинде да аласы учурай калат. Бул акчалар өзүнчө эле келип калган жок, аларды топтоо үчүн экөөнүн өмүрлөрү сарпталды... Куруп кеткир, айрым база башчылары жаман да! Ар биринин оозуна бир нерселерди салып турушуң керек, кала берсе жүк көтөргүчтөрү да үмүт этип турат.

– Ой, Жек тамак жебей атат.

– Эмнеге?

– Мен каяктан билейин! – Хосила эже ушундай деп, көзүнө дагы жаш алды. – Үмөтжан болсо...

Умар ака шашып-бушуп акчаларды сандыктагы ордуна таштады.

– Шубаңды ал! – деди жаны чыга. – Ошону чыгарганың үчүн буга жанагы мителер түшүп атат да.

– Кыш келип атат деп...

– Баары бир кийбейсиң да?

– Үйдө кием!

Умар ака мыйыгынан жылмайган болуп чыгып кетти.

...Хосила эже жашында бийчи болгон. Оо, ошондо аябай түрлөнүп кийинип жүрөр эле. Умар ака да ошол кезде чилдирманын[2] ойноп, ошонун ыргагында не бир келин-кыздарды бийге түшүрчү...

Ошондо ал киши... жапжаш жигит эле – чилдирманчы эле. Адам башында кылган кесибин унута албайт экен. Хосила эже кээде кушу келгенде, көбүнчө, колуна жакшы пул илинип калганда: «Бир чертиң ээ, жигит!» – деп калар эле. Умар ака чил-

---

[1] ОБХСС – СССР кезиндеги экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүүчү уюм.

[2] Чилдирман, дайро – кол менен ургулап ойнолуучу музыкалык аспап.

дирманын тизесине тиреп коюп, билегинен чыкканча катып калган кыйшык колу менен чала баштачу.

Атасы чилдирман ойноп, апасы чимирилип бийлеп киргенде Үмөтжан жатып-туруп күлө берет. Булар болсо капа болушпайт. Үмөтжандын күлкүсү таптаза, чын дилден чыккан күлкү эле. Ал күлгөн сайын булардын ышкы артып, дагы күчөйт. «Чертиң ээ, жигит!» – дейт эле Хосила эже андан бетер куштарланып...

Жек болсо тумшугун созуп, көздөрү мөлтүрөп кетет да, алдындагы сыр кеседеги колбасаларга да карабай калат. Умар ака анын башын дагы сылайт. Ит кулактарын моюн тарапка жыйрып, көздөрүн кыялдана жумат.

кийем Тооба! – Умар ака ордунан ынтыла турду. – Э, катын, э! Курсагы ачса жейт да!

– Аа, мен да ушундай ойлоп атам.

Жок, Жек ошол-ошол болуп башка наар албады. Апта соңунда өлүп да калды.

Умар ака менен Хосила эже Жектин өлүмүнө кадимкидей кайгырышты. Үмөтжан ушул Жекти өзгөчө жакшы көрөр эле. Аскерге кетер алдында ити менен сылап-сыйпап кучакташып катуу ойношкон, анан калса анын үйүн да жаңылап, жакшылап салып берген. Бул каргашаны болсо ага түк айтпаш керек, укса капа болуп гана калбай, бир нерселерди жасап ийиши да ыктымал.

Акыры мунун да бир айласы табылды: дүкөн кампасындагы Барбостун бир күчүгүн Кадамбек аркылуу таап келишти. Сонун! Ал болсо Барбоско караганда Жекке окшош экен.

Хосила эже короону дубалдарынын үстүнөн тикен зым менен айлантып оротуп чыкты. Бул көрүнүш алардын короожайын осол көрсөтүп камакка окшотуп салды. Бирок... этияты шарт... эмнелерди гана күтүп болбойт. Ичкериде көп дүйнө бар. Сандыктагы акчалар – алардын бир үлүшү...

...Эми булардын өткөн күндөрүнөн эки шиңгил кеп кылууга да мүмкүндүр... Умар ака он алты жашында атасын поезд тебелеп кеткен соң, андан мураска калган чилдирман өнөрүн кесип кылган – райондук элдик театрда бир аз иштеп, кийин

көчө өнөрпоздоруна кошулуп кеткен. Көп жүрдү, көп тапты, көп чачты. Тапкандары аягы суяк аялдардын колунда калды.

Бул мезгилде Фархад каналынын курулушунда да болду. Ал жерлерде дыйканчылык кылып жүргөндө, бар тапкан-ташыганын бир кавказдык дос сөрөйү уруп кетти да, өзү анын белеги – жалгыз папагы жана канжары менен гана калды. Кудайга шүгүр, дагы кара башын сууруп чыгып кетти.

Кийин дагы чилдирманды колго алды...

Бир жолу кышында музга тайгаланып жыгылып, колу билегинен чыгып кетти. Сөөкчүгө салдырган эле, кашайып анысы да кыйшык бүттү. Кийин түздөтөрмүн деп ниет кылып койду. Бул ал үчүн аябай эле көйгөй жаратты – чилдирманын мурдагыдай жакшы кага албай калды...

Ошондо бир бийчи кызга көңүл кушу түшүп, ал «тиемин», бул «аламын» деп жүрүшкөн эле. Бийчилерди табуу оңойбу?! Той-топур маалы эле. Издеп-издеп көңүлү чапкан кыз иштеген өнөрпоздор тобун да тапты. Тапкан менен кыз алардан кетип калган экен.

Тобокел кылып үйүн издеп барды, бирөө менен отуруптур, аны «күйөөм» деп тааныштырды. Умар унчукпай чыгып кетти.

Темселеп жүрө берди, акыры ушул районго туш келди, «курсагы ачкандын көөнү халвада» дегендей, бир дүкөнгө кирип калды.

Караса, дүкөн башчысы көзүнө жылуу учурайт. Абай салса, кезинде өзү чилдирманынын коштоосунда чимирилтип жүргөн Хосилахан...

Сурашты. Умар ага болгон абалын айтты. Аял дүкөндүн ичкери бөлмөлөрүнүн бирине алып кирип, астына аны-муну койду. Иштен кийин бир аздан сеп этишип да алды. Кийин Хосила шарт эле суроо салды:

– Мага үйлөнөсүңбү?

Умар ойлонду:

– Адамың жокпу?

– Кебете-кешпиримди кара.

Эртеси Умар ага үйлөнмөкчү болду да, шарттарын койду:

– Аягыңды кыйшык бассаң – өлөсүң!.. Анан мени «сиз» дейсиң!»

Хосила жыйган-тергенин сарптап жакшы эле той берди. Умар анын бир туугандарынан калган үжүрөсүнө башпаанек кылып кирип да алды. Анан Хосила баягы тоюнда башчы болгон дүкөн директоруна айтып атып, кошуна нан дүкөнүнө сатуучу кылып киргизди.

Умар соода ишин бир аз-бир аз билет эле, эптеп кетти.

Күндөн күн, айдан ай өтүп булар бир дүкөндө иштей баштады.

Үмөтжан бешке чыкканда Хосилага азыркы иштеп аткан дүкөндүн директорлугу тийди. Көп өтпөй директорлукту күйөөсүнүн наамына каттатып, башка иштерди бүт өз колуна алды. Дүкөн чоң. Үч бөлүмү бар: биринде – жыгач-таш эмеректер, биринде – кездемелер, дагы биринде – турмуш-тиричилик буюмдары.

Алдында өздөрүнөн башка дагы үч кыз иштейт.

Туура, бул магазинди алуу да оңой болгон жок. Хосила өткөн жылы иштен айдалып кеткен шаардын соода бөлүмүнүн башчысына көп нерсе убада кылган эле, аларын берип болгончо тиги иштен кетип калды.

Бирок кийин...

Алар ишке бышык, тыкан эле, эки соода адамынын ой-пикири бир жерден чыкса, көп иш кылса болот экен.

...Кыскасы, алардын иманы да, өмүрлөрүнүн маңызы да пул болуп калды. План аткаруу – биринчи орунда, албетте. Бирок магазинге баруудагы максат – бүгүн эмнени, канчаны илип кетебиз деген талапты канааттандыруу болду.

Бирок алар кем сөз, жөнөкөй, көппөгөн, көпчүлүк ичинде көзгө түшө бербеген кишилер эле.

Кадамбекти алдап-соолап кеңири тамаркасын сатып алган соң, имарат салууну баштады. Анын туш-тарабын бышык кыш менен уруп, ичинен цемент менен шыбап чыгышты. Имарат бүтөрү менен терезелерге ич жагынан темир тосмолор коюлду. Буларга бир кыйла каражат кетти деңизчи.

...Бир жагынан Үмөтжан чоңоюп келет. Ага да акча керек да...

Пул, пул, пул...

Анын алдында абийир, намыс, адамгерчилик – сары чака.

Эгер алардын жыйган-терген буюмдары текшерилсе, бул эле райондо эмес, кошуна райондордо да «жаманатты» болуп, бир «Жигулини» чаңдатып жүргөн кыйынсынган дүкөнчүнүн дүйнө-мүлкүнөн он барабар көп чыгат. Бирок булардыкы билинбейт, карапайым көппөйт, кардарларына жетимчелердей мамиле кылат.

Алар күлкүнү жакшы көрүшөт. Күндүзү иштеп, түнү ширин-ширин баарлашууга өтөт, кимди кандай «түшүргөнүн», ким менен урушканын айтып кардарлардын үстүнөн күлүп калышат. Өздөрү гана акылдуу, өздөрүнө гана чаң жукпайт. Анткени алар акча табуунун жолун билишет. Алардын пулдары бар!

Кийин... келечек тууралуу таттуу кыялдарды сүрүүгө өттү...

– Үмөтжан! Үмөтжан!..

Мына, Үмөтжан аскерге кетти. Анын ити да өлдү. Ордуна алып келишкен кичик Жек күрүлдөп өсүп атат... Аялы менен эри болсо дүкөндө: кардарларды алдашып атат... аларды шылдыңдап күлүшүп атат... өздөрүнө тескери караган бир-эки шектүү «жытты» сезип, алардын көңүлүн улап, кийин кыйноосуна да кабылат. Эми алардын негизги душмандары мурдагыдай – ОБХСС адамдары же милиционерлер же журналист, же закончу кишилер гана эмес...

Алар бүт баарынан чочулашып калды.

Үмөтжан кеткенге да бир жыл толду. Андан кат келип турат. Чек арада кызмат кылат. «Силерди сагынамын. Бирок бул жерде калып калышым да мүмкүн» – деп жазат. Кийин, албетте, катынын соңунда: «Тааныгандарга салам, Кадамбек бабага салам... Жекке салам!» – деп жазышты да унутпайт.

Умар ака менен Хосила эженин кубанычтары!.. Кийин анын «калып калышым да мүмкүн» деген сөзүнө айран-таң болушуп, бири-бирине тигиле карашат. Үмөтжан болсо кичи-

несинен ата-энесин таң калтырууну жакшы көрөр эле. Кээде шкафтын ичине кирип алып, аларга таптырбай сарсанаа кылчу, кийин шарт чыга калып, чочутуп ийчү да ыткылыктап күлүп калчу. Албетте, көңүл буруш керек: ал жөнөкөй, митайымдыгы жок жигит эле.

Буларга окшош ата-эненин баласы мындай болбойт деп ойлоо мүмкүн. Бирок сөз ушунда, Умар ака менен Хосила эже көпчүлүккө калтырып жүргөн «жакшы» деген атты уулдарына калтыргысы келбегенгеби, өздөрүнүн кыңыр иштерин Үмөтжандан жашырышар эле, баланын назарында ата-энеси сүттөй ак, бактектей бейазар эле. Ооба, алар жөнөкөй, карапайым. Иштен башка нерсени билишпейт...

Бир күнү кеч киргенде «субботниктен» кайтып келишип, жалбырактарын жаза баштаган курманын астында талыкшып отурушкан. Хосила эженин болсо тамак кылууга көңүлү жок, ортодогу үч буттуу столчодо оокаттын «куругунан» колбаса, кургак эт, икра бар эле.

– Караң, ушул курма «адам» болду да!

– Э, азыр Ташкентте да өсүп атат.

– Жең эми!

...Алдыдагы даамдардан алымыш болуп, курсактарын «алдашты», күн жылый баштаган жаздагы кечтин салкынына магдырап отурганча, ортодогу кеп улана берди:

– Жаз да өтүп баратат!.. Биз болсо дүкөндө камалып жатабыз.

Умар ака жооп бербеди: ал темир дарбазанын астында кулагын тик кылып жаткан кичик Жекти сөөмөйү менен ымдап көрсөтүп, ага буйра сүйлөдү:

– Же-ек! – Ошентери менен тукуму бүт бөрүлөргө окшогон, бирок ээсине өзгөчө берилип кызмат эткен килейген дөбөт овчарка учуп келди жана Умар аканин тизесине сүйкөнүп, ага жанып турган көздөрү менен буйрук күткөндөй бир саам тигилди да, жерге боорун берип аста жатты. Умар ака аны сылап-сыйпады. – Катын, кара, куду чоң Жектин өзү да! Э, кудуретиңден!

Үмөтжан келсе тааный албайт го... – деди Хосила эже.

Бирок отпускага келсе, билет да...

Анда мейли!

Аа, ага чейин топоздой болуп кетер.

Эшектей болот десеңиз. Вой-вой, азыр эле... боюн, салмагын караң. Сезгичтигин караң!

Барбостон тарбия алган да.

...Мындан төрт айча мурда Кадамбектин кеңеши менен Барбосту он күн күндүз үйүнө алып келишкен да, андан короо кайтарууну үйрөтүшкөн: Барбос короо ичине конгон бактекти да койбойт, ары чоң көчөдөн бир шарпа угулса болду, дарбаза түбүнө барып аңдып жатып калат.

Өзү бир ажайып айбан да! Итти корообузду кайтарсын, адамдар андан корксун, үрүп турса уурулар да үй-жайга жолобойт деп кармашат көбүнчө.

Бу жаныбар болсо куду карышкырдын өзү, жөн эле жаткан болсо да килтейген түрүн көрүп ар кандай адамдын төбө чачы тик турат да, анын көзүнө көзүн тигип карай албайт.

– Ой, сиз бир нерсени ойлойсузбу өзү? – деп сурады Хосила эже. – Үмөтжан армиядан келсе...

– Эмнени ойлонушум керек? – деди Умар ака. – Келиши менен ресторанда элге зыяпат беребиз.

– Ай, жок, эй...

– Сен мага аны айтпай, аны кайсыл окууга киргизебиз, ошону айт? Уулуң өзү өткүр эмес.

– Аа, аны билем, ойлоп жүрөм.

Үмөтжандын мүнөзү мааладагылардын баарына беш колдой белгилүү, аны көпчүлүк мактайт. Өзү да чоң-кичүү дебей, кимге болсо да беймарал аралашып кете берет.

Үмөтжан Кадамбекке да жагат. Жигит ага ысылыкка деп үйүнөн бир нерселерди көтөрүп барып берет да, кызуу үстүндө айткан ар кыл болор-болбос кептерин да берилүү менен угуп отура берет.

Умар ака ыргып турду.

– Өзү келсин! Дидарына бир тойсом... Болду... Кийин айтканын кылабыз! Барыбыз ошонукуна!

– Ошонукуна?

– Эй, үч-төрт жылдан кийин дүкөндү тапшырсак...

– Андай дебең! – Хосила эженин көздөрү ала чакмак боло түштү. – Кийин эмне кылабыз?

– Акылдуумун дейсиң да, ойлонбойсуң...

– Ко-ош?

Умар ака турду-турду да, бир топтон кийин күлүп ийди.

– Өзүм да билбейм.

...Ушундан кийин алар бүгүнкү ишембилик тууралуу сүйлөштү, район прокурорунун германский мебель керек деп сураганы, андай эмеректен бирөө эмес, бир нечеси дүкөн артындагы кампада чаң басып жатса да, андайы жок экендигин айтып, келери менен ал кишиге телефон чалышары тууралуу качанкы бир окуяны эстеп күлүп отурушту.

– Ошо прокурор жакшы адам ээ? – деп калды Хосила эже.

Умар ака аялына акшыя карады:

– Ооба, жаш жигит...

– Тооба! Карысаңыз да калбайт экен да!

– Жок, өзүңүзгө караң?!

– Макул. Ал жаман адам!

– Бул башка кеп.

– Бир келип калган эле да.

Умар ака итти дагы бир-эки сылады да, анысын тык токтотуп, үшкүрүнө доош кылды.

– Адамдын го жакшысы да көп, – деди аста секин. – Бирок сен, мен ушундай жердебиз го...

– Түшүнөмүн ээ!

Өткөндөрүбүздү эсте...

Хосила эже күйөөсүнүн сөзүн өзүнчө түшүндү:

– Дагы баягы эле сөзбү?..

– Ооба! – Умар ака дагы күлүп ийди. – Жана айттым го, иштен чыксак деп...

– Ко-ош?

Ал мыйыгынан күлдү.

– Илгеркидей... жашап кете алабызбы? – Анан дароо аялына карады. – Жок, – деди. – Азыр, шүгүр, аброюбуз да бар. Илгери деле...

Көрүп атасызбы, мамлекеттин, элдин соода иши деп, ичип-жешибизде да рахат жок дедим Кушбековго.

Сен туура кыласың, негизи!..

...Арадан дагы бир жыл өттү. Умар ака менен Хосила эженин жүрүш-турушунда илгери байкалбаган бир шашкалактык пайда болгон, буга мүмкүн Үмөтжандын келиш мөөнөтү жакындаганы себеп болуп атса керек деген менен башка бир олуттуураак себеби да бардай.

Ырас, Үмөтжан чек арада кызмат кылганы үчүн жол ыраак, биротоло кызматымды бүтүрүп барайын деп отпускага да келбеди. Ошогобу Умар ака менен Хосила эже кыйла эле кабатыр болушту, болбогон нерсе үчүн кер-мур айтышып калган кездери да болду. Бул – бир. Кийин бул жагы – соода да анчалык жүрүшпөй калды. Буюм-тайым көп, кардар көп, бирок кимден эмне аларыңды билбейсиң. Кайра-кайра текшерүүлөр... Кардарлардын да тили чыгып калган, бир тыйын үчүн миң мертебе өлүп-тирилет. Соодада эки түрдүү береке бар, бири – өкмөт менен элдики, экинчиси – эбин тапкан сатуучунуку. Ушул экинчисинин жолу болбой калды да, кесепети бул экөөнө тийди, аларды кыйла теңселтип койду. Эми анча-мынча таанышка да «ака-үка» деп отурбай калды, кокус дүкөнгө күмөндүү бирөө кирсе, экөө бирдей «талай баштайт».

– Сөз барбы!? Айтың... Жок, биз сиз ойлогондордон эмеспиз! Ишенбесең, ана, ОБХССке бар, мелисага бар!.. Биз айлыктын күнүн карап отурган байкуштарданбыз! Соодадан алкымын агыткандар, үстүнө кошуп сатарлар чыккан болсо, чыккан! Бизге эмне?!

– Мына биздин туруш-турпат!..

Мындай сөздү уккан адам ыза болуп чыгып кеткенче шашар эле.

Экөө болсо ушундай кылгандан кийин өздөрүн дагы акылман, дагы тапкыч сезет. Акчалары болсо көбөйгөндөн көбөйөт: ондук кызыл пулдар элүүлүк жашылдарга айланган, он катар десте менен бир катар дестенин бою теңешип калган эле.

Бул экөөнүн жанталашып пул жыйноосунун дагы бир себеби – убакыттын шаштырып жатышы, акыр аларды бул ишке түбөлүк байлап койгон эмес да, бир күн болбосо бир күн жумуштан кетишери дайын. Башка себебин акылмандар эчак эле айтып таштаган: акчага арбалган киши анын түбүнө түшүп кеткенче өзүн кармана албайт, болгон сайын болсун дей берет.

...Күздүн бир кечи. Короодогу тротуарларда дарактардын жаңы түшкөн бариктери шуудурап ойношот, акырын соккон жел болсо жанга ушунча жагымдуу. Чакан шаар адамдары болсо уйкуга кирген. Бир гана түнкү көчө кайтаргычтар, мастар, вокзалдарда автобус жана поезд күтүп турган жолоочулар ойгоо.

Ташкент поездинен аскерден келе жаткан бир нече бала түшүп калды. Көпчүлүгүн күтүп тургандар бар экен, алар токтоп калышты да, бир жигит чемоданын жеңил көтөрүп, перронго чыкты.

Ар тарапка карады. Бекетке барды. Адам көп. Кыябан аралай жөө кетти. Ал райондогу эң чоң магазиндин алдынан өтүп келе жатып токтоду да, гүлзар четинде, кароолканага окшоп турган жыгач кепечеге карады. Анда жарык бар эле. Ал ылдам жете барды.

– Кадамбек баба!

Бүктөмө керебетте бүгүлгөн боюнча уйкуда жаткан карыя чочуп кетип башын көтөрдү. Колу жанбашына жаткызып койгон мылтыгын издеп кирди.

– Тааныбайсызбы? Мен – Үмөтжанмын го! – деди жигит.
– Э, жашаң, ээ! Таза мас болупсуз го!.. Эми бербейм! Сизге деп «Перцовка» алып келе жаттым эле.

Чал туруп, көзүнө жаш алды.

– Кечир, козум! – Ал катуу туруп Үмөтжанды кучагына тартты. Ал бетинен, бул бетинен өптү. – Отур, отур, козум... – Өзү отура калып, сөз баштады. – Сени сагынар элем! Мени урмат кылат элең, билемин...

– Албетте, урмат кыламын!

– Кем болбо! – Чал ушундай деп, башын ийип бир аз үнчукпай туруп, анан эле коңурук тартып кирди.

Үмөтжан бир аз жылмайып турду да, кийин арты менен жылып чыгып кетти.

Үмөт жакшы кызмат кылып, көп нерсени көрүп, жетилип, көп нерсеге баамы жетип калды, бирок ишенчээктиги, баёолугу жана балалык кыялдары ошол бойдон калган эле...

Ал үйүнө жетип, дарбазанын жылчыгынан карады. Эч нерсе көрө албады. Ата-энеси дарбазадан жылчык да калтырбай бекитиптир, же короонун ичиндеги бардык жарыктар өчкөнгө ушундай «көрүндү».

«Эмне кылсам» – деп ойлонду. Колу электр коңгуроосуна созулуп барып, кайра ага жетпей артка тартылды. «Сюрприз кылам!»

Анан дарбаза түбүнө эңкейип карады эле, бир нерсенин бышылдап атканы кулагына угулду, жүрөгү ордунан чыгып кете тургандай болуп кетти.

– Жек! Жек! – деди.

Дарбаза кызыктай тырмалды да, анан токтоп калды.

– Э, Жек тууган! – деди да, дубалдан ашып түшүү үчүн өйдөгө карай баштады. Көчө жарыгынан аскер кызматында жүргөндө көргөн тааныш тикен зымдар көзгө чалдыкты. – Оббо!.. Атам да, апам да кызык! – деди да коңгуроо түймөсүн басты.

Бала кезден тааныш коңгуроонун үнү угулду. Ал күтө баштады, башка бир да доош чыкпады.

«Катуу укташкан экен!» – деди да эсине бир нерсе келди, мындай окуялар мурда да болчу эле.

Умар ака менен Хосила эже түнү эшик ачуу дегенди эчак унуткан.

Үмөтжан дагы дубал баштарын карап атып, бир убакта көзү талга түштү. «У-у» – деп жиберди. Анан ойлонуп, чемоданын гараждын үстүнө ыргытты, кийин алып алат. Албаса... бир эсептен албаганы деле түзүк. «Ууру тоноду» дейт, аларды бир аз коркутат, кийин...

Кыткылыктап күлдү.

Ал бир бутак менен талга тырмышты эле, бирок болбоду – өтүктөрү сыйгаланып туруп алды. Кийин жүгүрүп келип бир секирди эле, бутакка асылып калды.

Мына дубал үстүнө чыкты!

Ана короо-жай бүт көрүнө баштады.

Дубал үстүнөн төмөнгө тигилди, короолору. Аста зымдан өтүп, бир колу тал бутагына жармашты, анан төмөнгө секирди. Ушул учурда бир нерсе бүт денесин басты. Тыбырчылап оодарылган эле, мойнуна жабышты.

...Хосила эже, адатта, эрте туруп, короо-жайды бир кезип чыгат, кийин чай даярдап Умар акани ойготот.

Бүгүн да күндөгүдөй эле тышкарыга чыкты, короодо жаткан чайналган аскер шапкесин көрүп калды. Нес болуп, жерге ийилмекчи болуп турганда, бирөө ага «Ал жакка кара!» дегендей болду.

Карап...

Зайыбынын чыңырыгынан ойгонуп кеткен Умар ака да атып тышка чыкты. Тепкичтен түшкөндө көзү уйкудан ачылбаган эле.

Эми ал дагы...

– О, балам!.. О, мен! – дегенге араң жарады.

Кичүү Жек, чоң иш жасап койгонго ээсинин сылап-сыйпашын, эркелетишин күтүп курма түбүндө үмүттүү чөгүп отурду. Ал Умар аканин да ыйлап атканын көрүп, ордунан козголду. Акырын жүрүп келип ал кишини, андан соң Хосила эжени жыттап көрдү.

Кийин тал түбүнө карап коюп, дагы курма түбүнө барды да, шукшуюп отуруп алды...

*1984*



# Өткүр ХАШИМОВ

*(Ўткир Ҳошимов) 1941-жылы Ташкент шаарында туулган. 1964-жылы ТашМУнун филология факультетинин журналистика бөлүмүн аяктаган. Ал газета-журналдардын редакцияларында иштөө менен көркөм чыгармаларын, публицистикаларын үзгүлтүксүз жазып келген. «Баар кайтып келбейт» деген повести Шерназар Шүкүров тарабынан кыргызчаланып, өзүнчө китеп болуп чыккан. Автордун «Баҳор қайтмайди» (1970), «Қалбингга қулоқ сол» (1973) повесттери, «Нур борки, соя бор» (1976) романы өзбек адабиятына кызыктуу, оригиналдуу жазуучу келгенин тастыктаган. «Дунёнинг ишлари» (1982) романы Өзбекстан Жазуучулар союзунун жыл сайын берилүүчү Айбек атындагы сыйлыгынын соорундары болгон. 1986-жылы Өзбек ССРинин мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон «Икки эшик ораси» романын сынчы У.Норматов «Тагдырлар романы» деп, «Нур борки, соя бор» деген романын «Роман-проблема» деп баалаган[1].*

*1995–2000-жылдарда Өзбекстандын Олий Мажлисинин биринчи чакырылышынын, 2000–2005-жылдарда экинчи чакырылышынын депутаты катары улуттун руханий маданиятын көтөрүү,*

---

[1] *Норматов У.* Тақдирлар романи. «Икки эшик ораси» романи ҳақида // «Ўзбекистон адабиёти ва санъати». – 1985. 27-нояб.; же дагы Норматов У. Тақдирлар романы // китепке соңку сөз: Хашимов Ө. Икки эшик ораси. Роман. – Тошкент, Ғ.Ғулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти, 1989. – 538-б.

*улуттук сезимдерди сактоо, экология, адабият, тарых маселелери боюнча тынымсыз сөз сүйлөп, маселелерди тиешелүү министрликтерге коюп турду. Мына ошол ойлору «Қалбнинг оппоқ дафтари», «Муқаддас қасамни бузганлар», «Авлодларга нима деймиз?», «Мантиқ қани?», «Давлат сири» ж.б. саясый-публицистикалык макалалары аркылуу элге жетип, коомдук аң-сезимди көтөрүүгө моралдык колдоо көрсөттү.*

*1999-жылы Кыргызстандын «Өмүр баяны» уюму Ө.Хашимовду «Нур борки, соя бор», «Дунёнинг ишлари», «Қатағон», «Ўзбек иши» аттуу чыгармаларындагы гуманисттик идеялары, улуттук руханий дөөлөттөрдү көтөрүп чыккандыгы үчүн «Мекен сүйөрлүк жана жогорку руханийлик үчүн» деген диплом менен сыйлаган.*

*Жазуучу 2013-жылы катуу оорудан кийин каза болгон.*

*Анын төмөндө биз сунуш кылган студенттик кезинде жазган аңгемесиндеги окуялар кыргыз жеринде өтөт.*

# МАХАБАТ

## I

Бири-бирин коё биришпей, энтигишип көпкө... көпкө... көпкө... өбүштү. Кыздын капкара чачтарынын майда талдары Чиркештин бетин аймалап, кандайдыр белгисиз, бирок жагымдуу бир жыт таратып, ага жигиттин бүт денеси көөлгүп жибишип, буттары, кыздын болсо эки ийини билинер-билинбес титиреп жаткандай. Кокусунан кыз силкинип боюн түзөдү, жигитти күч менен түртүп ийди. Чиркеш артында турган чүмбөт арабага сүйөнүп калды. Ал өзүнө келе албай, алда кандай бир толкун ичте толуп-ташып чайпалып тургандай эле.

– Атам союп салат! – деди кыз чачылып кеткен чачтарын манжалары менен артка тарап тегиздеген болуп.

Бирок анын азыр атасынан эч деле коркпой тургандыгы, кийин деле айбыкпастыгы үнүнөн билинип эле турат.

Чиркеш чүмбөт арабадан үч-төрт кадам арыда, көк майса үстүнө таштап коюлган кичине, эскилиги жеткен кийизде уктап жаткан чалга карады. Чал ала-була куржунга башын жаздап, буттарын керип, чалкасынан жатыптыр, анын жүзү караңгыда анчалык деле көрүнбөйт. Андан да арыда бир түп долонодон түшкөн жалбырактарды шытыратып, карааны билинип-билинбей капкара эшек оттоп жүрөт.

Чиркеш өзүн бир аз оңдоп, кызга жакындан тигилди. Анын балбылдаган чоң көздөрү жанып турат, узун-узун кирпиктери, кырдач мурду караңгыда дагы да суктанарлык көрүндү жигитке. Чиркеш азыр деле өзүн токтото албай ээлигет. Экөө бир топко жым боло калды. Ошол кезде Арсланбап тоосунун чокусу жаркырап кетти. Бир аз өтүп-өтпөй топтоголок, толгон Ай чыкты. Туш-тарапка жымжырттыктын сели

аккандай, айлана бейпилдиктин кучагына батты. Бариктери төгүлө баштаган долоно көлөкөдөй карарып көрүнөт, абада болсо түшкөн жалбырактардын жыты аңкыйт.

Кыз жазылган чачын кайра өрүмүш болуп, аркасына таштады. Чиркештин жанына келди да, жаш көчөттөй назик боюн ийип, арабанын ичинен пахталуу кемселин алып кийди. Чиркешке бир карап койду да арабага чыгып, андан буттарын салаңдатып отуруп алды. Ал азыр эми эле болгон бардык нерсени унуткандай, Чиркешти такыр эле көрбөгөн-билбеген кишидей эле. Башын бийик көтөрүп, айга карап тигилип, эмелеки эстен тандырган окуяларды жадынан ыргытып койгондой. Жанагы ички толкун дагы бир жолу уруп кетти. Чиркеш эмне кылып атканын өзү да сезбей, тизелеп чөк түшүп, кыздын арабадан салаңдап турган буттарын бекем сыгып кучактап алды.

– Дилар, кетпечи! Суранам... Жалынам... Кетпечи!? – Ал кыздын тизесине башын жөлөдү.

Жигит ушул тапта алдындагы кыз назик колдору менен башымдан, чачтарымдан эркелетип сыласа деп күттү.

Дилар болсо ийилип туруп, анын желкесинен түрттү.

– Кет, бул жерден?!

Акыры түшүнчү... Каякка барасың? Эмнеге барасың? – Чиркеш кыздын буттарын дагы бекемирээк көкүрөгүнө кысып, жалынып баш чайкады. – Жок дебе, Дилар?.. Экөөбүз бирге иштейбиз... Сен эмне десең... эмнени кааласаң...

– Бар, кет! Мен уктайм! – Дилар анын эки ийининен кармап дагы ары түрттү.

Чиркеш кыздын чимирилген каштарына, ачуусу менен кымтылган эриндерине карап, эми дагы бир сөз сүйлөө артыкбаш болорун түшүндү. Түшүндү да боюн түзөп, башын өйдө көтөрдү. Өзүнө да араң угулган секин доош менен шыбырагандай болду:

Кетип калбагыла, таң атарда келемин!.. – Ушинтти да шарт бурулуп, тасмадай агарып жаткан боз топурак чаң жолдон ылдамдай басып, андан ары аттап-буттап чуркап кетти.

Асманда Ай да коптоктой[1] аны ээрчип секирип-секирип келе жаткандай болот, айыл жактан иттердин үргөнү угулат, сай болсо шоокум сала күрүлдөйт.

Дөңгө чыкканда асты жактан кыштактын жарыктары көрүндү. Ал токтоп калды. Бир бурулуп артына кылчайды. Төмөн жакта жол боюнда, бир түп долоно карарып көрүнөт. Дилар да, атасы да ошол тарапта ошол долононун астында калып кетти.

Чиркеш өтө тез жүргөнү үчүн деми кысылып, тердеп кеткенин эми сезди. Көйнөгүн чечип, желкесине таштады да, дагы алдыга – айыл тарапка тигилди. Чоң жолдон нур чынжырлары менен байланып калгандай катар-катар машиналар өтүп барат. «Пунктка пахта алып кетип жатышат», – деп ойлонду ал. Туруп эле көңүлү чөктү. «Жок! – деди сүйлөнүп. – Эч жакка барбайм! Барбаймын! Үйгө да, Диларанын алдына да. Мага эчтеме керек эмес, эч ким да!» Ал көйнөгүн жерге таштап, кургап саргайып калган чөптөрдүн үстүнө отурду. «Өзү эмне болуп жатат? Ушул кызды кайдан да учураттым?! Эми кантип эле бардык нерседен – үйүмдөн, айылымдан, атамдан айрылам? Кантип эми Тентек-Сай жеримен өмүр бою баш ооп кетем? Эмне болуп жатат, өзү?» Ал аябай кунт коюп кулак түрө баштады. Бул жолу сайдын күрүлдөгөн шоокуму даана угулду. Кийин короздор узун-узун созуп кыйкыра баштады. Балким, алардын короосундагы таажылуу короз да коногунда туруп мойнун созуп аларды коштоп аткандыр. Балким, Касым ата кырмандан кайтып, анын келишин күтүп, супада насын оозуна салып коюп, үргүлөп отургандыр. Чиркештин элесине Касым атанын аппак кашынын астынан ойлуу, муңайым карап турган көздөрү, нурдуу жүзү, чокчо сакалы кадимкидей көрүнө калды. Ушул көздөрдүн нурун алган Чиркеш өзү эмеспи?! Ушул чачтарга, сакал-мурутка кыроо түшүргөн да Чиркеш өзү эмеспи?! Акыры аны адам кылган, ата ордуна ата болгон ушул киши эмес беле?.. Чиркештен башка сүйөнөрү, таянары барбы ал ки-

---

[1] *Коптоко* – созулуучу, же эластик материалдан жасалган, катуу материал менен оролгондо ыргытып ийсең кайра өзүңө келе турган тоголок шар.

шинин?.. Кана эми, булардын Тентек-Сайына ошол эски чүмбөт араба кирип келбеген болсо?.. Кана эми, ошол эски арабада келе жаткан лөлү[1] кызды – Диларды көрбөгөн болсо...

Ушуларды эстеп туруп Чиркештин ордунан шарт секирип тургусу, анан жарыктары көрүнүп турган пастагы кыштагына чуркап кеткиси келди. Бирок качандын бир кезде – балалыгында эсине бекем орноп калган, унутула баштаган бир сагыныч туйгусу келди да, чалкасынан көктү карап жатып алды. Ай өйдө көтөрүлүп, катмар-катмар болуп көккө тарап жаткан күзгү булуттарды акырындап сүзүп барат, жерден түнкү топурактын нымдалган жыты аңкыйт...

## II

Ал окуядан бери бир топ мезгил жылып кеткен. Кыйла жылдар...

Чиркеш эс тарткандан ушул топурак-мекен бойго жеткирди. Дүйнөгө кайсыл күнү келгенин, атасы ким, энеси ким экенин азырга чейин билбейт. Төрт-беш жашында – адамдарды айрып-биле турган куракта эле өзүн лөлүлөрдүн чатырынан көрдү. Ата-энеси бул дүйнө менен кош айтышып кеткенин ошолордон укту. Баарын ээрчип жүргөнү үчүн, «чиркешти» деп, атын да Чиркеш деп чакырышар эле баланы. Алар аны колмо-кол көтөрүп чоңойтушту... Чиркеш да ушул лөлүлөрдүн бири эле. Түн жарымга чейин чилдирман чалып, оюн-зоок кылышты, кызыл көйнөктөрүнүн делбиреген кең этектерин желпилдетип бийге түшүүнү эч нерсеге алмашпай турган аялдардын баары анын энеси эле.

Муңдуу ырлардын кайгылуу ыргагынын коштоосунда кечирген түндөр, ай нуруна толо турган асман... Чиркеш дүйнөгө келип эң алды ушуларды көргөн. Күн батар-батпас алардын лөлү көчү суу боюндагы көк майдан жерге чатырларын тигип, Чиркеш майсаң үстүнө чалкасынан жатып алчу, чилдирмандын жагымдуу үнүнө, куунак ыр-күлкүлөргө кулак түрүп калчу, улуу

---

[1] *Лөлү* – айылма айыл кыдырып, туш келген жерлерге чатырларын тиге салып күн өткөргөн уруулар (цыгандар).

жагылган отту айланып аткан көлөкөлөрдөн көзү чарчап... акыры уктап кетчү...

Таң эртең адамдардын күбүр-шыбыры, эшектердин айкырганы ойготуп жиберчү. Шүүдүрүмдөн ным болуп кеткен тармал чачтарын сылап ордунан турат, жабышып калган колдорун укалап-укалап коёт. Кайра ошол бүтпөс да, аягына чыкпас да узун-узун жолдор башталат. Дүйнөдө жолдордун ушунчалык көптүгүнө акылы жетпес, лөлүлөр көчү болсо бир азга да токтобойт, кайсыл жакка кетип атканын да, качан токторун да эч ким билбейт.

Бир күн токтоду. Алар Тентек-Сайга токтоду. Жазгы кечтердин биринде лөлүлөр көчү сай боюндагы таштуу жээкке чатырларын тикти. Тентек-Сай дайрасы эсеп жеткис аралчаларды пайда кылып шоокумдана үн салып кыйкырат, асман-көккө мончокторун чачат. Чиркеш ошондо жети-сегиздерге барып калган, тиштери бир сыйра түшүп, кайра чыккан эле. Күн бою жол жүрүп талыккангабы – эң биринчилерден болуп уктап кеткен...

Таң атарда энтигип ойгонуп кетти. Ойгонду да, ылай толкундар бирин бири кууп келип, азоо суу агымга тартып кетип атканын сезип бакырып ийди. Бирок анын үнүн эч ким деле уккан жок. Оозуна суу толуп окшуй баштады. Сайдагы таш аралаш, ылай суунун күлдүрөшүнөн теребел бүт титирейт, жер менен көк капкара толкундарга көмүлгөн. Чиркеш суудан калкып чыгып, капкара асманды соңку жолу көрдү да, тыбырчылап ийди...

Көзүн ачканда башында бир бейтааныш адам ийилип тигилип туруптур. Лөлүлөр арасында мындай адам жок эле. Башына көк тукаба топу кийип алыптыр. Беттери кызарып кеткен, ак аралаган муруттары күл болуп, чокчо сакалына жабышып калыптар. Ал сыкма суу болгон көйнөгүнүн этегин кайрып, Чиркештин маңдайларын, беттерин абайлап сүрттү.

– Атың ким, уулум?

Чиркеш бул адам аны суудан алып чыкканын эми түшүндү.

– Кетем!

Ал ордунан турмакка ынтылды эле, алы келбеди. Бейтааныш киши анын үстүнө жууркан жапты.

Көчүңөр кетип калды. Сени алда качан өлдүгө чыгарышкан болсо керек. – Бет маңдайындагы киши наамазы боло баш чайкады. – Бу сел аябай эле кутурду да. Тентек-Сай өзү ушундай. Ар бир жазда ушинтип тизгинин жоготуп коёт.

Чиркеш бейтааныш үйдүн гүлдүү кагаздар жабыштырылган төбөсүнө карап жатып, бир убакта көзү илинип кетти...

... Ал окуядан бери бир топ мезгил жылып кеткен. Кыйла жылдар...

Эгер айылга үч күн мурда дагы бир лөлүлөрдүн чүмбөт арабасы кирип келбегенде... Эгер ошол арабадан Диларану көрүп калбаганда... Кыз кетемин деп туруп албаганда... Мурдагы бир болгон окуяларды азыр эми эстеп отурбайт беле?..

**III**

Күн кечки уясына жакындады. Кичи бир чүмбөт араба топурак жолдон кетип барат. Кара эшек арыктан арык ичке шыйрактары менен бышкан топуракты улам чаңытып, арабаны араң сүйрөйт, дөңгөлөктөрү азаптын баарын өзү жалгыз көтөрүп бараткандай, ары-бери кыйшайып да, кыйчылдап да алат. Арабада отурган чалдын ичке, бырышкан мойнундагы чуңкуру, ак аралаган чачы Чиркешке көрүнүп турат. Дилардын атасы эч жакка шашып атпаган окшойт, эшекти катуу чаппайт, башын бош таштап, магдырып барат. Эртеден бери чал Чиркешке бир ооз да сүйлөбөдү. Антсе да туруп-туруп эле эсине келгендей кызарган көздөрү менен ага аябай тигилип карап коёт, анан үн катпай кайра эле тескери карап отуруп алат. Арабаны ээрчий Чиркеш менен жанаша кетип аткан Дилар ага карап сырдуу жылмайып, каердендир сындырып алган тал чыбыгы менен жол четиндеги куурайларды сабап-сабап барат. Анын гүлдүү кызыл көйнөгү батып бараткан күндүн кызгылтым нурларына андан бетер жалындай болуп күйгөнсүп, өзү да кыз эмес эле от болуп жанып кетип аткандай сезилди Чиркешке. Жигит болсо кыздын ушул тапта эмне ойлоп баратканын билбесе да, көзүн саал кысып менменсинген, өзүнө ишенген

жылмаюусунан өзүнүн чырайлуулугунан, бир жигитти ээрчитип алгандыгынан ыраазы болуп баратканын сезип турат.

Күн жер артына биротоло тоголонуп кетти. Кечтин шамалы күн батып кеткен асман тараптагы кызгылтым отторду да үйлөп өчүрдү. Ошол тапта чүмбөт араба өйдөгө өрлөп барат, баягындай эле майсыз, кургак дөңгөлөктөрү жаны чыкчудай кыйчылдайт.

Чиркеш айылдан чыгып кетип атканда минтип көңүлү чөгүп кетишин ойлогон эмес эле. Ал Касым атанын көзүнө көрүнүүштөн корккон, Тентек-Сайдан чыга бериште тааныш шофёрлордун кезигип калышынан чочулап турган. Кудай жалгап, эч ким учурабады... Ал Диларды эми өзүмдүкү деп ойлойт, ушул кыз үчүн дүйнөнүн түбүнө чейин барууга даяр эле. Бирок айылдан арылаган сайын анын кадамдары акырындап, өзү кылып аткан күнөөсүн өзү аңдай баштагандай. Кимдир бирөө аны көзгө көрүнбөс назик, өтө эле майда жиптер менен Тентек-Сайга байлап койгону, ал жиптер барган сайын бышык тартылып, дагы бир аттам жүрсө эле чарт үзүлүп кетчүдөй. Чүмбөт араба кырга чыкканда токтоду. Чиркеш дагы бурулуп артын карады. Төмөндө кыштакты тасмадай ороп алган сай жалтырап көрүнөт, бирок үйлөр көзгө илинбейт, жыш бактарактардын үстүн караңгылык басып калды. Узактан – чоң жол үстүнөн коюу чаң көтөрүлдү.

– Бада кайтып атат, – деди ал өзүнчө.

Анан эле көзү караңгылашып, каршы-терши ойлордун куюнунан башы айланып кетти.

Бир кезде өзү да чоң таргыл уюн таң эртең бадага кошуп жиберчү, кечинде ал уй өзү эле эшиктен мөөрөгөн бойдон кирип келчү. Уйду кошуна келин саап берет, Касым атанын кемпири болсо оо дүйнө кетип калган, чал жапжалгыз калган. Ошол чалдын өзүнөн башка эч кимиси жок экенин, анын үмүтү жалгыз гана Чиркеште экенин эми гана – айылдан узап кеткенде түшүндү.

Ошол селден алып чыккан жылы Касым ата ага китепкап, «Алиппе» алып берген. Чиркеш мектепке бара баштаган. Таңкы шүүдүрүмдү кечип талаа аралап мектепке карай жүгүрүп бар-

ганы, жайы-күзү колхоз багында балдар менен жүзүм теришкени, былтыр онунчуну бүтүрүп жатканда мектепте өткөзүлгөн кече – анын элестерине биринин артынан бири келди. Өзгөчө ушуларды эстегенде жүрөгү элеп-желеп болду.

Чиркеш күзүндө кечкисин пахта кырманда иштегенди жакшы көрчү. Ал өйдө көтөрүлүп калган кырмандын үстүнө чыгып, чалкасынан түшүп жатып алчу, ошондо асман улам-улам ага карап түшүп келе жаткандай сезилчү, пахта буласынын далысына жыпжылуу, жумшак урунушу да, салкын желге бир аз сергилең тартып кетиши да – баары-баары ажайып, ырахаттуу көрүнүштөр эле.

Ушундай өзү менен өзү болуп жыргап жатканда ылдыйтадан келген машинанын үнү өчүп, кабинаны тарактатып, шофёр чыкчу:

– Эй, лөлү, уктап калдыңбы?!

Чиркеш шофёрлордун кополдугуна таарынчу деле эмес, өзүн ушул кыштактын бир перзенти, бир өзбеги катары эсептечү.

Анан кырман үстүнөн секирип-секирип түшчү да, кузовго шаншаха айры[1] менен пахта жүктөйт...

Кийин тракторчуга жардамчы болду. Ал артта соколорду карап түздөп барат, улам-улам оодарылып түшүп аткан топурактын, керосиндин жыты мас кылып койгондой башы айланып кетчү, мотордун күрүлдөгү да, тракторду парванадай тегеректеп каркылдап жаткан каргалардын үнү да анын кыжырына тийчү.

Жигит ошол топурактын жытын, жаздын коңгуроосунан ойгонгон жердин жылуу дем алуусун, Тентек-Сайдын тишти какшатып жиберүүчү муздак сууларын эч качан, эч нерсеге алмашпастыгын, алмаша да албастыгын эми түшүндү. Түшүндү да, тиштери билинер-билинбес кычырап кетти.

...Чиркеш желкесине келип тийген чыбыктын зарпынан чочуп кетти.

---

[1] *Шаншаха айры* – атайын пахталарды көтөрүү, ары-бери жылдыруу, жүктөө үчүн беш салаа кылып жасалган чоң айры.

– Жүрбөйсүңбү?!

Дилар бир колун бөйрөккө таяп, экинчи колундагы чыбыгын ойнотуп жылмайып турган. Айлана караңгылашып калган, чүмбөт араба алда качан төмөнгө түшүп кетиптир.

Дилардын жылмайып турушу да, оттой жанган көздөрү да, кырдуу мурду да биринчи жолу куник көрүнүп кетти ага.

– Урбай эле айтсаң болбойбу!? – деди ал буулугуп. Ачуудан бети-башы кызырып-татарып кеткенин өзү да сезип турган.

– Бечара ашык! – ушинтти да Дилар мыскылдуу үн менен шаңкылдап күлүп ийди.

Жымжырттык ээлеген адырлардын үстүнөн кечтин добушундай сырдуу, кырылдаган үндүн жаңырыгы келди. Чиркеш бир силкинип кыздын чыбыгын тартып алды да, майда-майда кылып сындырып, жерге ыргытты. Дилар болсо эч нерсе болбогондой жылмайып турат.

– Айылга кайтабыз! – Чиркеш өтө маанилүү, азиз бир нерсени түшүндүрмөкчү болгондой, кыздын желкелеринен кармап, сураныч менен акырындан сылай баштады. – Суранам, Дилар, жок дебегин! Бул кетип атышыбыздан эмне пайда, каякка барабыз? Жаным, Дилар, макул дегин! – Ал анан кызды бооруна басып кулагына шыбырап кирди: – Тентек-Сайга кайтабыз. Ал жерде менин атам, жоро-жолдошторум, тракторум бар... Билесиңби? – Ушуларды айтып атып ал үзүп-үзүп, буулуп сүйлөдү. Тамагына тыгылып калган жылуу бир нерсени жутуп ийип араң шыбырады. – Билесиңби, ал жерде менин... Мекеним бар. – Кыздын чачтары дагы жүзүн аймап кетти. Ошол адамды мас кылуучу майин жыт буркурады. – Дилар макул дегин, бир жолу макул дегин...

Кыз кетенчиктеп кетти. Эми ал жылмайбайт, көздөрү от болуп жанат.

Эч ким сени сүйрөп келе жаткан жок. Өзүң келе жатасың! – Анан катуу кыйкырып сүйлөдү. – Сен лөлү эмессиң, аңкоосуң! – Кийин көздөрү моймолжуп күнөөлүүдөй үнүн акырын чыгарды. – Сага туш келген кызды эле ээрчип жүрүштү ким коюптур? Бар, айылыңа бара бер! Сени менен ишим да жок! Мени менен да ишиң болбосун! Билдиңби?!

Дилар чаңдуу жолдон ылдый карап жүгүргөн бойдон кетти. Чиркеш анын шамалга парпырап бараткан көйнөгүн көрүп турат, бирок азыр өзү эмне болуп атканын түшүнбөй калды. Ал бир азга эмне кылышын билбей эки анжы болуп турду да, кыздын артынан чуркады. Дөбөнүн жарымына барганда кызга жетип келди, анан колдон кармап өзүнө карай тартты.

– Дилар!

– Кач! – Кыздын көздөрү жек көрүүгө толуп жанып турду.

– Кетпе, Дилар?!

– Кач, дейм... Малай?!

Чиркештин бүт денеси муздап кетти. Баягы жылуу демдин, берилген маанайдын ордун эми кандайдыр бир жапан күч ээледи да, колу өзүнөн өзү көтөрүлүп, аны жакка чаап жиберди.

– Жогол! – деди кыйкырып. – Жогол!

Ал Дилардын колу менен жүзүн басып калганын көрдү. Анын шарт бурулуп, айылга барчу жолду карай чуркап жөнөдү. Артына бир жолу да кылчайып койбоду.

Арсланбаптын чокусунан кыпкызыл Ай чыгып келет, топурак жол агарып көрүнөт. Чиркештин көлөкөсү да калтырап атат...

## IV

Кыш эрте түштү. Гозопаялар жыйналып алына электе эле кар жаап салды. Бирок эртеси эле күн чакчайып ачылып кетти.

Чиркеш ак кардын көрпөсүн жамынып эми гана уйкуга кирген жерди чочутуп тракторун айдайт, кар баскан талаалар күн нуруна көздү уялтып жаркырайт, бириндеген гозопаялар тагдырына наалат айткандай шүмүрөйүп турат. Трактор али тоң албаган талаада жеңил гана сүзүп, музжаргыч кемедей артынан капкара из калтырып барат. Ал түштөнүүгө чыгуу үчүн моторду өчүрүп, кабинадан секирип түштү да, талаанын шагындагы тыттардын жанында турган караанга көзү чалдыкты. Бая эле моторго суу куюп атканда да бир көргөндөй болгон. Караан кыз экен, ал пахталуу сары чапан кийип, башына көк жоолук салынып алган. Жигитке анын бир колун бөйрөгүнө

таяп турушу эмнегедир тааныштай сезилди. «Жолоочулардан болсо керек».

Чиркеш өз жолу менен шыйпаң тарапка жөнөдү эле, кыз кол булгалагандай болуп кетти.

Чиркеш кирза өтүктөрү менен кар малтап, беш-он кадам жүрдү да, кызды тааныды, анан шарт жүгүрүп жөнөдү. Жүрөгү дагы баягындай сагыныч жыттарына бөлөнүп башкача согуп кирди, өтүгүнүн тайышына да, ага гозопаялардын урунушуна да карабады.

«Дилар, Дилар!» – деди ал энтигип.

Негедир кубанычтан сөз таба албайт, неге сүйүнүп атканын өзү да билбейт.

Ал үнү буулуп жүгүрүп келди да, Дилардын назик, бирок мээнетке бышкан тарамыштуу колдорун бетине тийгизди. «Колу муздап калыптыр» – деп ойлоду кыздын жүзүнө тигиле берип.

Дилардын өңү-башы бозгун тартып, көздөрү киртейген, ага карабай ууртундагы баягы чырай чыгарган жылмаюусу менен карап турат. Ал ысып кеткендей жоолугунун түйүндөрүн бошотуп, чыканагы менен Чиркештин көкүрөгүнө түрттү.

– Айдап ийбейсиңби?..

– Качан келдиң?

– Эрте менен...

– Биротолобу?

– Биротоло!.. – деди Дилар камсанабай.

Чиркеш кыздын көздөрүнө бир карады да, ушул бир ооз сөзгө ишенүүгө мүмкүн экенин түшүндү.

– Жинди! – деди ал күлүп.

Кыздын мойнуна колун артты да, аны кар баскан талаа жолунан кыштакка – өз турмушуна баштап кетти...

*1964*

# АК БУЛУТ, АППАК БУЛУТ

Самолёт жамгырдан карайып калган бетон жолдо катуу күч менен жүрүп барды да, анан бир саамга токтоп калгандай болду. Жамгыр тамчылары тынымсыз үзүлбөс сызык тартып аткан иллюминатордун айнегинен сыртка карадым.

Самолёт улам бийиктеп көтөрүлүп барат, жерде чоң резервуарлар, аэропорттогу самолёттор күүлөнүүчү жолдор артта калууда, алыста болсо сырдуу көрүнүп турган токой көзгө чалдыгат.

Көп өтпөй айлананы коюу туман каптап алгандай болду. Мындай учурда самолёт силкине берип, адамдын тынчын алат. Өзүмдү алаксытайын десем, жанымдагы орун бош, жүргүнчүлөр негедир аз. Бая аэропорттон алган гезитке кайра көз жүгүртө баштадым. Бирок аны ошол жерден эле окуп койгом. Ошон үчүн аны көңүлсүз гана бош орундукка таштадым да, жөлөнгүчкө башымды ныктай коюп, көзүмдү жумдум.

Канча убакыт өткөнүн билбей да кылдым, бир убакта аялдын үнү угулду:

– Газетаңызды көрүп берсек мүмкүнбү?

Эринип акырын үн чыккан жыкты карадым. Карадым да, аркы орундукта жылмайып отурган аялды көрүп, чочуп кеттим.

– Э, Дилафруз, сен эмне кылып жүрөсүң бул жерде?

Ал көздөрүн сүзүп, кандайдыр бир басыңкы, бирок өктөм доошу менен күлүп жиберди.

– Эмне, самолёт бир гана сиздикиби? Же Москвадан сиз гана учасызбы?

– Жоо...жок. Мен... Сени ушундай шартта учуратам деп эч ойлогон эмес элем. – Дилафруз дагы ошол өзүнүн сулуу экен-

дигин биле турган аялдарга мүнөздүү бийликчил, бирок басыңкы, эрке күлкүсүн чыгарды.

Жакшы... Тааныпдыңыз. А мен болсо карып калсам керек деп ойлоп турдум эле. Кел, жаныма өт!..

Орундукка кадалган курду шашып бошоттум да, анын катарына бардым.

Көрүшпөгөнүбүзгө да он сегиз жыл болуптур... – Ал ойго чөгүп акырын сүйлөдү.

Мен эми ага жакындап, жүзүнө тигилип карадым. Дилафруз чын эле андан бери канча өзгөргөн, бир кыйла толукшуп, кандайдыр салабаттуу аялдарга окшоп калыптыр. Бир гана күлгөндө каректеринен бери оттой жанып кете турган көздөрү таптакыр өзгөрбөй куду ошол эле бойдон тургандай.

Мен ага ушул сөздү айтышымды билет элем. Бирок оозумдан негедир башка сөз чыгып кетти.

Мен сизди азыр да түшүмдө көрүп турам...

* * *

Ооба, мен аны азырга чейин түшүмдө көрүп, ага түшүмдө жолугуп турганым чын эле. Сизде да ушундай абал болобу? Кээде бир кезде, мектепте окуп жүргөн убактыңызда, жакшы көргөн адамыңыз кокусунан түшүңүзгө кирип калат. Сиз ошондо ойгонуп кетесиз да, ошол кездер кайтып келбешин, ал нерсенин кереги да жок экенин билип эле туруп, түн бур оокумда түрдүү-түмөн ойлорго берилип, тынчыбай оодалактап жатасыз. Ошол он жети жашыңызда көңүлүңүздү уурдаган тентек сезимдер махабат беле, жок беле, аны өзүңүз да билбейсиз. Адам эс-акылын таанып, тиги-муну түшүнүп калгандан кийинки махабаттын жолу башка. Бирок он жети жаштагы сезимдер... бул өзүнчө бир мас кылуучу гүл жытына окшойт. Аны же көрсөңүз, же кармасыңыз, же маанисине түшүнсөңүз. Куш сыяктуу асман менен жер ортосунда эркин сүзүп жүрө бересиз... Жылдар жылып, бардык нерселер унутулуп кеткенде, ошол жакшы көргөн адамыңыз кайра эле кокусунан түшүңүзгө кирип калат...

Мен Дилафрузду түшүмдө дайыма бирдей көрөмүн. Ал аппак көйнөкчөн болуп көрүнөт. Сурмалуу көздөрүндө оту жанып, бир нерселерди улам айта берет, айта берет, кайра эле айтканына маашырлангандай өзү улам күлө берет... Анан эле кайра кокусунан жок болуп кетет...

Ошондо онунчу класста окуп жүргөнүбүздө, ал күн сайын түшүмө кирип чыгар эле. Чачтары жарашыктуу тармалданып, аппак көйнөкчөн, сурмалуу көздөрүндө күлкү ойнойт...

Мектептегилердин ичинен эң эле сулуусу ушул Дилафруз эле. Ал башка мектептен келген «жаңы» кыз болгону үчүнбү, бири-бирин «сенсиреп» чакырышкан классташтардын баары аны «сизсиреп» чакырышар эле. Башка кыздарга чачтарын майдалап өрүп жүрүүгө тыюу салган мугалимдер дагы анын чачтарына эч нерсе дешпейт эле. Дилафруз сабакка биринчи эле күнү аппак көйнөк кийип келгенде, эшиктен класска аттагандан тартып сүйүп калдым. Түндө уктар алдында Кудайдан жалгыз гана бир нерсени тилейт элем – түшүмдө жок дегенде бир жолу колунан кармасам... Эртелеп сабакка барып, өзүн көргөндө болсо, андан качууга аракеттенип, араздашкан адамдардай узактан өтөр элем. Кыялымда Дилафруз асман мейкиндигинде аппак булуттар арасында сүзүп жүргөн жомоктогу перилерге окшоп, ага сүйлөш, ага тигилип караш зор күнөө эле мен үчүн.

Жашырбай айтканда, классыбыздагы балдардын көпчүлүгү ага ашык эле. А түгүл Абжал деген атаманыбыз да Дилафруздун караанын сезер менен сылык боло калчу... Түбү аты Абдужалил болсо да, жамандыгынан Абжал ылакабын алган бул бала өтө копол, ымансыз эле. Бүт класс андан коркуп, ар кандай шумпайлардын шайкесине кошулуп жүрүшүн да билер элек. Абжалды жалгыз гана түлкүдөй куу Умарали деген бала жакшы көрүп, экөө дайыма бир жүрчү, ошон үчүн балдар анын атын Умаралы дебей, «Куйрук» деп аташар эле.

Махабат адамды алаксытат дешет. Ишенбейм. Махабат адамга теңдешсиз күч-кубат тартуулайт экен. Ошол жылы ушунчалык жакшы окуй баштадым, мурдалары «беш» алса да сүйүнбөй, «эки» алса да күйүнбөй жүргөн менин күтүлбөгөндөй билимдүү болуп бараткаными агайлар да, үйдөгү агала-

рым да айран-таң болуп калышты. Мен болсо доскага чыгып таң каларлык жооп берип жатканда «беш» алышты эмес, Дилафрузду таң калтырышты гана ойлойт элем.

Бүтүрүү экзамендери узаргандан узарып, баарыбызды зериктирип жиберди. Балдар болсо мээси чарчап кеткенге наалышып, бул азаптан тезирээк эле кутулуп кетишти тилешет, а мен болсо ичимден экзамендердин дагы да созулушун каалайм. Мектепти бүтүрсөк, Дилафруз менен бир өмүр убадалаша тургандаймын...

Эсимде, ошол күнү химиядан консультацияга жыйылдык. Эмнегедир мугалимибиз келбеди. Көпчүлүк тарап кетти. Саратандын ысыгынан кызып кеткен, бор жыты каңылжарды жарып турган класста он чакты гана бала калдык.

Жакында экзамендер да бүтөт! – деди балдардын бири кыялдануу менен. – Кийин ар кимибиз ар кайсыл жакка кетебиз!

Партанын үстүнө минип отурган Абжал:

– Биз каякка кетсек да Дилафрузду ала кетебиз! – деди.

Бул сөздү ал ушунчалык бир кычаштык менен айтты, ордуман секирип турдум:

– Эмне-е?! – дедим кебимди созуп. – Сен!..

«Алып кетесиңби» дешке оозум барбады. Алып кетиш ал жакта турсун Дилафруздун мына ошол Абжалдын жанына жакын турушун көз алдыга келтирүү мен үчүн коркунучтуу эле.

Абжал баягыдан да мазактагандай кылып башкача күлдү.

– Ие, сен, неге жаның чыгат?! Сени алып кетем дегеним жок ко?! Мен айттым го, Дила... фруз...ханды деп...

Ал жагы кандай болгонун билбейм. Бир убакта экөөбүз полдо тоголоно баштадык. Абжал чачымдан чеңгелдеп туруп, башымды жерге үч-төрт жолу урду эле, көзүм караңгылашап, эч нерсе көрүнбөй калды.

Өзүмө келгенимде, Низам деген досум сүйөп отуруптур. Эптеп ордумдан турдум. Оозум ачышып калыптыр. Алаканым менен аарчыдым эле колум кан боло түштү. Абжал болсо химиялык формулалар жазылган досканын алдында оор дем алып, жол-жол көйнөгү жыртылып турат.

Дагы бир жолу ооз ачсаң, же сен өлөсүң, же мен! – Ушул сөздү ушунчалык бир ишенич менен айттым, бизди ороп турган балдардын баарынын деми ичине тартыла түштү.

– Андай болсо бир жаңсыл кылыш керек бул ишти! – Баятан бери акыркы партада отурган «Куйрук» аста басып доска жанына келди.

Куулук менен баарысын бирден карап чыкты да, жанын жеп сөзүн улантты.

– Дилафруздун Абжалды жакшы көрүшүн билет элем. Эми болсо бу Эргеш мынтип жандан чыккан жан казык болуп турат. – Ал мага карап айтты. – Жигитчиликке бир-аар чара табуу керек.

Низам өңү бозоруп, анын жанына жетип барды.

– Сөздү бурбагын, «Куйрук!» Муну менен эмне демексиң!?

– Бир-аар нерсеге мелдеш ойносок, ара ачык болот да, калат.

– Мисалы эмнеге?

– Мисалы... – «Куйрук» оор мамиленин каршысында калгандай пешенесин тырыштырды. – Мисалы, Бөрү-Жардан таштташат. Ким аман чыкса...

– Куйругуңду шыйпаңдатпа! – Низам жийиркенүү менен андан жүзүн бурду. – Эргештин жакшы сүзө албастыгын билип туруп, сен атайын ушинтип атасың!

Мен алаканым менен оозумду аарчып алардын талашын беймарал угуп турдум. Бирок бул айтылган кептердин бир да бирөөсүнүн мага тиешеси жоктой эле. Бөрү-Жар дегенде гана былтыр бир классташыбыз темир жол көпүрөсүнөн сууга боюн таштап, кайра чыкпай калганы эсиме түштү.

Бул эмне болуптур? Мунун эмнеси жаман? Баары бир эмеспи, мага? Дилафрузду Абжалдын колуна тапшырып коюу деген эмне өзү...

Мына ушундай де! Мелдешти эркек адам ойнойт! – «Куйрук» этияты шарттан Абжалдын жанына барып үнүн бийик чыгарды: – Жигит деген допусу тар келгенде «ий» деп качпайт!

Ордумдан аста козголдум.

– Кеттик!

Низамдын өңү кубара түштү да, мага кыйкырды:

– Жиндисиңби? Сен эмне, акмак болдуңбу?!

– Азыр эмес! – деди Абжал дагы эле жыртылган көйнөгүн кармалап.

– Эртең саат ондо көпүрөнүн үстүндө.

«Куйрук» колу менен Низамды көрсөттү.

– Низам сенин секундантың болот. Мен Абжалга секунданттык кылам.

Ошол кеч түн жарымга чейин кыялымда Дилафруз менен сүйлөшүп жаттым. Кана эми, аны бир жолу көрсөм, жок дегенде акыркы жолу көрүп калсам... Жок, ал тээ алыстарда эле. Ак, аппак булуттар үстүндө эле... Тескерисинче, ал ошол түнү түшүмө да кирбей койду. Алда кандай шуулдаган, күрүлдөгөн сууларды, чытырман токойлорду көрүп, түнү бою кыйналып чыктым.

Эрте менен чочуп ойгондум. Башым сайгылашып ооруп, ыйлаган адамдай көздөрүм ачышып калыптыр.

Көчөгө чыксам дарбаза алдында Низам туруптур.

– Барба! – деди ал колун силкип. – Билесиң го, Абжал бандит! Тегирменге түшсө бүкүлү чыгат. Сен эмне ошого теңелип жаныңдан тойдуңбу?

Оюмдун бир четинде Низамдын ак сүйлөп жатканын билип эле турдум. Бирок өзүм да түшүнө албаган бир тентек сезимдер баары бир ошол ишке карай түртүп туруп алды. Кайра жакшы эмеспи? Сен өлөсүң, а Дилафруз болсо бардыгын угат да, өксүп-өксүп ыйлап-ыйлап алат. Сени сүйбөгөнүнө, кадырыңа жетпегенине өкүнөт. Абжалды болсо өмүр бою жек көрүп өтөт.

– Мага кара, Низам?! – дедим кызуу кандуулук менен. – Сен коркуп атсаң – барба! Мага секунданттын да кереги жок!

Низам барар-барганча мени дагы, Абжалды да, «бардык тополоңду баштаган» деп ошол «Куйрукту» да тилдеп барды. Мага болсо анын сөздөрү таасир этпеди, кыялым башка бир нерселерде эле. Дилафруз азыр кайда экен? Эмнелерди кылып жатты экен?..

Көпүрөнүн үстүнө келип жеткенибизде ал жерде эч ким жок болчу. Эрте менен эле күн ушунчалык ысып кеткен, жалтырап жаткан темир жолдонбу, кара майга булганган шпалдарданбы, айтор, бир жагымсыз жыт келип, демиңди ичиңе

кыстырат. Көпүрөнүн четине орнотулган силкилдек тосмого сүйөнүп төмөнгө карадым. Жогортодон жайылып келген суу ушул жерге – темир жол астына келгенде кууш болуп, эки чети бетондолуп коюлган жерден күү менен агып өтүп, арткы өйүздөн атылып чыгат эле. Ошон үчүн болсо керек, жогортодон саргайып келаткан суу, аркы жагынан көбүктөнүп, агарып чыгат. Жардын аркы өзүйүнөн сапсары камышзар көзгө чалдыгып, андан ары саз созулуп кетет.

– Кандай, жүрөгүң түшүп калдыбы?

Корулдаган доошунан таанып, артыма бурулуп карадым. Абжал колдорун бөйрөгүнө таянып, көздөрүн жалтыратып саал жылмайып туруптур.

Кейпи ушунчалык жийиркеничтүү көрүнүп кетти, кыжырланып көзүмдү андан алып качтым. Дилафрузду ушуга берип коёмунбу? Ушуга ээ!? Андан көрө бир жолу эмес, он жолу сууга чөккөнүм артык эмеспи!

– Кана тыйынды ташта! – Абжал жолдун аркы четинде турган «Куйрукка» карап кыйкырды. – Ташта! Бактыбызды сынап көрөлү!

«Куйрук» дароо жалпаңдап жете келди.

– Мына! – деди колундагы тыйынды көзмө-көз өткөрүп. – Каягын тандайсың?

Абжал жалтыраган табышмактуу көздөрүн сүзүп, кол шилтеди.

– Мага баары бир.

– Сагачы?

– Мага да!

Андай болсо мындай...

Алыстан угулган гудоктун үнү «Куйруктун» сөзүн бөлдү.

– Шашылбагыла, поезд өтүп кетсин, – деди ал өзүн билгичтикке салып. –Бардыгы өз эрежеси менен болушу керек. Эркекчесинен...

Катуу күү менен келаткан тепловоз жакын келип, дагы бир жолу сигнал берди да, вагондорун сүйрөгөн бойдон өтүп кетти.

Жол боюндагы май чачырап, куурап калган чөптөр силкинип-силкинип кайра дагы мурдагы өзүнүн кебетесине келе

түштү. Көп өтпөй төмөндө Бөрү-Жардын күрүлдөгөн доошу дагы угула баштады.

Сөз мындай, «20 копеек» деп жазылган жагы биринчи түшсө, Эргеш биринчи болуп боюн таштайт. Арт жагы түшсө – Абжал. – «Куйрук» ушундай деди да, тыйынды шыңгыратып асманга карай серпти.

– Мына, Низам, сен да көр! – «Куйрук» шпалга түшкөн тыйындын үстүнө эңкейди. – Карасаңчы?!

Низам жолдун ортосунда селейип нес болуп катып турат, чамасы бул мелдештин ушунчалыкка барып каларына ишенбеген окшойт. Мен болсо алда качан өлүмгө өкүм кылынган адамдай башка эч нерсени ойлобой калдым.

Мына өзүң көр! – деди «Куйрук» аябай кубана. – «Мас» түштү. Биринчи болуп Эргеш таштайт.

– Айта берипсиңер! – Бирден эле Низам кыйкырып жиберди. – Силер Эргешти өлтүрмөксүңөр!

Мен кызып турган рельсага отурдум да, унчукпастан туфлийимдин байлоочторун чече баштадым. Байпагымды чечип жатканда, негедир Низам да, аны менен кажылдашып жаткан «Куйрук» да жым боло түштү. Бут кийимимди бир четке койдум да, отурган жеримден бурула берип, жинди адамдай оозумду ачып калдым. Он кадамча арыда Дилафруз турган эле. Куду ошо – түштөрүмдө көргөндөй аппак көйнөк кийип, чачтары чырайын ача тармалданган Дилафруз турат эле. Ал аппак туфлийи менен шпалдарды бирден аттап жакын келе жатты. Бул эмне – аппак булуттардын мага көрсөткөн акыркы ырайымыбы?

– Тынччылыкпы? – деди ал жакын келип.

– Тынччылык. – «Куйрук» ыңгайсыз абалда жылмайымыш болду. – Чөмүлөбүз.

Дилафруз мага бурулду.

– Эргеш, сен да чөмүлөсүңбү?

Мен ошондо гана өзүмө келдим, анын алдында ушунчалык оңтойсуз отурганыма жиним келип, ордуман аста турдум.

– Ошондой! – дедим мүмкүн болушунча үнүмдү катуураак чыгарууга аракет кылып. – Мен да чөмүлөм!

Анан Дилафруз Абжалга бурулду:

– Мен, эмне, көчөдө жаткан тыйынмынбы, артымдан мелдеш ойногудай!

Дилафруз Абжалга сүйлөгөндө менин ичим ачыша түштү. Анын мына ушундай чечкиндүүлүк менен катуу сүйлөгөнүн мурда такыр уккан эмес элем. Өзүмдү каякка жашырарды билбей калдым.

– Сизге ким жеткирди!? – Абжал бир жак уурту менен жылмайды. – Сизди мында эч ким чакырган жок эле го?

Абжалдын мындай сүйлөп Дилафрузду шылдың кылышы бүт денемди калтыратып ийди.

– Мага кара! – дедим үнүм титиреп. – Сөздү көбөйтпө! Баштадык!

Абжал бутун рельс үсүнө коюп, туфлийинин боосун бошото баштады. Ушул убакта эч бир күтүлбөгөн иш болду. Дилафруз «Куйрук» менен Низамдын ортосун жарып өттү да, Абжалдын ийнине колун койду.

– Кулак сал.

Абжал башын катуу күч менен өйдө кылды.

– Аа, эмне дейсиң?

– Мен... – Дилафруз Абжалдын жүзүнө тик карады. Көздөрүнөн кандайдыр бир от жанып кетти. – Мен сени жакшы көрөм! Ушуну билмек белең?!

Ушул сөздү уккан кулактарым кеңгиреп, көздөрүм караңгылашты. Ошол каректеримдин тунарышынан Абжалдын адегенде аңырайып калганын, кийин боюн түзөгөнүн көрдүм. Жүрөгүмдүн түрсүлдөп согуп жатканын, буттарымдын алы кете баштаганын сезип турдум. Бир убак шалдырап барып, кир, май жуккан таштардын үстүнө чөгөлөп калдым. Эчен түндөрү түшүмө кирип чыкчу Дилафруз ушулбу? Кыялымда булуттар арасында сүзүп жүрчү Дилафруз, периште Дилафруз ушулбу? Азыр гана асманда, булуттар арасында сүзүп жүргөн Дилафруз эми жерге түштү. Жок-к, жерден да паска түштү. Ана, ал кетип баратат. Абжалдын, баары жаман көрө турган Абжалдын, баары жийиркене турган Абжалдын жанында, аны менен кол кармашып кетип баратат...

Туура чыкты – Абжал бекерден бекер мактанбаган. Ырас экен, башта да...

Абжал анын билектеринен кармап барат, ал болсо тасмадай тартылган рельс үстүндө дарчыларга окшоп этияттык менен тең салмагын жоготуп албаш үчүн ары-бери ийиле коюп баратат. Тим эле бир өмүр ушинтип жүрүшө тургандай. Абжал гана колун коё берсе жыгылып кете жаздоочудай. Бир нече кадам жүрүшкөндөн кийин Дилафруз артына – биз тарапка карады... Кийин дагы... Мен анын ошол карашын көргүм да келбей, жүзүмдү терс бурдум да, башымды чеңгелдеп калдым...

Бир топтон соң эсимди жыйып, өзүмө келдим. Бет маңдайымда Низам гана туруптур. Ал кебетеме тигиле карады да, кандайдыр бош үн менен сурады:

– Кандай, өлүмүңө арзыйт бекен?

– Сага эмне?! – дедим жиндилердей айкырып, – Сенин эмне ишиң бар!? Жогол, ишиңди кылып, ташыңды тер!

...Эртеси химиядан экзамен берип эптеп «үч» алдым. Чыксам, мектеп дарбазасынын алдында, жалбырактарын чаң баскан арчанын арасында Дилафруз жылмайымыш болуп туруптур. Көзүмө ушунчалык суук көрүнүп кетти, жүзүмдү дароо буруп алдым. Шашылып өтүп бараткан элем чакырып калды.

– Эргеш...

– Эмне-е! – дедим кыйкырып. – Абжал жетишпей жатабы? Азыр чыгат, күтө тур!

Ушундай дедим да, чуркап кеттим...

...Кийин... кийин бүттү баары... Мектеп да, махабат да...

Аттестатты алышым менен Москвага жөнөдүм. Институтка киришиме көзүм жетпейт эле. Бирок эмне болсо да Ташкенттен алыс кетишти каалайт элем. Ооматымданбы, же жакшы даярдандымбы, айтор, Темир жол институтуна тапшырып, өтүп алдым. Анча-мынчада Низамдан кат келип турду. Бир катында Дилафруз сени сурады, көп сурады, адресиңди бер деп өтүндү деген сөздөрдү жазган экен, көңүлүмө кубанычка окшогон бир нерсе уюй түштү да, бирок ошол эле замат анын Абжал менен кол кармашып баратканын, менин болсо делбе болгон кишидей темир жол боюнда калганым көз алдыма келе калды...

«Арабасын тартсын» дегендей жүрөгүм бир аз тыз этип коёт эле... Бара-бара тызылдабай турган да болду...

Төртүнчү курсту бүтүргөн жылы үйлөндүм. Баары бир адам качандыр бир көңүлү сүйгөн кишисинин тагдырына кызыкпай койбойт экен. Анын Ташкентте, медициналык институтта окуй турганын билет элем. Окууну бүтүп турмушка чыкканын да уккам. Жок, жүрөгүмдө кызганыч, ичи тарлык эмес, өкүнүчкө окшош бир нерсе ойгонду. Бирок мен бир гана нерсеге айран-таң калдым – анын күйөөсү Абжал эмес эле.

Кийин булар да унутулду. Анда-санда гана түштөрүмдө аппак көйнөк кийген Дилафруз көрүнө турган болду.

...Он сегиз жыл аз убакыт эмес. Дилафруз чын эле өзгөргөн, шайыр күлкүсү, сурмалуу көздөрү ошол-ошол бойдон эле калыптыр баары бир.

– Мен сени түшүмдө көрүп турам... – дедим анын көзүнө тигилип.

– Жок, ээ! – Дилафруз көздөрүнүн отун жайнатып күлдү. – Кантип эле экен?

Мен сага бул сөздү жөн эле жагыныш үчүн айтып атканым жок. Бар сөз – ушул.

Карасаң, мен канчалык аракет кылсам да, сен бир да жолу түшүмө кирбейсиң.

Бул сөздү ал жарымы чын, жарымы азил кылып айтты. Дагы менин көзүмдө баягы суук элес пайда боло калды. Анын Абжал менен жетелешип кеткени, менин аянычтуу абалда теңселип калганым. Өзүмдү токтотуп калайын десем да – бул элес жоголбоду. Анан мен:

– Абжалды колдон чыгарып чеки кылыпсың, – дедим.

Ал мага карады да:

– Ки-им? – деди үнүн созуп.

Күлдүм.

– Абжал да! Эсиңден чыктыбы?

– Аны башыма тартамбы! – Дилафруз жини келе кашын серпти.

Анын көзүнө тигилип туруп сурадым.

– Акыр ошондо... Же мени аяп чөгүп кетпесин деп...

Ушуну укканда Дилафруздун көздөрүнөн сезилер-сезилбес кубаныч оттору из салып өткөндөй болду.

Илимий иштериң менен келген белең Москвага? – деди сөзүмдү бөлүп.

Эрксизден баш ийкедим.

– Сен... сен каяктан билесиң?

Мен бардыгын билем... – Ал көңүлү чөккөн абалда термелип башын жай силкти. – Ооба, баарын, баарын... окумуштуулугуңду да... Алты жыл мурда диссертация жактагыныңды да... Гүлү менен тоюң 14-июлда болгонун да... биринчи уулуң Жолдош 3-майда туулганын да... – Ал токтоп калды да, күлүп жиберди. – Айта берейинби?

Дагы күлдү. Бирок азыр бул күлкүдө баягыдай ажайып кумардуулук, эркелик, толуп-ташкан бактылуулук жок эле. Муну өзү да байкап калды окшойт, башын иллюминатор жакка буруп алды.

Бүт денем шалдырап бошоду. Самолёт күүлдөп учуп барат, менин ичимде да куду ошондой болуп бир нерселер күүлдөп бараткандай...

Эмнеге ал сенин турмушуңду ийне-жибине чейин билет? Илимий ишиңди да, кайсыл күнү үйлөнгөнүңдү да? Эмне үчүн? Эмнеге ал Абжал тууралуу айтканда жийиркенип кетти? Демек, Абжалды жек көрөт экен да. Ошондо көпүрөдө өзүңдүн аянычтуу абалда калып кеткениңди ойлойсуң да, неге Дилафрузду ойлобойсуң? Ошондо Дилафруз үчүн, мектептеги эң сулуу, эң сыймыктуу кыз үчүн өзү жаман көргөн, өзү жийиркенген адам менен кол кармашып кетиш жеңилге турбаса керек? Ал бул ишти эмне үчүн, ким үчүн кылды?

Шашпа... Ошондо рельс үстүндө тең салмагын сактап баратканда эмне үчүн кайта-кайта артына кылчайып карап жатты экен? Балким, ошондо анын көздөрүндөгү жазуу-сызууларды байкабай калгандырсың? Балким, эртеси мектеп дарбазасынын алдында сени күтүп турганда бардыгын бир башынан баяндап бергени тургандыр? Сага – бышпаган каллага баарын түшүндүрмөкчү болгондур? Сен болсо аны шылдың кылып, кыйраткансып кетип калгансың. Ал сени ошондо да кечирген. Болбосо неге Низамдан кайра-кайра сени сурай

берген? Неге сени менен жолугууну самады дейсиң? Неге кыз бала болуп туруп, сен үйлөнгөнчө турмушка чыкпай жүрдү? Неге аялыңдан тартып, балаңдын туулган күнүнө чейин билет? Неге? Неге? Неге!..

Бири-биринен ачуу, бири-биринен тез суроолор кайра-кайра башыма келип, самолёт моторунун күүлдөшү, мээде чарк айланган ойлор баары аралаш болуп, бүт денемди титиретип барат...

Дилафруз болсо иллюминаторго тигилип, сырттан көзүн албайт. Бирок анын жүзүнөн дагы бир нерселерди айтканы жатканын байкабадым. Аны байкасам да, өзүмдүн тагдырымдагы бир өксүк тууралуу ушунча мезгилден бери билинбей келген кыжаалат ойлорду эми гана сезгендей болуп аттым. Бирок... Бирок эми кеч болуп калган... Өтө кеч болгон...

Таң каларлык нерсе – сендей «окумуштуу» эркек үчүн бир аялдын жүрөгүн түшүнүшкө он сегиз жыл керек болуптур. Ошондо да кокустан, күтүлбөгөн жерден... Демек, ал ушунча жылдардан бери түштөрүңө бекерден бекер эле кире берген эмес экен да! Сен болсо... Сен – акмак болсо!..

* * *

Дилафруз дагы да күн тийип жаткан иллюминатордон тышкарыга карап барат.

Кыялымда ал дагы баягы ак, аппак булуттар арасында учуп жүргөн Дилафрузга айланып калган эле.

Акырын ордумдан турдум да, аркы орундукка өттүм: эми анын жанында отурушка акым жок эле...



## Эркин МАЛИК

*1941-жылы Ташкент облусунун Янги-Йул районунда туулган. 1961-жылы Ташкент мамлекеттик университетинин китепканачылык факультетин бүтүргөн. «Улар менинг дўстларим» (1964), «Қирқ икки оғайни» (1968), «Ўқилмаган саҳифалар» (1970), «Она шаҳрим – Тошкентим» (1971), «7а-да қайта қуриш» (1991), «Бугуннинг қақажонлари – эртанинг қаҳрамонлари» (1998), «Найрангбоз шайтонвачча» (2002), «Субҳидам ҳикоялари» (2003), «Чампо отли илон» (2006) ж.б. китептери аркылуу өзбек окурмандарына жакшы маалым.*

# ГҮЛ ЫШКЫБОЗУ

Ажы ата шериктери менен эрте мененки аштан чыгып, келген жайларына жакшылып назар салып караса, кемпири дарыланып жаткан ооруканага жакын эле жер экен. Кемпири түшпөгүр, көргөнү барамын десе, такыр көнбөйт. «Уялат экен. Тооба, ал турмушка чыга элек кызбы да, мен аял ала элек жигит белем, адамдардан уялып. Айтканын караңыз ээ»...

Атанын шоктугу кармады. Машинадан түшүп калды. Түштү да, оорукананын сүрүн көрүп, туура эмес кылганын билди. Эми кемпирин кайдан табат да, кантип издейт? Кайсыл бөлүмдө, кайсыл палатада жатканын билсе да бир жөн эле...

Об-бо… Али дарбазасы да ачылбаптыр. Күн эми гана тик тийип келе жаткан. Оюнда оорукананын баары кызуу үйкуда болуш керек деди. Э, сурап-сурап Меккени табышкан, мен эмне бир кемпиримди таба албаймынбы. Алла өзү мээримдүү...

Атанын кайраты көзүндө. Мындай караса дарбазанын жанындагы адамдар бирден кирчү колтук эшик ачык тургансыйт. Каңгыган иттер кирип атканынан билип атпайбы. Ажы ата да ошол эшиктен кирип барды. Кароолу коңурук тартып, уктап атат. Ойготконго көзү кыйбады. Бир адам болсо кетменин колго кармап бакчадагы гүлдөрдү сугарып жүрүптүр. Ата ошол жакка карап басты. Жанагы адам жерден таш алып, иттерге тап берди.

Ошол учурда гүл сугарып аткан кишинин көзү Ажы атага түшүп калды да:

– О, бабай! – деди кыйкыра сүйлөп, – үйүңүздө эшик барбы, киргенден кийин жаба келет да!

Тооба, ата оорулууларды ойготуп ийбейин деп таягын жерге акырын таштап басып келе жатса, мунун шаңкылдаганын кара. Же саламы жок, же алиги жок.

Кечир, уулум, мен иттерден кийин кирдим, бул эшик ушундай эле ачык бойдон турат экен деп ойлодум.

– Анабул жатабы, шишип-көөп. Кароол имиш, ээ, үргүлдүм, анын кароолдугунан.

– Эми айып этпейсиз, уулум, чоңдор бөлүмү ушул жактабы?

– Ооба, бара бериң?

– Аялдар жаткан жер каерде?

– Аял-эркеги жок, баары аралаш-куралаш.

Ажы ата көп кабаттуу имараттын мармар тепкичтүү эшигине барганда ичкериден бир аял чака көтөрүп чыгып калды.

– Ассалому алайкум, кызым, – деди дили жумшап. – Мен кемпириме келдим эле...

Атанын сөзү оозунда калды:

– Кире бериң, айтышат! – деди аял ачуу үнү менен.

Тооба, адамдарга бир нерсе болгонбу өзү, же салам беришпейт, же берген саламга алик алышпайт. Айып өзүндө: карга бок чокуй электе келип... Бирөөнүн дарты эрте кирсе, кеч чыкпайт.

Ушул убакта тепкичтен буттун дабышы угулду. Ажы ата ошол тарапка карады, бир-эки кадам ошол жакка жылды. Бир жаш кыз өйдө жактан чуркап түштү да, атанын жанынан «лып» этип өтүп кетти. Ата болсо оозун ачкан бойдон кала берди. Анан бир аз туруп өйдө көтөрүлүүнү ойлоду да, тепкичтер менен жогору чыкты. Оң жактагы эшик ачык экен. Босогодогу ным чүпөрөккө бут кийимин, анан таягын да аарчып, дорожканы бир-бир басып, төр жакка карап кете берди. Ошол убакта коридордун орто тушунан ак халатчан аял көрүндү. Ал атанын жакын келишин чыдамсыздана күтүп турган.

– Ассалому алайкум, – деди ата шашыла, – мен кемпиримди издеп келдим эле.

Анан анын ысымын, фамилиясын атады.

– Андай аял бизде жок, башка бөлүмдөн издең, – деди аял кайдыгер гана атага суук карап.

Ушул убакта атанын көзү вазага гүл салып аткан бир кишиге урунду. Ал атага артын салып турган. Анан ал артын карап, күтүлбөгөндөй тездик менен Ажы атага келип колун берип, эски тааныштардай эсен-соолук сурашты.

– Көзүмө ысык көрүнүп атасыз. Чыназдан эмессизби?

Ажы ата жылмайып, «жок» дегендей башын чайкады. Бирок жигиттин көңүл коюп караганына, аны кимдир бирөөгө окшотуп жаткандыгына эле ыраазы болду.

– Балким, Кызырсызбы? – деди жанагы жигит, тепкич жакка баратып. Кучагында бир десте гүл.

Ата жигитке дагы кызыгып, баштан аяк бир сыйра карап алды. «Ушул балнисанин багбаны болсо керек. Тиги эшиктеги шериги гүлдөрдү сугарып жатат. Мунусу болсо оорулуулардын көңүлү ачылсын деп ал гүлдөрдү вазаларга коюп чыгууда. Тооба, анын мамилесин караң ээ, мунун мамилесин караң?»

– Кызырсызбы дегенге таң калбаңыз, – деди жигит жылмаюу менен, – мен ар күнү уктаар алдында түшүмө Пайгамбарыбыз алайхиссалом кирсин деп Кудайга жалынам, эрте менен туруп да бүгүн Кызыр менен көрүштүргүн деп Жаратканга жалбарам. Кызыр Ата да адамдын көзүнө эски тааныштардай ысык көрүнөт экен. Чыназдансызбы деп сураганым, өзүм – Чыназданмын.

Чал мыйыгынан акырын күлдү.

– Сиз да бир замат уулумдай болуп калдыңыз, ушул экөөбүздүн бирибиз Кызырбыз го?

– Сиз ушул жерде отуруп туруң, мен мына бул гүлдөрдү вазаларга койгончо, апамдын кайда экенин билип келемин, – деди жигит. Ажы ата жеңилдеп, орундукка отурду. Бир ишине жарай турган жардамчы келип калганга Аллага шүгүр келтирди.

Көп өтпөй жигит кайра келди.

– Караң, – деди келери менен, - апакем биздин бөлүмдө экен. Кезметчи аялдан сурап билдим. Жүрүң!..

Жигит атаны эшиги ачык турган бир палатага баштап келди да:

– Кана, атам, отуруң, мага бир дуба бериң, бүгүн түштөн кийин кетемин, лечениелерим бүттү, – деди ал атаны жогоруга өткөрүп.

– Ие-э, сиз бул жерде иштебейсизби? Мен сизди...

– Жок, мен гүл ышкыбозумун, – деп жигит стол үстүндөгү китепке окшогон нерсени алып, атага көрсөтө баштады. – Караң, мына бул гүлдөрдү, баары короо-жайымда өсөт. Булар менин уул-кыздарым. Булар деле гүл да, ээ, ата? – деп кыткылыктап бир күлүп алды. – Бала – гүл дешет го. Мен ооган урушунда болгом. Тирүү барсам, калган бүт өмүрүмдү гүлдөргө арнайм деген ниет кылгам. Акыры биз жакшы күндөрдө бири-бирибизге гүл беребиз го, туурабы, ата? Ал жактарда гүл көрбөдүм. Байкуштар согуша берип, гүл эгүүнү да эстеринен чыгарып коюшкандай.

Ата альбомдогу гүлдөрдү көрүп, бу жигиттин балдардай баёолугуна ыраазы болду. Анан дагы батасын берди.

Жигит башка палатадан атанын издеп келген кемпирин тапты. Кемпири ал жерде жалгыз экен. Абасы таза деп балконго чыгып, аны-муну сүйлөшүп отурду. Бир убакта төмөндөн гүл ышкыбозунун үнү чыкты:

– Ассалому алайкум, атахан, ассалому алайкум, апаке, кандай жакшы отурасыздарбы? – Ата «ооба» дегендей жигитке алаканын жайып көрсөтүп жылмайып койду.

– Ээ, өлсүн, «крышасы» кеткен, – деп кемпири жүзүн тескери бурду. – Эртеден кечке салам бере берип, ийиле учураша берип оору адамдардын ачуусуна тиет. Адам деген кичине оор болсо да...

Ажы ата ичинен «кана эми, баарынын эле «крышасы» ушинтип кетсе» деди да, кемпирин тапканга чейинки окуяларды алдындагы зайыбына кеп кылып айтып отурбады...



## Нурали КАБУЛ

*(Халбутаев Нурали Кабулович) 1950-жылы Жизак облусунун Бахмал районунда Усмат айылында туулган. 1974-жылы Фергана мамлекеттик университетинин тарых факультетин аяктаган. «Ойқор» (1978), «Салом тоғлар» (1979), «Одам, Ойқортоғ ва Дайди шамол хакида эртак» (1980), «Тубсиз осмон» (1981), «Каптарлар қайтмаган тун» (1984), «Яшаш учун кечикма» (1985), «Унутилган соҳиллар» (1988), «Оқ каптарлар» (1990), «Буғдой пишиғига етмаганлар» (1992), «Сен ватансан, мухаббат» (1994), «Ватандан яхши ёр ўлмас» (1995) ж.б. китептери өзбек тилинде чыккан. «Не опоздай жить», «Небо твоего детства» деген прозалык чыгармалары орус тилинде жарыяланган. Ал Г.Маркестинг «Жалгыздыктын жүз жылы» романын, Ч.Айтматовдун «Балалыгым» баянын өзбек тилине которгон.*

# ТАЛАА ЖОЛУ

*«Буга чейин жер үстүндө аялзаты бар экен,*
*алар жөнүндө кандайдыр бир жаңы сөз айтыш мүмкүн».*
С. БУФФЕР

Жан жыргаткан жылуу топурагы кызыл ашыкка жете келген талаа жолунда оңуп кеткен кирза өтүгүмдү сүйрөй кырманга карап жол тартам. Ойлонуп баратканым үчүн анда-санда мүдүрүлө түшөм. А түгүл désинститутка кире албай шерменде болуп айылга кайра келгеним да көзүмө көрүнбөй кетет. Кырманчылардын окууга байланыштуу айткан азил-шакабаларына деле кулак бышты болуп калдым...

Окуп адам болгондо Турдукул кеңкелес адам болор эле. Бир техникум, эки институт жана дагы алда кандай курстарды бүтүргөнмүн дейт. Болгон кызматы – артезиан кудуктарынын кожоюну. Артезиан кудуктары эмне, казып койгондон кийин чыга берет да? Ушуга да кожоюндук керек бекен? – дейт сөзүнүн ырастыгынан кымындай да шек албай кырманчы Ражап аке. – Кызыр колдобосо азыр эшек базарга далдалчы да боло албайсың, – дээр эле эки сөзүнүн биринде.

Ражап акенин сөзү мага жакса да, бул жөнүндө баш катырып ойлонушка менде убакыт жок эле. Энем айткандай менин да эл катары бир жуп бутум жана жалгыз башым болуп, азыр бул баш өзүмдө эмес. Арабанын көлөкөсүндө түштөнүп отурган кыздар арасында жүрөт.

Мен деле теримчилер менен чогуу-чаран кырманда эле түштөнсөм болмок, бирок андай кылыш колумдан келбейт.

Менин нан чайнап, чай ууртап жатканымды ал көрүп, анан менден биротоло көңүлү сууп, ошол бойдон түк карабай коё тургандай сезилет. Анан калса бираар жаман аракет кылып койбоюн деп да анын көзүнөн далдоо жүргөнүм ылайыктай. Анын алдында алкымымдан суу деле өтпөсө керек. Кара терге түшүп, сөзүмдү жоготуп коём. Ошон үчүн эсепчи Нематулла акенин суранычына көнбөй төрт чакырым жол жүрүп, үйгө келип түштөнүп кетем. Үйдө дурус тамактансам да башкача эле. Кала берсе, эмне жегенимди да унутуп калам. Кээде адашып нан экен деп пиаланы тиштеп калам. Тарс жарылчудай ургулап жаткан жүрөгүмө даба болор бир күүбү, ырбы радиодон угам да, ошол ырды акырын ичтен күңкүлдөп коюп тер менен күндүн жыты жыттанган күрмөмдү желкеге арта жолго түшөм. Айланбаш болуп ооруган койдой бир нокотко тигилип, аңыз ортосундагы прицепти болжол кылып бут шилтей берем.

Окууга өтпөй калгандан кийин бир жумача адамдарга көрүнүштөн уялып жалгыз терезелүү мейман үйүбүздүн шыбына гана тигилип жаттым. Үч күн инилерим менен чогуу Жалгыз-Тыт жылгасынан жантак тикен чаптык. Айла жок, баары бир эл-журтка, коңшу-колоңго аралашыш керек. Пахта терими да башталып калган, бирок али жалпы теримге киришиле элек. Уруктук үчүн деп гана кол менен пахта терилет.

– Жетет эми, жата бербей теримге чык! – деди бир күнү атам эрте менен нанушта кылып жатканыбызда.

Бригадага үч айылдан адамдар келип иштешет. Алар ар күнү кошуна айылдан жүк машинада келишет.

Он күндөй андан он беш-жыйырма жөөктөй арыраак жерден пахта терип жүрдүм. Башымды көтөрсөм да аны кароо үчүн гана көтөрчүмүн. Аны көргүсү келгендер болсо арбындай...

Башыма келген бир ойдон кубанып, кыйкырып жиберишке аз калдым. «Анын терип келген пахтасын төгүш үчүн кырманда иштейм! Кошмурзанын ордуна приципке элдер терип келген пахталарды төгүп турамын...» Эсепчи Нематтулла акеге бул оюмду айканымда ал үнсүз-сөзсүз баш ийкеди.

Эх, ушул күнкү кубанычым! Жүрөгүм көөдөнүмө сыйбай, прицептин үстүнө чыгып болгон доошум менен анын атын атап чакыргым келди. Ушул күнү бакыт кушу жылмайып, анын ысымын да билип алдым! Зебо! Уктуңузбу, Зебо?! Ушундай да сүйкүмдүү ат болорбу?! Эх, атыңды Зебо деп койгондордон айланайын!

Адегенде чиркегич прицептин жогорку бортун бийик көтөрүп, анан удаама-удаа сунулуп жаткан пахта салынган этектерди эңилип алып тез бошотуп кайра ээсине кайтарамын. Эки көзүм аңыздын төмөн жагында пахта терип жаткан кыздардын тобунда, ошол топтун ортосунда ак көйнөк кийген, аппак пахтазарда периштеден сүзүп жүргөн бир бийкечте.

Кечинде мага үй да, чарпая да, короо-жай да тарлык кылып калат, үйдүн үстүнө чыгып жатам. «Арбакка окшоп үйдүн үстүндө эмне кыласың?» – деп калат агам желкесин тырыштырып. Унчукпаймын. Баары уктап калат. Акыры айыл иттеринин да жаагы жабылат. Менде болсо кайдагы уйку. Аны гана ойлойм...

...Ана... Ана... ана, ал аппак колу менен терилген ак пахтага жык толгон эки этегин бир кылып түйдү да, ошол түйүнүн назик колдору менен жонуна коюп алды. Пахтасын көтөрүп жөөк аралап кырман тарапка – мен тарапка салды.

Ал келатат. Мени азап менен тозокко таштап койгон, бул азап-тозоктон куткарууга өзүнөн башка эч кимдин күчү жетпеген чүрөк мен жакка карап ак куудай сүзүп келе жатат. Мен болсо алашалбыртта эрте жаздын күн нуруна эрип, заматта сайларды толтуруп ийген кардай түгөп баратам...

Кыздар тобу кырманга жакындашып келатат. Менин болсо кол-бутум кыймылсыз катып калганмын. Азыр эле жүрөгүм согуудан калып, анын пахта түйүнүн бошотуп төгүш башка бирөөгө насип эте тургансып, ушундай бакыттан мен куржалак калганы турам. Демим буулуп, кайра-кайра жутунамын, бирок тамагымдан бир култум түкүрүк да өтпөйт. Буттарым эркиме көнбөй калтырай баштады. Анан бул майда калтырак бүт денемди аралап кетти. Бир аз өзүмө келермин деген ойдо

күнгө кызып турган прицептин бортун кармадым. Кайдан. Бүт денем оттой жанып, көзүм тунарып үч-төрт кадам арыны көрө албайм. Неге мындай болуп жатканын акылым албайт. Төмөндөн узатылган түйүндөрдү араң-араң тартып алам.

– Атала ичкенсиңби! Тартсаң!

– Бул сага окуу эмес!

– Загыра токоч жеген эмес да!

– Күн алып, буттары да өзүндө эмес бечаранын! – туш келди тамашага алышат төмөн жактагылар.

Бул шакабаларды, шылдыңдарды бир гана анын угуп калышынан чочуйм. Анын таза көңүлүнө азар-берер, дилин кайт кылчу анча-мынча кеп-сөз же аракет өтпөгөн, ага жетпеген болсо болду. Болбосо, кандай күндө калышымды билбейм...

Анын кырманга жете келишине да аз калды. Келатат. Бүт күч-кудуретимди, дарманымды жыйып дагы бир жолу ал келаткан жакка уурдана карадым. Көтөргөн жүгү канчалык оор болбосун ал жылмая күлүп, көңүл кушу ачылып келет. Анын ошол жылмаюусу, көңүл кушу мени да арбап барат.

Мына, мына, мына, анын түйүнү. Ал эки колу менен, өз колдору менен, күн нуруна бир аз тотуккан кичинекей кара тору колдору менен түйүнүн мен тарапка узатты. Мен аны кыйналбасын деп түйүнүн илип алуу үчүн дагы да төмөнүрөөк ийилдим. Түйүн-пүйүнү менен анын үстүнө кулап түшкөнгө аз-аз калды. Кудайдын өзү бул шермендечиликтен сактады бейм. Түйүнүн узатып жатып мага көз кырын салгандай болду. Ох, анын көздөрү, көз карашы! Бу көздөрдөгү мээримдүүлүк, тазалык, жөнөкөйлүк! Бул актык менен адилдик көрүнүп турган көздөргө бир секунд дагы, бир секунданын ондон бир бөлүгүнчө дагы тигилип туруу колдон келбеген иш... Мен өмүрүмдө мындай жоодур көздү көргөн эмесмин. Анын түйүнүн бекем кучактай жумшак пахта үстүнө өзүмдү таштадым. Атыр жана тер аралаш жагымдуу жыт тараткан этек-түйүнүн канча кучактап жатканымды да билбейм. Төмөндөн чыккан кыйкырыктардан өзүмө келип, түйүндү

шаша-буша бошоттум. Баарынын бошогон түйүн-этегин прицептен туруп өздөрүн көздөй ыргытар элем. Аныкын андай кылууга бара албадым. Бошогон этекти кармап турганымды көрүп, прицепке жакын келди. Келди да, көз кыры менен мага уурдана карап колун сунду. Ыкчамдык менен этегин илип алды да, арабанын көлөкөсүндө суу ичип жаткан кыздар тарапка басып кетти...

...Кыздар тобу тамаша-азил менен кайрадан пахта теримге киришти. Бир паста биз турган кырман аңгырап калды...

Мен болсо прицеп үстүндө аларга тигилип аңыздан көзүмдү үзө албай жатам... Негедир көзүмө жылуу жаш келет... Ал көз жаштарды чигити бөртүп турган пахтага басам. Пахтадан болсо ага себилген дарынын жана күндүн жыты аңкыйт. Өзүмдү прицептен таштап ийип, туура эле анын алдына баргым, анан: «Салам, бул – мен! Сенин эң жакын, эң сүйкүмдүү досуңмун! Сага этектериң тез болсун үчүн пахта теришип бергени келдим!» – дегим келет.

Адатта, эсепчи да, кырманчылар да бошой калганда теримчилерге жардам этет. Андайда сопоюп кырманда мен гана жалгыз калам.

Жекшемби күн эле. Түштөнүүдөн кийин аптаптын айынан адамдар чарчаңкы тартып эптеп эле кыймылдамыш болуп жаткан. Кырманчылар да, эсепчи да аны-муну сүйлөгөн болуп теримчилер арасында. Мен эми анын астына барып, өзүмдүн ичимде башталган жүрөк өртүн ага айтып, бугумду чыгарбасам болбостугун ага билдиришим керектигине биротоло ынандым. Ал пахта терип келе жаткан агатты таптым да, каршысынан түшүп алып, аны көздөй түптүз келе бердим.

Терилбеген агатка түшүп алып, неге пахтасын күүп жатасың?! – деп мага Нематтулла аке корсулдады.

Мен болсо эч нерсени укпас, эч нерсени туйбас, тилим келмеге келбес абалдамын. Мен Күн тарапка баратамын. Күн көздөп баратам. Ошон үчүн мага Күн нурларынан бөлөк эч нерсе, эч ким көрүнбөйт, эч бир доош угулбайт. Бир гана Күн нуру. Бул нурлар көздөрүмдүн жоосун алып, мени эрчитип, өз

отуна жагат. Бул отту эми ошол күчтүн өзү гана өчүрбөсө мен биротоло күл болуп күйүп кеткидеймин.

Ал да ордунда туруп калыптыр. Курбу кыздары андан озуп кетишти. Мен аны ушунчалык жакын жерден көрүп турганга ишенбеймин. Ал болсо колдорун кайда катышын да билбей кайрат менен, коркунуч менен жылмая мага тигилип туруптур...

Анын алдына жетип бардым. Бардым да: «Салам, бул – мен!» – дедим окшойт чамасы. Бирок өзүмдүн үнүм өзүмө да угулбады. Анын көздөрүнө тигилген бойдон катып калдым. Ал мага ырдап жаткандай, эч качан эч ким тарабынан ырдалбаган ырды ырдап жаткандай сезилди...

Мен болсо толуп-ташып келип жаткан ички ыйымды араң-араң кармап турдум...



## Эркин АЗЗАМ

*(Аъзам, Агзамов) 1950-жылы Сурхан-Дарыя облусунун Бойсун районунда туулган. 1972-жылы ТашМУнун журналистика факультетин бүтүргөн. Өзбек ССРинин телерадио комитетинде, «Ёшлик», «Гулистон» журналдарында редактор, Гафур Гулям атындагы адабият жана искусство басмасында бөлүм башчы, Өзбекстан улуттук маалымат агенттигинде директордун орун басары, «Тафаккур» журналында башкы редактор болуп иштеген.*

*«Чироқлар ўчмаган кеча» (1977), «Отойининг туғилган йили» (1981), «Олам ям-яшил» (1984), «Жавоб» (1986), «Байрамдан бошқа кунлар» (1988), «Пакананинг ошиқ кўнгли» (2001), «Кечикаётган одам» (2002) ж.б. аңгеме, повест жыйнактары чыккан. Ал кино драматург, публицист катары да таанымал. Өзбекстандын Олий Мажлисинин 1–2-чакырылыштарынын депутаты болгон.*

# КАР БАСКАН ДАБАН

Малик, Нышан, ошол аяздуу оор кыш эсиңерден чыккан жокпу? Катаал дара[1] жолу, улуу урматтуу Сафаров...

Бүгүн мен аны «Ташкент» мейманканасынын алдынан кезиктирип калдым. Ырасы, учуратууну күткөн эмесмин, ойлогон да эмес болчумун – кокус эле бет маңдайымдан чыга калды. Жанында дагы бир өзүнө окшогон киши бар экен. Аны тааныбадым. Аянт кыдырып жүрүшүптүр. Асан-Үсөндөй окшош кийинип алышыптыр. Үстү-башы жаңы, кымбат, бирок кимдир бирөөнүкүн сурап кийип келишкендей өздөрүнүн боюна отурбайт, эпсиз, жарашыксыз. Кечээ келишкендей. Келип эле келгендеги иштерин бүтүргөн соң кечинде «Ташбалта ашыкка» (канчанчы жолу), же кайсыдыр бир (тойлордо уга берип зерикпеген) таанымал ырчынын концертине кирип ырахаттанып чыгышкандай. Бүгүн болсо ал жак-бул жакка басып кыдырышкан, албетте, ЦУМ, ГУМ деген магазиндерге барып аны-муну алышкан, ресторанда отуруп «бир кумардан чыгышкан». Мына эми карт кекирип, борбордун ар кандай көрүнүштөрүн көздөн өткөрүшүүдө (Акыры, кыштакка кайтып барганда кандай барып келдиңер деп жолуга калган бирөө-жарым: «Ээ-э, бу Ташкенти кандай экен?» – деп сурап-нетип калса, мом тиштеп тура албайсың да! «Э, сурап эмне кыласыз? Эркек менен аялды ажыратып болбойт. Кыздар да шым кийип калыптыр деңиз, а чачтары болсо баарыныкы кыркылган, кыска! Кыямат. Бирок бу метро дегени укмуш экен, бардык жагы эле мармар[2]»).

---

[1] *Дара* – кууш кыпчыгай.

[2] *Мармар* – мрамор.

Сөөлөт күтүп, чирене басып, каалгый театр аянтына келе жаткан экен, эски жайларды да бир көрүп коюуга. Анан эле ушул жерден мен кезигип калбаймынбы.

– Э, э, жээн! – деди Сафаров кучактамак болуп колдорун эки жакка жайып.

Саламдашып, ал-акыбал сурашкан болдук: «Кайсы шамал учуруп?» «Иш боюнча, жээн. Шаарыңызда конокпуз».

Божомолум туура чыкты: кечээ келишкен экен: «Куда каалаcа, бүгүн кечки поездди көздөп турабыз».

– Өзүбүздүн инилерден, – деп Сафаров мени шеригине тааныштыра баштады. – Ушул жерде – Ташкентте иштейт. Конторасы – тээтигил бийик имаратта. Көрүп атасызбы, өйдө жагында сааты да бар! Ушундайбы, жээн (сөзүн мага тастыктатып да алды). Булар төрттөн-бештен болуп бул жактан барышат эле. Кыштын күнү деңиз суук, бороон-чапкын. Үстүлөрүндө териге окшогон жука гана, алиги, эмне эле курткабы, истанцада калтырап-титиреп жер тээп турушар эле. Ушунча боор ооруйт элем. «Отургула машинага» дейм. Экспедитор элем да, оо, анда, астымда машина, истансадан шифер, тактай ташый турган убак. Ошентип, төрт-бешин машинага отургузуп алып, айылга алып кетемин. Жол бою кыйкырып ырдап кетишер эле. Устудент да. Мына, эми караң, кандай адам болуп кетишти! Ташкенттей жерде иштеш оңойбу? Булар менен сыймыктанабыз, ооба, сыймыктанабыз. Эмне дедиңиз?

– Ушундай, ушундай, – деп шериги да ага кошулуп мени менен сыймыктанып койду.

– Кана, жээн, мындай бир өзүбүзчө отуруп чайлашалык, болбосо, – деди Сафаров ресторан тарапка баш жаңсай.

Мен да кур калбай аларды үйгө жүргүлө дедим.

– Айттым го, бүгүн кеч поездге отурабыз, – деди Сафаров чебелектей. – Бирок кийинки жолу дагы бир жолубуз түшсө, сиздин үйдө, албетте, бир мейман болушубуз бар, маакулбу, жээн, эсепке алып коюң! Этияты-шарт адресиңизди жазып бериң? Ташкент бизге Меккедей да, мына ушинтип насип кылганда, келип-кетип турабыз.

Биз аны менен катардагы бир тааныш айылдаштар сыңары жөн гана ажырашышыбыз, мен ага кыштакка салам айтып коюусун суранган болуп, ал болсо кийинки келишинде, албетте, үйгө барып конок болорун айтып коштошуубуз, шаар адамына окшоп бир аздан кийин эле мен аны унутушум, болгондо да таптакыр эсимден чыгарып коюшум, өзүмдүн аяк-башы көрүнбөгөн иштериме, оокат-тиричилигиме сүңгүп кетишим мүмкүн эле. Ушундай болгону жакшы эле, бирок коштошор чагыбызда ал ишти бузду – кокусунан эле мындай деп сурап калды:

Оо, баягы Дур-Дара эсиңиздеби, жээн? Бороон чатак?..

Дур-Дара! Наалаты ошол Дур-Дара! Эсиңдеби, Малик? Эсиңдеби, Нышан? Дур-Дара, ду-ур дара – баш-аягы алыс дара…

Үстүбүздө жеңил кемзел-куртка (пальто бизге жарашпайт: копол, узун), жылаңбаш (тумак оорлук кыла турган учурлар да), бутубузда жайында кие турган башмак (кышкыга акча кайда?), үчөөбүз – Малик, Нышан жана мен Жаңы жыл майрамын үйдө, ата-энелерибиздин алдында өткөрүү үчүн айылга жөнөдүк. Үйдө бизди жалтыр-жултур тагылган арча эмес, Аяз Ата эмес, сюрпиз белектер да эмес – ысык сандал[1], атайын ушул күнгө деп сактап коюшкан күзгү жүзүмдөр, алма, бейалма, алардын үйдү токчулукка толтурган ажайып жыты, энелерибиз менен инилерибиздин сагындырган кучактары, мээри күтүп аткан.

Бирок поездден түшөрүбүз менен бизди суук станция, кыш чилдеде кутурган бөрү сыяктуу коркунучтуу улуган, буттан чалып жыгыта жаздачу бороон, бети-башка уулуу ийнедей сайылган дейди ызгаар тосуп алды. Адегенде бош келбедик: жаш элек, бакубат элек. Ушул ит өлгөн суукта жакын эле жерде – тээтигил бопбоз туман көшөгөсүндө асманга өрлөп, асманга кошулуп аткан жерде, көзгө араң-араң чалдыгып аткан дабан артында адырлардын койнуна жашырылган бир айыл барлыгын, ал айылда үйүбүз, ысык-ысык үйлөрүбүз барлыгын, Кудай жол берсе тез эле ал жерге жетип барышыбызды ойлоп, дене-

---

[1] *Сандал* – жерди бир аз казып, чок салып, үстүнө тактай стол коюп жылуу журкан менен орошкон да, буттарын чокко жакын алып барып жылытышкан үй буюму.

леribизге ысыктык табы келгендей жылый түшөбүз. Жакын, өтө эле жакын. Дөө сыяктуу дүмүрөйүп жаткан тигил дабанды эсен-аман ашып алсак, үйгө жеткенибиз.

Бүт баары темир менен коргошундан курулган, суук толуп алган капас сыяктуу тар, ным, караңгы, элсиз станция имаратынан улам кезектешип бир-бирден, азыр эле жүгүрүп кете тургандай жолулаш машинаны күтүп сыртка чыгып турабыз. Ооматыбызданбы, ал машина тезирээк эле келди. Сыртта кезекте турган Нышан бизге жүгүрүп кирди:

– Машина!

Оро-парада, темир жолдон арыда катар тизилген, тегерек-чети ээлерин күтүп, кар жуурканынын астында мемиреп, эригип жаткан тактай жана көмүр үйүлмөлөрүнө толо майда-майда тактай кампаларынын бир тарабынан көрүнгөн жүк машинасы дөңгөлөктөрүндөгү чынжырларын шылдыратып келип жаныбызга токтоду. Кабинанын айнектерин түшүрүп, башында себеттей тумак, тонунун жакаларын көтөрүп алган, бети шишик тартып калган бир киши мойнун чыгарды:

– Аа, жээндер, жол болсун?

– Бак-Болага! – үчөөбүз бирдей кыйкыра сүйлөдүк.

– Э, өзүбүздүн балдар го! Кимдин балдары болосуңар?!

– Салим тегирменчинин, – деди Нышан чыйылдап.

– Каххар узундун инисимин, электрстанциядагы, – деди Малик угулар-угулбас шыбырагандай.

– Абраевдин, – дедим менен акырында, эмнегедир алып кетишинен үмүт кылып.

– Ээ, э, ушундай дегиле. Муну карагыла ээ. – Себет тумак жанындагы шофёрго тигилди.

– Сафаров, – деди Нышан аны биринчи тааныгандай акырын биз гана уга тургандай доош менен. – Кошунабыз. Үйү бир аз арыраак, бирок баары бир кошуна да.

Кабинанын ичиндеги экөөнүн сөзү бизге угулуп атты.

– Норбай ака, бул эмне дегениңиз. Күндү караң, болбойт да! – деп атты шофёр өжөрлөнө. – Тигил дабанды кар басып жатат. Ал жерден өтөмүн дегендин жүрөгү аттын жүрөгүндөй болушу

керек. Кудай көрсөтпөсүн. Дур-Даранын жолун өзүңүз белесиз, барганча...

Кабинанын аркы эшиги шарт ачылды, кулакчын таккан, кара чапанга оронгон шофёр түшүп, алдыбызга келди.

– Инилерим, капа болбогула, – деди ал Нышандын ийинине колун коюп, – жүгүбүз оор, дабандан жүрө албайбыз. Көрүп турасыңар, машинанын үстү ачык. Кийимдериңер да мынтип... Жакшыбы, мен силерди ушул жердеги абамдардыкына алып барып таштайын. Үйү ушул эле жерде, жакын эле. Бир түн ал жерде коңурукту тартып, ысык жатсаңар, эртеге Кудай кааласа күн ачылып, ылайыктуураак бир машина болсо... Мейлиби?..

Биз мелтиреп үчөөбүз тең жалдырай Сафаровго тигилдик.

– Кой, ушул сөзүңдү, кой, бул жакка чык! – деди Сафаров айдоочуга буйра сүйлөп. Анан бизге карап көз кысып, машинаны көрсөтүп ымдады. – Чыккыла, балдар! Эки саат эмне деген кеп? Ана-мына дегенче кирип барабыз. Суук эмне ушул жигиттерди жеп коймок беле? Боз балдар... Устуденттер. Абаңдыкында эмне бар? Бүгүн празник, үйлөрүнө жетиши керек. Ушундайбы, жээндер а?

– Сафаров жашаң, тууган! Бизге ушул эле сөз керек эле. Үчөөбүз тең шарта-шурт машинанын кузовуна ыргыдык. Машина Сафаровдуку, ага абасынын үйүн ортого коюп, эптеп кутулмакчы болуп аткан тиги коркок шофёр эмес, билген адамга бул жерде кожоюн Сафаров. Кожоюндун айтканы – айткан, дегени – деген!

«Этеги» түшүрүлүп, кузов ашырылып терек бою келген узун-узун тактайлар жүктөлгөн машина айдоочусуна кошулуп, ичи ооругандай, каалоосу жок ордунан араң жылды. Жол улаш машина күтүп тургандагы суук ороп алган кызгылт станция имараты, туман ичине чумкуп кирип кеткен темир жол, терегек-чети ыбырсып жаткан тактай кампалар эми артта кылды. Машина адегенде дабанга, дабан эмес, асманга сойлоп кеткен жылан изин четтеп өтүп («Андан жүрөмүн деген адамдын жүрөгү аттын жүрөгү болушу керек!») жөн адам жүрөгү менен жүрүүгө боло турган, төбөсүндө чокулар кароолдой убайлуу какайып,

ажыдаардай оозун кең ачып турган дара жолуна бурулду. Ак чокулардын көлөкөсүнөн башка нерсени көрүп болбойт – баары жок туман. Жарыгын жандырган машина жол таппай араң кыбырайт. Биз туман ичинде силкинип, туманга киринип сүзүп бараткандайбыз. Кыя бүткөндө же бир дөңгө чыкканда куду туман койнуна сиңип, туман менен аралашып кеткендей болобуз. Дара бойлоп бир нерсе, жок, бир нерсе эмес, кадимки жомоктогу ажыдаар оп тартып кеткендей тартылып барабыз. Ажыдаар бизди ичине соруп атат, бүт күчү менен жутуп атат…

– Дабан менен эле кетсек жакшы болмок, – деди Нышан кулактарын алакандары менен ушалап, тезирээк жетер элек.

– Өлгүң келген жокпу? – деди Малик.

– Же өлмөк, же калмак да достум, эми бул кандай азап?

– Шашпай тур, бир аз, үйгө барганда өлөсүң. Давай, андан көрө ырдайбыз!

– Ырды ушундайда ким коюптур? – дедим мен. – Суукта өлөмүн деп кетип атсаң өзүң!

Алар эмнегедир менин айтканыма көңүл деле бурушпады, ыр башталды: Каргалар-р-р учса-а-а карайли-и-ик…

– Кошул! – деди тиштери шакылдап аткан Нышан мага карап. – Ысып кетесиң, Кудай урсун. Суук эсиңден чыгат. Кана, кана! Каргалар-р-р...

Мен болсо оозумду ачмак түгүл эриндеримди кыймылдатуудан да корком, суук ичке кирет. Тигилер бири кулагын, бири мурдун ышкылап кирди.

Машина акырындагандай болуп, Сафаровдун үнү угулду:

– Эмне жээндер дымып калдыңар? – деди ал кабинадан. – Үнүңөрдү бийик-бийик чыгарып ырдагылачы, биз да угалык!

– Жеттикпи, ака? – деп сурады Нышан чыйылдап.

– Жетебиз, жетебиз. Даранын оозуна аз калды.

Даранын оозуна жеткенче... мурдубуз, колдорубуз иштен чыкты, аларга кайгырбай калдык – алар эми жок болуп калды. Буттарыбызга жабыштык. Бирок буттарыбыз туруп эле жылыганга окшойт, туруп эле муздайт, жаны жок сыяктанат. Башмактарыбыздын ичине куду айсберг музунан бир бөлүк кирип

жайланып алгандай! Нышан мойнундагы шарфын чечип алып, бутуна ороду. Малик экөөбүз да ошенттик. Бирок кулак-мурун башка экен да, бут башка экен, алар ар кыл эттен жасалган окшойт.

Бир убакта Нышан пык-пык деп бышактай баштады.

– Э-ха, Гамлетим, ойлоп-ойлоп акыры өлүмгө бой сундубу? – деди Малик. Арабызда тыңырагыбыз да, оюнкараагыбыз да ошол эле. – Делбе болуп калды бул, – деди, кийин мага карап олуттуу сүйлөдү: – Суук жаман да, адамды мына ушундай делбе кылып таштайт. Сен да этият бол!

– Ыйлап атам, – деди Нышан калтылдап, угулар-угулмаксан. – Бир аз жылынганга окшоймун. Силер да ыйлап алгыла.

– Айттым го?! – деди Малик дагы күлкүгө алып. – Соо адам ушул суукта ысыдым дейт беле?

Бирок көп өтпөй Малик экөөбүз да «делбе болуп калдык» башка чара жок эле. Чын эле, адам бир аз жеңил тарткангабы, жылыганга окшойт экен. Таш бакага окшоп мойнубузду ичибизге тартып бүрүшүп, тырышып, бири-бирибиздин колтугубузга тыгылашабыз. Боор оорудубу, Малик Нышандын буттарын көкүрөгүнө алды, мен буттарымды акырын Нышан жакка сундум...

Биз азыр «ажыдаардын» дал «ашказанында» элек. Дагы бир топ жүрүшүбүз керек... Бир топ. Жанагы айла кеткенде ойлоп тапкан «ырыбыз» да, «ыйыбыз» да эч нерсеге ашык атпай калды. Азыр эч нерсени сезбеген да, туйбаган да жансыз үч дене, үч жасат «ажыдаар ашказанында» калкып-калкып сүзүп жүрөт эле. Башка эч нерсе дей албайсың. Бирок ушул жансыз, отсуз денелердин ичинде бир шам чырактын оту турган: «Акыры, үйгө баратабыз го, үйүбүзгө! Акыры жетербиз ээ! Үйүбүз болсо ысык, печка бар, сандал бар, алма, жүзүм, бейалма…»

Бир убак машина токтоду, күбүр-шыбыр үндөр угулгандай болду. Тоңуп турган дене-бойду эптеп көтөрүп үн чыккан жакты карадык.

Ура! «Ажыдаардын курсагынан» – дарадан чыгыппыз! Ана, тозоң ичинде эки адыр ортосундагы сайга жайгашкан беш-он түтүндүү Авжин айылы! Андан ары жарым сааттык жол. Ура!

Машинабыз сайга эңкейген абалда токтоп турат. Алдыбыздагы жол кайырмакка окшогон, ийилген кадаа менен тосулуп турат. Андан өтө албайсың. Жол четинде аманат гана коюлган жыгач кепе. Шлагбаум! Үстүндө эски чакмак, төшү ачык, бети-башынын баарын сакал баскан бир киши кабина алдында Сафаров менен бир нерселерди талашып жатат.

– Мени өзү таанып атасызбы, Борон ака?! – деди Сафаров буулуп.

– Мага андай саясат кылбаң, болуптурбу? Мен сизди таанбайм! – деди ал киши жанды чыгарып. – Айттым го, мүмкүн эмес! Мүмкүн эмес дегенден кийин мүмкүн эмес!

– Э, бул адамга бир балээ болгонбу өзү? Ар күнү ары-бери өтүп жүргөн жолубуз болсо...

Бүгүн өтпөйсүз. Бүгүн – калантир![1]

Акыры эрте менен кетип атканыбызда эч кеп жок эле го? Карааныңызды да көрбөгөнбүз? Качантадан баштап...

Азыртадан баштап калантир! Түштөн кийин ушундай буйрук болду. Тээ жогортодон.

– Коюң, Борон ака, өзүбүздүн адамсыз го, – деп Сафаров кабинанын эшигин ачып, буттарын түшүрүп, ынтымакка келүүгө чыгынды: – Тигил ала таягыңызды көтөрүң эми, адамды жолдон калтырбаң. Артта жүк бар, көрүп атасыз.

– Тигилерчи? Алар да жүкпү?

– Алар... – Сафаров биз тарапка кол жаңсады. – Алар өзүбүздүн балдар, устуденттер.

– Айтыңыз, алар түшсүн.

– Э-э, ушул сөздү таштаң, Борон ака! Ташкенттей жайдан празник кылып келатышат, үйлөрүнө барышы керек.

– Үйүнө ушундай көгөрүп барабы? Муну караң, таш болуптур го баары. Жок, түшөт, сөз бүттү! Калантир!

[1] *Карантин* дегенден (мал жугуштуу ылаңдаган учурда тосмо коюп малды жана алардын азык-түлүгүн башка жактарга өткөрбөй коёт).

– Э, карантиндемей өл! – Сафаров аябай каарданды. – Тактай-мактай керек болсо, андай-мындай деп кеп чаргытып отурбай...

– Калантир деп атам, мусулманым, тактай дебедим го!

– Ой, баба, мына бул Абраевдин уулу болот! – деди Малик сөзгө аралашып мени көрсөтүп.

– Э, мага десең, Кудайдын уулу болбойсуңбу, түш дегенде түшөсүң!

– Булар түшсө, бизди коё бересизби? – деди Сафаров бир жылчык тапкандай үмүттөнүп.

– Түшсүн кана!

Боорукер Сафаров колдорун эки жакка жайып, бизге карап аргасыз абалда жылмайымыш болду:

– Жээндер, өзүңөр көрүп турасыңар, бул адамга жараткан өзү тең келбесе...

Машинадан биринчи болуп Нышан түштү. Түштү да ордунда тик тура албай чөгөлөп барып, отуруп калды.

– Не болду? – деди Малик ага карап.

– Буттарым... – Нышандын кебетеси ушунчалык аянычтуу эле.

– Булар эми эмне кылат? – деди Сафаров.

– Ишиңиз болбосун, сиз кете бериң! – деп шлагбаумду көтөрүп машинага жол ачты.

Айткандай, качантан бери бу карантинчиликка өттүңөр? Мурдалары чарбада элеңер го? Же мунусу тынчыраак, майлуураак бекен? – Сафаров какшык менен аны бир чымчып алмак болду.

– Бул жолдон сизге окшогондор өтө турган болсо, мен дайым ушул жердемин!

– Кыйынсыз, кыйынсыз... – деди Сафаров сөзгө маани бербей кабинанын эшигин жаап. Анан бизден кечирим сурады:

– Капа болбогула эми, жээндер.

Машина көрүнбөй кетти, жаныбыздагы киши: «Ынсапсыз!» – деп катуу сүйлөндү. Анан бизге кайрылды:

– Жүргүлө.

Ал кыя менен жол баштады. Малик экөөбүз Нышанды эки жагынан сүйөп унчукпай аны ээрчидик. Ал бизди кайсыл жакка алып бармакчы? Жолдон неге калтырды? Бул зат өзү каяктан пайда боло калды? Максаты эмне? Наалат тийген «калантир!» Алдыбызда чурк этпей үнсүз-сөзсүз кетип аткан бул адам, анын эски чепкени менен тумагы, чулгоосу чубалып чыгып калган кopол керзи өтүгү көзүбүзгө бир балекет көрүндү. Бирок колубуздан эмне келмек, абалыбыз бул, башка аргабыз жок.

«Калантир» бизди айыл четиндеги, жалаң таш менен тосулган короого алып барды, пешайбансыз имараттын сол жагындагы бир кичине бөлмөгө баштап барды да, өзү чыгып кетти, ошол бойдон карасын көрсөтпөдү. Бир аз өтүп башына калың оромол орогон, көк тукаба кемзил кийген узун бойлуу бир аял кирип:

– Жакшы жүрөсүңөрбү, жигиттер? Үшүп калыпсыңар да? – деди да мешке дагы от салды. Анан аял дасторкон жайып, чайнан, бир табак ысык куурдак алып келди. Башыбызда туруп бизге дыкаттап карады да: – Ичип-жеп отургула, айланайындар, – деп сыртка чыгып кетти.

Куурдак ичке кирген соң өзүбүздү оор сезе баштадык. Бөлмө кыйла жылып калган. Дене-бойлор бошоп жазылып, курак жакандоздорго[1] бутту созуп пар жаздыктарга жанбаштадык. Муздап чарчаган экенбиз ысык жибитип, теректей каткан бойдон көзүбүз ызгыды. Түш көргөн болсок, үчөөбүздүн тең түшүбүзгө каргыш тийген Дур-Дара эмес, жыпжылуу үйлөрүбүз, сандал, алма, жүзүм, бейалма, инилерибиз, энелерибиз киргендир...

Ташкенттей жайдан атайын жолго чыгып, жерибизге бир кадам калганда бирөөнүн үйүнө мажбур конуп, Жаңы жыл майрамын уйкуда, ана ушундай түштөр менен «тосуп алдык».

Жаңы жылдын алгачкы таңында ойгонуп көзүмдү ачсам, босогодо кечээги аял туруптур:

– Силерге машина жиберишиптир...

---

[1] *Жакандоз* – жер төшөк.

Шашып-бушуп шериктеримди ойготтум. Көздөрүбүздү колубуз менен сүрүп-сүрүп бөлмөдөн чыксак дасторкондо али кол тийбеген бир табак палоо туруптур. Кечээги!

Сыртта бизди боорунда «Ветеринария» деп жазылган буурчак ыраң жеңил машина күтүп аткан экен. Аялга же «ырахмат», же «жакшы калыңыз» деп айтканды унутуп, машинага отурдук. Шофёр түбү ушул айылдык ачык-айрым, сөзмөл жигит экен, бизге өзү кеп баштап калды:

– Кечээ кеч келдим эле. Майрамда бабай-мамайды жоктоп коюш керек да. Өзүм совхоздо турам. Силердин бул жерде экениңерди билгенде эбак эле алып барып таштамакмын. Эртелеп Борон чатак айтты: «Үйдө мейман балдар бар эле. Ташкенттен келе жатышкан экен», – деди. Таң атпай үйгө барыптыр.

– А ал кишинин өзү каерде? – дедим мен.

– Азырбы? Малдын башында, короодо болсо керек да.

– Шлагбаумда эмеспи?

– Шлагбаумда ага эмне бар? – деди жигит карт-карт күлүп – Койчу коюн багат да. Азыр малдардын абалы чатак.

– Оору таркаганбы? Карантин деп атышат? – деп Малик кызыгып суроо узатты.

– Карантин-парантин го эмес, суук. Суукта мал багыш, кыштан аман чыгаруу оюнчукпу, тууган!

– Кече бизди карантин деп жолдон алып калды го?

– Ким? Борон чатакпы?

Малик болгон ишти айтып берди эле, шофёр каткырып күлдү.

– Об-бо, чатак-эй, силерди таза катырыптыр го! Карантин болсо, биринчи биз билет элек да? Ал эмне кылып жүрүптүр шлагбаумда? Карантин болсо да, адамдарды өткөрө беришет да? Айтпадыңарбы? Чатактыгына барыптыр да. Силерди бир жакшылап конок кылгысы келгенби? Жылынып алсын дегенби? Кыямат адам. Пейилине түшүнүш кыйын. Өжөрлүгү кармаса, айтканынан кайтпайт. Арзыбаган бир сөз үчүн жатындаш иниси менен араздашып, көп жылдан бери кирип-чыгышпайт. Бирок

өзү мыкты койчу, жакшы адам. Об-бо, чатак-эй, силерди таза катырыптыр го!

– Ох, сени «калантир!» Майрамды үйдө өткөзө албадык! – деди Малик.

Үчөөлөп Борон чатакты ашатып сөгүп да жибердик.

Эртеси күнү атам көчөдөн кайтып келип:

– Сафаровдун машинасында келген экенсиңер ээ? – деп калды. – Бая чайханада көрдүм. «Карасам, станцияда калтырап турушкан экен, алып келдим» – деди.

Мен болгон сөздү, бир күн жолдо түнөп калганыбызды атама айткан жокмун. Борон чатак тууралуу да ооз ачпадым. Унчукпадым. Сен да муну эч кимге айтпагандырсың, Нышан? Сенчи, Малик? Айтканда эмне, эмнесин айтабыз, эмне деп айтат элек? Бир убактарда кыштын күнү эки саат аязда жүргөн болсок жүрүппүз да, анын айтууга арзырлык эмнеси бар? Бирок кээ-кээде жамгырда менин белим ооруп калат. Сыздап катуу ооруйт, Нышан. Чыдатпай ооруйт, Малик. Силердечи, силердин кайсыл жерлериңер ооруйт? Эмнеден экенин билбейсиңерби?..

Бүгүн мен аны «Ташкент» мейманканасынын алдынан кезиктирип калдым. Ырасы, учуратууну күткөн эмесмин, ойлогон да эмес болчумун – кокус эле бет маңдайымдан чыга калды. Дагы ошол наалат алгыр дараны, бизге кылган жакшылыгын эстетти. Ошондо оюма башка бир окуя түштү.

Институтка кирүү экзамендерин тапшырып жатканда тишим катуу ооруп калды. Ушундай бир азап менен экзамен берип, жакшы баа алганыма сүйүнүп ыйлап, ыйымды токтото албай көчөдө кетип атсам, кимдир бирөө: «Эй, жигит!» – деп чакырып калды. Карасам, бири-бирине жарашкан жапжаш жубайлар. Экөөнүн тең колунда балмуздак. Мага карап жылмайып турушуптур. «Экзамен тапшырдыңбы? Канча алдың?» – деди жигит. «Төрт», – дедим таң кала. «Кут болсун, мына, сизге сыйлык! – деп колундагы кагазы да ачылбаган балмуздакты мага карматты. – Алың, алың, тартынбаң. «Беш» алганыңызда башка нерсе белек кылар элек, ээ?» – деп ал келинчегине тигилди. Балмуздак жеп аткан жубайы баш ийкеди. «Экини алган элек. Мына,

бирин бул эжеңиз жеп атат, экинчиси – сизге. Меники эле, бирок сизди көрүп, сизге бергим келди. Экзаменди жакшы тапшырганың үчүн. Кана, алың». Алар мага ушундай бир ачык көңүл, чын дили менен карап турушкан, балмуздакты албай коюуга болбоду. Алдым да, тишим сыздап ооруп атканына да карабай четтен эриндеримди тийгизе баштадым. Ошентип баштаганда оору тык токтоду. Ким билет, ошондо жигит балмуздакты жуп кылып алышы алгандыр, анан жегиси келбей калгандыр да же тиши ооруп аткандыр, анан аны таштап койгусу келбей мени көрүп калып ушундай кылгандар? Ким билсин? Ошондон бери көп жылдар өткөнүнө карабай, кээде ошол жубайларды эстеп калам, издейм. Аларды дагы деле ошондой – бири-бирине жарашкан жапжаш бойдон көргүм келет...

Бизге жакшылык кылмакчы болгон улуу урматтуу Сафаров...

Көзүбүзгө бир балакеттей көрүнүп, кыжырыбызды келтирген Борон чатак...

Мага балмуздак тартуу эткен ошол жубайлар...

Малик, Нышан, мен азыр да кээде ошол дарага дагы түшүп калгандай боломун да, өзүмдү өзүм токтотуп, өзүмө сабыр тилейм: «Мына, азыр үйгө жетемин, жыпжылуу үйүмө. Ал жерде болсо…» Ошондо аргасыздан урматтуу Сафаров эсиме келет. Борон чатакты болсо негедир эстебейм. Силер аны эстейсиңерби? Ал ким эле? Кандай киши эле? Неге ал бизди жолубуздан алып калган, Малик сен билесиңби? Сенчи, Нышан, каргыш тийген Дур-Дара жолундагы жардамсыз сапарлашым?..

*1979*



## Хайриддин СУЛТОНОВ

*1956-жылы Ташкент облусунун Кибрай районуна караштуу Тузул айылында туулган. Ташкент мамлекеттик университетинин журналистика факультетинде окуган. «Гулистон», «Ёшлик» журналдарында, Гафур Гулам атындагы адабият жана искусство басмасында иштеген. 1993-жылдан Өзбекстан Республикасынын Президентинин аппаратынын жооптуу кызматкери, 2000-жылдан 2018-жылга чейин Өзбекстан Республикасынын Президентинин мамлекеттик кеңешчиси, 1999–2003-жылдарда Олий Мажилистин 2-чакырылышынын депутаты.*

*«Қуёш барчага баробар» (1980), «Бир оқшом эртаги» (1981), «Онамнинг юрти» (1987), «Умр эса ўтмоқда» (1988), «Бобурнинг тушлари» (1992), «Бабурий-намэ» (1997) ж.б. китептери чыккан. «Бир оқшом эртаги» китеби үчүн Өзбекстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты болгон.*

*Бир нече көркөм жана документалдык фильмдердин сценарийин жазган. А.Сент-Экзюпери, Ю.Нагибин, С.Алексеев, В.Шукшин ж.б. жазуучулардын чыгармаларын өзбек тилине которгон.*

# БУ ДҮЙНӨНҮН СЫРЫ

Ушундай... Жер жүзүндө төрт миллиард адамга жеткен[1] аба мага жетпейт...

Бул сөздү ал азил катары айтты. Бирок Кундуз анын суз чыккан доошунан улам бул жашоосуна ыраазы эместигин сезди...

Сыз жана боёк жыттанып турган көрүмсүз жана кичинекей китепкана суук эле. Жигит жука плащына оронуп, креслого отуруп, кайдыгер гана журналдарды барактайт. Бир жумадан бери ушул китепкана ачылар замат кирип келет да, күн бою бирдемелерди окуйт, кечкурун Кундуз ишин бүтүрүп, жыйналып жатканын билгенде ырахматын аста айтып чыгып кетет.

Күз – «мёртвый сезон». Санаторийде адам аз. Анын китепканасында болсо андан бетер, адам дээрлик жок. Анан калса ичине кирген адамдын жүрөгү сыгылып кетет, ошон үчүн да китепканачы Кундуз аргасыздан жалгыз өзү китептерге тигилип отура берип жадайт. Иш убакты бүтсө да, ушул жерден тезирээк чыгып кетсе... Бирок «Унчукпас кожо» кечке чейин жылбай отурганы – отурган. Кундуз курорт дептерчесинен анын студенттигин, ысымы Музаффар экенин билип алды. Бирок жигиттин унчукпай отура бергенине таң калат эле. Негизи Кундуз бул оронуп-чулганып жүргөн оорулуу адамдын көңүл бурушуна деле зар эмес: ал бир ай мурда турмушка чыккан – өзү үчүн таптакыр жаңы, сырлуу жашоо кумарына мас. Ар күн эртелеп келиндик иштерин бүтүрүп коюп, үйүнөн

[1] Аңгеме 1978-жылы жазылганын эске алыңыз.

чыгып жумушуна келет, анан күн нурлары түшпөгөн ушул китепкана деп аталган жайында эч бир адам жоктугуна капа болуп алат. Бир аздан соң эшиктен «ашка жүк, башка жүк» Музаффар кирип эптеп-септеп учурашкан болуп, колуна китеп алат да, ошол бойдон жок адамдай отура берет.

Үч күн мурун ал жигитти сөзгө алмак болду. Дал маңдайына барып, бир нерселерди жазган-сызган болуп отура берди. Музаффар бир убакта бетин оозуна жыйрып узак эсинеп алды. Өзүнүн сулуулугуна чексиз ишенген ар кандай ургаачылардай эле буга Кундуздун да жини келди. «Кекейген студент» тууралуу «Адамжапайы» деген өкүм чыгарып, ага ооз ачпаска өзүнө өзү ичтен убада берди.

Бирок бүгүн эртелеп эле өзүнүн оозунан «Эмне кеселсиз?» деген суроо жөндөн-жөн эле чыгып кетти.

Музаффар жылмайгандай болду, азгын, кансыз бетинде бир өзгөрүү болгондой сезилди.

Ушундай... Жер жүзүндө төрт миллиард адамга жеткен аба мага жетпейт...

Кундуз ага таң кала карады.

– Мен – астмамын да, – деди жигит улутунуп. Анын ошол сөздү айтып аткандагы жүзүнүн абалын көрүп, Кундуздун боору ооруй түштү.

– Жакшы болуп калдыңызбы, акыры? – деп сурады атайын үнүн көтөрүп оңтойсуз суроо бергенине осол боло.

Врачтын айтканы боюнча жакшы болушум керек. Бирок... дайым эле докторлордун айтканы келе берсе, ааламда оорулар алда качан калмак эмес.

Ал дароо жооп бергенге шашылды:

– Э, али «сен көр-мен көр» оорубагандай болуп кетесиз!

Жигит баш чайкады:

– Кайдан...

– Улам ойлой берип, кыйнала бербеңиз да. Бул жерден канча адамдар шыпаа тапкан. Тоонун абасы...

Кийин «Арноо концертинен» «Мен сиздерден шыпаа таптым» деген музыкалык салам» жиберем, ушундайбы? – Му-

заффар күлүмсүрөдү. – Куду эле докторго окшошсуз ээ? Мага караң, деги врач эмессизби?

– Жок. – Кундуз да күлүмүш болду. – Фармацевт болгум келген. Кире албадым, химиядан куладым.

– Э-э... – Жигит ордунан козголуп койду. – Сырттан окууга кириңиз да.

Окуу эми... – Кыз ачык доош менен күлдү. – Атасыз чоңойгом. Ошон үчүн абамдын дегени-деген.

– Аа, – деди Музаффар башын ийип.

Кундуз гезит-журналдарды иреттеп кирди.

– Бул дарт өлгүр сизге каяктан жүрүп илешти? Өтө эле жашсыз го? – Ишинен башын көтөрбөй туруп ушинтип сурады.

Билесизби... – Жигит сөзүн топтоп атты. – Жанагы, атам шыйпаңга[1] кароол эле. Көп ооруйт эле. Ооруп калганда ордуна мен турат элем. Дефолиация[2] убактысында… Бул жакта – тоолордо пахта эгилбейт да, дефолиацияны билер бекенсиз?

– Кызык экенсиз, кантип билбейм?

– Ошол убакта талаада эч ким калбашы керек эле. Мен болсо кала берет элем – шыйпаңды кароосуз кантип калтырасың... – Ал күнөөлүүдөй кызга карады.

– Сизди караң ээ! – деди китепканачы. – Шыйпаңды бөрү жейт беле!

– Жаш да, бейбаш да болгомун! – жигит дагы жылмайды.

– Окууңуз эми эмне болот?

– Бир жылды жоготомун да, башка айла жок! – Музаффар колундагы журналды алып, көңүлсүз барактай баштады. – Быйыл өзгөчө көп кыйналдым...

– Айыгып кетесиз, – деди Кундуз ишенич менен. – Айтмакчы, институтту бүтүрүп ким болосуз?

---

[1] *Шыйпаң* – пахта талаасындагы пахтачылар убактылуу баш калкалап турган талаа стандары.

[2] *Дефолиация* – пахта терер алдынан самолёт менен дары сээп бариктерин түшүрүү, же башка убакта да самолёттон уу дарыларды чачуу.

– Адам! – деп күлдү оорулуу жигит.

* * *

– Тоодон түшүп келе жатам, – деди Музаффар эртеси Кундузду көрөрү менен. Мойнунда калың свитер, эшиктин кырына сүйөнүп араң турат.

– Кандай?

– Тоолор да кайгыга чөмүлгөн, куду мендей. – Жигиттин көздөрү эшиктен түшкөн күн нурларына чагыла түшүп сүйлөдү. – Сөз жок! Бийигирээкке чыга албадым, деми кыстыгып калды...

– Неге... тоолор кайгыга чөмүлгөн? – Кундуз терезе пардаларын ачып жатып ушинтип сурады.

– Чыксаңыз көрөсүз.

– Мен чыга элекмин.

– Кантип эле?

– Ишенбейсизби. Бир жолу тогузунчу класста кырларга чейин барганбыз гүл теребиз деп. Кийин кол бошободу.

– Капырай!

– Бөзчү белбоого жалчыбайт![1] – Кундуз капалуу күлүмсүрөдү. – Насип кылса, жаз келсе чыгабыз деп атабыз. Кооз жерлер...

Музаффардын жөтөлү кармап калды. Колунун алакандарын оозуна тутуп жөтөлүп жатканда бети-башы кызарып-татарып, желкелери силкилдеп кетти.

– Наалаты эй... – деди жөтөлү басылганда көздөрүнөн чыгып кеткен жаштарын аарчып. – Эртелеп эле башталып атат, ташка тийгир жөтөл!.. Ооба, кооз жерлер... мактаса боло турган жайлар... – Шкафтан калың мукабалуу китепти алып атып, улутунгандай дагы айтты: – Кооз жерлер...

Анан китепти барактап окуй баштады.

---

[1] «Бөзчү белбоого жалчыбайт» – өзбек макалы, бөзчү (бөз – кездеме) кездемеден белбоо, кур тигет. Өзүндө жок дегендей. Кыргыздар: «Устанын тогоосу жок» – деп коюшат.

Сыртта, күндүн алсыз шоолаларына жамынган бак-дарактардын астында сапсары гүлдүү көйнөгүнүн этектерин сүйрөгөнчө күз ары-бери дилдиреп жүрөт. Сагызгандар учуп-конуп дарактардан түшүп топтолуп калган бариктердин астыларын тыткылайт. Алыста ак карлуу чокулар топу гүлдөрүндөй кыялга термелет. Көгүш туман ичинен элес-элес көзгө урунуп аткан жапайы бадам, тоо алчалары, долоно мөмөлөрү каптаган тоо боорлору бул муздак караңгы бөлмөгө да жылуулук алып келгенсийт.

Кундуз эрикти. Максатсыз эле ары-бери баса баштады. Кайгы алып келчүдөй бир нерседен жүрөгү сыгылды, улутунду. Өзүн адамдарсыз, жардамсыз карып сезди. «Тентип кетсең, белгисиз бир жактарга… – Бир аз өтүп-өтпөй өзүнө келе калгандай күлүмсүрөдү. – Мен эмне жинди болдумбу...»

Музаффар менен сукбатташуу бир аз болсо да эриккенди жазмак. Бирок жигит берилип окуп атат, а түгүл ааламда анын бар экенин да унуткандай. Кундуз жигиттин кымтылган калың эриндерине, нурсуз кой көздөрүнө, кыздардыкындай узун, ичке бармактарына бир-бирден көз салып чыкты.

– Эмнени окуп атасыз? – деп сурады кыз жигитти кепке тарткысы келип эле.

Жигит башын көтөрдү.

– Гегель.

Кыз Гегелдин ким экенин сураштан уялды, ким экенин билгендей, анын ошол китепти окуп атканын жактыргандай башын ийкеп койду.

– Кызык бекен?

– Эмне десем? Ар нерсе да кызыккан адамга – кызык. Бул киши философ.

– Кече телевизордон да бир философ чыкты?

– Ким деген?

– Шариповбу, Шараповбу, иши кылып илимдин кандидаты экен го?

– Билбейм, болсо болгондур, – деди жигит, – билесизби, дүйнөдө кандидаттар, бакалаврлар, докторлор, магистрлер, профессорлор көп, өтө көп, бирок аалымдар аз.

Келин бул сөздөрдүн маанисин анчалык аңдай албады. Окубаганга өкүндү. Эгер окуган болсо ал да ушул жигитке окшоп сонун кылып сүйлөп отурмак...

– Тамакка барбайсызбы? – деди кыз саатына көз жүгүртүп.

– Түшкү тамак болдубу? – Музаффар ордунан козголду. – Кечке дейре иштейсиз ээ. Дагы азыраак окумакчы элем.

– Ооба.

Жигит баш ийкеп эшикти акырын жаап, сыртка кетти. Кундуздун көңүлү чөгүп, Музаффар стол үстүнө коюп кеткен китепти акырын барактады. Калем менен сызылып калган саптарга тигилип карады: «Болуп өткөн окуялуу нерселер – чыныгы болгондордур, чыныгы нерселер – болуп өткөндөрдүр...»

* * *

Түнү жамгыр жаады. Эртелеп болсо асман-жерди туман басты. Кундуз асман толо турган кара булуттарга, ным болуп турган асфальт жолго кабатырлана карады да, күн бою не кыларын билбей зеригип отурарын ойлоп, капа боло түштү. Мектептен ишканасына телефон чалып, бир күнгө уруксат сурады.

Үйлөрүн жыйнаштырмак эле, бирок колу ишке барбай, жүрөгү алда немедей боло берди. Калың жүн жоолугун ороп, плащын кийди да, санаторийге жөнөдү.

Китепкананы ачышы менен жакшы кийинген, көз айнек тагынган, ак саргыл карыя кирип келди. Бир аз журнал барактап китеп алып, жаздырып чыгып кетти.

Кундуз жоолугун желкесине таштап колдорун үйлөп отурат эле. Башында тумак, тамагын шарфы менен орогон, ыраңы боппоз Музаффар босогодо пайда болору менен шашып ордунан турду.

– Ушундай суукта да келип алдыңызбы? – деди жигиттин кызга боору ооруй. – Шамалдап каласыз го? Жок дегенде бул жерге электр жылыткычын коюп беришпейт беле?

– Жылуулук казаны иштен чыгыптыр, оңдоп атышат, – деди кыз күнөөлүүдөй.

– Казан жарылыптырбы? Табигый апаат да! – Жигит таңдайын такылдатты.

Кундуз эмне дээрин билбей: – Китебиңизди алып берейинби? – деп сурады.

– Мейли. Окуй эле бере турган аба болуп атат да! – Ал жөтөлүп, отургусу келип-келбей креслого көчүк басты.

Сүкүт тосмосу аларды бири-биринен бөлүп турду, терезенин түбүнө болсо чак-чак жамгыр тамчылары тамат, кокту-колотто туман көшөгөсү өйдөгө карап көтөрүлүп барат.

– Кече Захида менен уруштум, – деди Кундуз күтүлбөгөндөй кеп баштап.

– Жигит китептен башын көтөрүп аны карады:

– Захидаң ким?

– Бухгалтер аял.

– Эмнеге уруштуң?

Китепкананы тазалагыч жок, өзүм тазалап, шыпырып, жууп турам. Башка бирөөнүн атына айлык берилет экен, ведомосттон көрүп калдым. «Директорго айтамын», – десем: «Бошогуң келип атса айта бер», – дейт. Отурган жерди тазаласам өзүм үчүн кылам, «айлык талашмакчысыңбы» дегенден кийин чыдай албай кызышып кеттим.

– Тооба! – жигит да башын чайкады. – Адамдар ажайып: таттуу болсоң – жутуп ийишет, ачуу болсоң – чайнап салышат... – Анан бармагын кезеп: – Ошон үчүн жер жүзүндө тузу кем адамдар көп да, – деп койду.

Шамал жүрдү. Алыстагы кар баскан чокулар дагы жаркырап көрүндү. Тоо боорундагы жаңгакзар болсо жогоруга чыгып бараткан атчандарга окшоп элес-элес көзгө чалдыгат.

Музаффардын жөтөлү дагы кармап калды. Араңжан боюн креслонун сүйөнгүчүнө шалак таштап, кыркырап калды.

– Доктор чакырайынбы? – Кундуз алапайын таппай шаша сурады.

– Жок... жок... Өх-өх... өтүп кетет. – Жигит оорудан жүзүн бырыштырып, көк тамырлары ойноп чыккан колун силкти. – Терезе... терезени ачың...

– Терезеден жамгыр аралаш шамал кирип, терезе пардасын тарткылады. Кундуз да кыйналып кетти.

Музаффар оор-оор дем алып, толгонуп атат.

– Өзүм да... Өх-өх... Неге бүгүн башталбады деп турдум эле...

Келин эриндерин тиштеди: «Кыйналып кетти, эх!»

– Сизге суук болбойт да. – Күйүнө сүйлөдү.

– Азыр... Азыр басылат... Өх-өх... Өтүп кетет... Өх-өх...

Титиреген бармактары кресло жыгачтарын мыжыгат, тырмалайт, көкүрөгүнөн кырылдаган доош угулат.

Мына, өтүп кетти. – Жигит бешенесинен агып аткан терлерин аарчып, аманат жылмайган болду. – Оорулуу өпкөм ачуу газдарга үйрөнүп... таза абада кыйналып жатат окшойт...

Жамгыр төгүп ийди. Музаффар терезеден сыртка карап энтиге үн катты:

– Жамгыр да эзип ийди да... – Анан Кундузга карап сурады. – Эмне окуп атасыз?

– Кундуз колундагы китептин сыртын көрсөттү.

– Эмне тууралуу экен?

– Биздин жашыбызда эмне тууралуу окумак элек.

– Ооба, десең... – Музаффар терезени жаап атып, ыраазы болгондой баш ийкеди.

Жамгыр доошу акырындады.

– Менде бир китеп бар, – деди ордуна отуруп жатып. – Француз жазуучусу. Ошол китепти окуп жигит башым менен ыйлагам.

– Чынбы?

– Жалганчынын үйү күйсүн. Кааласаңыз, окуп көрүң.

– Бүгүн... жок, мейли, эртең алып келерсиз? Ушундай таасирдүүбү? «Өткөн күндөргө»[1] окшошобу? Мен аны качан окусам да өзүмчө эле ыйлагым келе берет.

«Өткөн күндөр»... О! – жигиттин көздөрү алая түштү. – Сиз гана эмес Кадирий өзү жазып, өзү ыйлаган экен!

* * *

Эртелеп күйөөсү тумагын бастырып үйдөн чыгып атып, Кундузга:

Жумушуңа барсаң, калыңыраак кийин. Күнгө ишенбе, эшек өлтүрө турган ысык бул, – деди.

Күн кашкайып тийип эле турат, бирок аба суук. Көчөнүн өйүз-бүйүзүндөгү тамдардын тунукелеринде кыроо жалтылдайт. Кечээги жамгырдан соң ала-телек кургай баштаган жолго теректердин набат ыраң жалбырактары төгүлүптүр, эки токол эчки ал бариктерди термелеп жеп жүрөт.

Музаффардан түшкө чейин кабар болбоду. Кундуз капыс эле өзүнүн негедир андан тынчсызданып атканын сезди. «Китеп бермек эмес беле?» – деди ичинен жаман ойлордон алыксыш үчүн.

Күн түш ооду. Жүрөгүн санаа тепчип алды. Китепкананын эшигин жаап, түз эле үчүнчү корпуска чыгып барды. Музаффар төрт кишилик бөлмөдө жалгыз өзү жуурканга оронуп жатыптыр.

– Сизге жалганчы болдум ээ? Карабайсызбы? – деп күлгөн болду.

Кундуздун көздөрүндө кандайдыр бир коркунуч, тынчсыздануу жанып турган:

– Жакшы элесизби, өзү?

[1] «Ўтган кунлар» Абдулла Кадирийдин романы.

– Ырахмат. Эртелеп бир аз... бир аз... – Жигит жүзүн бырыштырып, үстү-башын кымтыланды, андан соң үмүтсүз кол шилтеп жиберди.

– Жалгыз жатып кыйналбайсызбы? Бөлмөдө башка киши да жок экен?

Музаффар боюн түздөп, жылмайды.

Атайын ушул бөлмөгө жайгашканмын.

– Неге?

Негизи эле адамдардан качып калдым... Анан калса, башкалардын уйкусун бузуу туура эмес да...

– Адамдарсыз кантип жашайсыз? – деп сурады китепканачы көздөрүн жалдыратып.

Жигит колдорун көкүрөгүнө коюп, күлдү:

– Гёте болуп кеттиң го?

– Гёте?!

Ушундай немис акыны өткөн, билсеңиз керек. Ошонун бир ыры бар: «Канчалар кечсе да жалгыздык азабын, баары бир адамсыз жашай албайт да адам!» – деп кыраатты менен окуду ал.

– Ана көрдүңүзбү!? А сиз болсо...

– Мен болсо... дельфинге боорум ооруйт.

– Кимге?

– Суроoңуз өзбек тилинин грамматикасы боюнча туура эмес, бирок түпкү маңызы боюнча алып караганда эң туура!

Кундуз түшүнбөдү. Желкесин куушурду.

– Себеби дельфин – тилсиз, акыл-эссиз айбан деп эсептелет. Айбандар болсо «ким?» эмес, «эмне?» деген суроого жооп берет. Мектепте окутушканбы? Бирок мен айтып аткан дельфин башкача: «Ким?» – деп суроо бергенге арзыйт… Мени жинди деп ойлоп атасызбы? – деп калды ал кокус эле.

– Жок ай, неге?

Бир аз өөдүк-сөөдүк сүйлөп коёмун да... Индонезияда бир дельфин мектепте бараткан, келаткан балдарды жонуна мингизип алып аркы аралдан берки аралга, берки аралдан кайра аркы аралга өткөзүп коёт экен. Ар дайым балдардын мектеп-

ке барчу, мектептен чыккан убактысын билип, алардын жээкке келишин күтүп турат экен. Бир күнү ошол балдар менен кошо башка бир адам да ага минип алыптыр. Ал мас экен. Колунда чүпүрөккө оролгон бычагы бар экен. Суунун ортосуна келгенде ошол бычагын сууруп алып дельфинди как жүрөккө сайыптыр...

– Вой-эй! Эмнеге?

– Эмнеге дейсизби? Жырткычтыкта качан аёо болот эле? Андан ары жагын уксаңыз: дельфин сууну кара канга боёп жээкке эптеп сүзүп жетиптир. Балдар кургак жерге чыгып кетиши менен ал шалак этип оодарылып, жан бериптир... Көрдүңүзбү? Эгер анын ордунда «ким» болгон болсо, бычак жеген замат желкесиндегилерди оодарып иймек.

– Шордуу, эй! Жаратын дароо таңып коюшканда, балким, өлбөйт беле...

– «Ким» болгондо? Ошол, «эмне» деген суроого жооп боло турган нерсеби?

Тумбочканын үстүндөгү суусуз банкага салып коюлган бир десте кийик от кургай баштаган, кекире жыты туш-тарапка таралат, кургап калган ар кыл чөптөр бопбош бөлмөнү дагы да берекесиз көрсөтүп турат.

Кундуз терезенин асты жыгачында иретсиз чачылып жаткан кагаздарга жини келгендей карап:

– Сиз эмне сабагыңызды даярдап жатасызбы? – деп сурады.

– Жок, – деди жигит, – булар күндөлүк.

– Көрсөм болобу, сыр эмеспи?

– Сыр!

– Аскердик жашыруун сырбы? – деп күлдү Кундуз.

– Бу дүйнөнүн сыры, – деп жылмайды жигит. – Ааламда адамзаттын акылы албай турган бир сыр бар. Аны эч ким түшүнбөйт. Эгер ага адамдын акылы жеткен болсо, жашоонун маани-маңызы калбайт. – Анын жөтөлү дагы кармады. Келин ичинен кейип, эриндерин тиштенди: «Кудайым-эй!»

Музаффар ооздорун чачык менен аарчып, жуурканын түздөп, кансырап:

– Ушундай, – деп койду.

«Жакшы болуп кетсин-эй, бечара» – деп Кундуз кыялында шыбырады.

– Тоюңуз качан болгон? – деп сурады жигит туруп эле чочугандай.

– Бир айдан ашты... – Кундуздун көңүлүн күтүлбөгөн суроо түйшөлтүп ийди.

– Күйөөңүз эмне иш кылат?

Бул суроо ага оор келди, эмнегедир жини келе түштү.

– Каналда... техник...

– Аа, анда жакшы, – деди жигит кабак-кашын кыймылдатып, доошун тарс чыгарып.

Экөөнүн кеп-сөзү түгөнгөндөй болду. Кундуз терезеден көрүнүп турган асмандын бир бөлүгүнө көз жүгүртүп:

– Группаңызда кыздар да окуса керек ээ? – деп койду.

Музаффар колдоруна таянып, желке мойнун көтөрдү.

Ошолордун бирин жакшы көрөсүз да демекчисизби? Жок, жакшы көрбөйм. Мени да дүйнөдө апамдан башка эч ким жакшы көрбөгөн, – деди ал жылмаюуга аракет кылып.

– Эмне үчүн?

– Ошого... – ал бир замат ойго чөмүлө түштү. – Келиң, бул да сыр бойдон эле калсын!

– Баары жок сыр деңиз? – келин ордунан козголду. – Мейли, мен кетейин...

– Шашып атасызбы?

– Суусадым.

– Чайнекте чай бар. Бир аз сууп калды.

– Жок, ырахмат. Врачты чакырып берейинби?

Жигит баш чайкады.

– Неге?

«Табып айтат: «Эй, наадан, бу дарттын дабасы жок дешет» – деп, ал тумбочкасынан бир китеп алып чыгып, кызга узатты. – Мына, ушул ыйлата турган...

Кундуз эшикти сыртынан бекем жапты, ичкериден жөтөл угулду...

* * *

Үйгө үн чыгарбай, ичтен сызып кайтты. Дарбаза ачык, кайын атасы колуна кайчысын алып, алма дарактарынын арасында күймөнүп иштеп жүрүптүр. Салам айтып короого кирди да, эртелеп жайып кеткен кирлерин тартмалардан жыйнаштырып кирди. Атлас пардалар, гүлдүү кездемелер менен кооздолгон бөлмө батып бараткан күндүн кырмызы боёгуна чүмкөлгөн, бурчтагы күзгүгө, сервант үстүндөгү саатка отуруп бараткан күндүн алсыз шоолалары чачырайт. Кундуз төрдөгү сүрөттө күлүп турган, оромолчон кемпирге бир азга тигилип калды.

Ал маркум кайын энесин көрбөгөн. А кошуна аялдар жаңы келин Кундузду: «Кең үйдүн келинчеги» – деп азилдешер эле.

Уйду саап болуп, тамак асканга урунганда машина сигналы угулду. Сабак жазып отурган кайын иниси – он төрт жашар Исираил чыгып дарбазаны ачты. Чаңга баткан сары «Москвич» кирип келди. Болонья куртка, көк шым кийген Камил машинадан түшүп үстү-башын кагынды да, малканада жүргөн атасы тарапка жүрдү. Кундуз абдестеге жылуу суу куйду, чачыкты илип атып, күйөөсүнө узактан: «Арбаңыз» – деди.

Ал ашканада сабиз туурап атып, бармагынын бир жерин кесип алды. Шашып-бушуп байлап атса, күйөөсү ширеңке издеп кирип калды.

– Колуңду кестиңби? Э! Көзүңө карабайсыңбы? – деди ал кейип. – Мейли, эми, кан – тирүүлүк. Чыкка сал дароо токтойт.

Тамактанып атканда чай сунуп, кыялы менен ар жакка кезип отурган. Сүйлөп аткандардын кеби кулагына кирдичикты угулгансыйт:

... кызыл өгүздүн күнжара жеми... Эртең бакка чыгып түбүн көмүш керек... Молдо Нурматка...

Чайдан соң чалды куш уйку басты. Келин ага жай салып берип, идиш-аягын жыйнап кирди. Үйгө кайтып киргенде те-

левизор кыйкырып атыптыр, эри бүк түшүп коңурукка кеткен экен. Шарпаны сезип, көзүн ача койду.

– Өчүрүп койсом болобу?

– Э-э... чарчапмын... – Камил эсинеп, ордунан турду.

Кундуз мешке көмүр салып, терезеден тышкарыга көз салды. Капкараңгы. Короо этегиндеги карт тыт карайып көрүнөт. Кайсыл бир жерде дейди мышык зарлап мыёолойт. «Жөтөлү басылды бекен? Сыр деп эмнени айтты экен-а? Эч ким түшүнбөшү керек… Неге? Сыр болгону үчүнбү?..» Акырын умсунду. Сумкасынан ал берген китепти алды. Эринип барактады. Туш келген беттен окуй баштады. Адегенде бир сыйра көз жүгүрттү, анан эле бул ааламды унута баштады… Эшиктин кыйчылдап ачылганын да, күйөөсүнүн кыска жөтөлгөнүн да сезбеди. Камил желкесинен ашыра ага эңилип туруп муздак алаканын билегине койгондо чочуп кетти.

– Эмне китеп? Кана? Барб-юс?! Атимча?[1] «Барбарис» деген конфет болот эле го…

* * *

Эри чапанын чечип стулдун сүйөнгүчүнө таштады. Анан бир аз катып турду да, бир нерсени эстеп:

Машинанын суусун төгүп коюш керек. Кар жаай тургансып калды, – деп үйдөн чыкты.

Чынында Кундуз анын бул сөздөрүн укпады. Бул убакта ал... ыйлап алган, эриндери: «Кымбаттуум Луи! Сага бул катты жыйырма жылдан кийин гана жазып атамын…», – деп шыбырып аткан. Музаффарды, анын айтканын эстеди: «Бул китепти окуп жигит башым менен ыйлаймын…»

Күйөөсүнүн карааныn байкап, көзүн, жүзүн аарчыды. Камил чечинип керебетке кулады. Чоң жана күчтүү колдорун

[1] Ислам медреселеринде дин боюнча окуган билимдүү кыз-келиндер (бул жерде какшык катары айтылып жатат).

башынын астына коюп, чалкасынан жатат, дем алган сайын кең көкүрөгү улам-улам өйдө көтөрүлүп, кайра түшөт.

– Бол, жатпайсыңбы, – деп шыбырады ал бир убакта. Көздөрү жалын чачып тургандай.

Кундуз баш чайкады, окуп атканын токтотподу. Ар кечте ушул сөздү укканда бүт денесин сырдуу бир калтырак басып өтөр эле. Азыр негедир антпеди. Күйөөсү шыпка үнсүз тигилип бир топ жатты да, кейикчээлдик менен:

– Күнү бою тойбодуңбу, болду да! Жарыкты өчүр! – деди.

Ошентти да, аны бир чапчып, аялынын баркыт кемсели жаап турган белинен шарт кучактап бооруна тартты.

– Ох, атимчам-эй! Болду да эми!..

Кундуз анын колунан бошоп көздөрүн жумду. Түн. Аалам жымжырт. Кундуз көзүн ачып чочуп кетти: суук, эч ким жок бөлмө, жөтөлү кармап, жапжалгыз толгонуп жаткан... Музаффар!

Камил шашып калды:

– Неге ыйлап атасың?

Кундуз кыйналып кетти, желкелери дир-дир силкинет... Күйөөсү туруп жарыкты жандырды.

– Айтсаңчы, эмне болду? Бир жериң ооруп атабы?

Камил тынчы кетип, керебет четине коомайланды.

– Адамды кыжыл кылып жибердиң го! Сүйлөсөң!

Анын сүйлөбөгөнүн, ушул ичитап абалын өзүнчө түшүнгөн күйөөсү жанына отуруп акырын сүйлөп кирди:

– Билемин... Иш көп... Зеригип кеттиң... – деди муңайым үн менен. – Кала берсе киного да алып бара албай жатам. Көрүп турасың да, колум тийбей атат. Объектини тапшыралык, ойногону шаарга түшүп келебиз. Кааласаң, театрга киребиз…

Анын бул сөздөрү Кундуздун ичин андан бетер өрттөп жиберди.

Камил жарыкты өчүрүп, жаткан эле жеринен сигаретин түтөттү. Тамеки чогунун шооласында болсо анын талаа шамалы карайтып ийген жүзү көрүнө калып, кайра жоголот. Сигаретин кайра-кайра өчү бардай тартып, түтүнүн ичине сорду.

Экөөнүн уйкусу качты. Кундуз жарык түшүп турган терезеге тигилип, эжеси Зумradды эстеди. Анан соң туулуп-өскөн короо-жайын эстеди, көктөмдө үй астында жайнап чыкчу кыпкызыл кызгалдактардын отуна оролуп калган үйүн көз алдына келтирди. Кундуз үчүнчү классты бүтүргөн жылы эжеси бир жигит менен качып кеткен эле. Анан апасы аны көп каргачу, каргап атып Кундузду да каргышына кошуп кетчү: «Суюк аяк эжеңе окшобой өл! Кырчынында кыйылгыр, ошол шермендени тарткан атасыңбы?!» Ал ошол эжесине айтылган ачуу кептерге сугарылып чоңойду. Мектепти бүтүрүшү менен апасы аны эптеп «жок кылуунун» амалын издеди. Санаторий ашканасында иштеп жүргөндө Кундузду бир айлык окууга жиберди. Кайтып келгенде ал абасынын досу Миркамол агайдын уулуна бата кылып болуп койгонун укту. Чоң үй, короо-жай. Ак көңүл кайын ата. Момун кайни...

Капысынан аны бир нерсе титиретип жибергендей болду: жанында Музаффар жаткандай туюлду… Бул оюнан өзү коркуп кетти. Көздөрүн шарт, бекем жумду: дагы ошол Музаффар! Кундуз санаага батып, көзүнө жашы келди. Кантип эле?.. Кантип?..

Камил эч нерсени сезбей бышылдап уктап жатат. Ушул адам анын эри. Бир өмүр! Бир убак Камилдин ысык жүзүнө бармактарын тийгизди. Эри уйкусурап тамшанды. Жанбашына оодарылып көзүн ачты:

– Дагы эле уктай элексиңби?

Кундуз анын уйкулуу сөздөрүнө тик карап:

– Мага караң! – деди доошу ишенимдүү, олуттуу. – Мени... жакшы көрөсүзбү?

Камил түшүнбөдү:

– А?

– Мени жакшы көрөсүзбү?

Күйөөсү желкесинен кучактады:

– Бул не дегениң? Жакшы көрбөсөм... үйлөнөт белем?

– Менчи?

– Сен эмне?!

– Мен сизди жакшы көрөмүнбү?

Камил нес болуп калды.

– Аялым болгондон кийин... жакшы көрөсүң да, – деди уйкусу ачылып.

Камил сергектенип, ордунан турду. Тизелерин кучактап, аялына теше тигилди.

– Сага эмне болду өзү? – деп сурады ал. – Чыныңды айта бер!..

Келин терезеден түшүп жаткан ай жарыгында күйөөсүнүн делдейген эриндерин, киртейген сөздөрүн көрүп, боору ооруду. – Эч нерсе... – деди жай гана ойлуу.

– Жок, «эч нерсеге» окшобойт! Же... кимдир бирөө менен...

Кундуздун жүрөгү шуу этти.

– Неге унчукпайсың?! Сүйлө! Айт!

– Неге андай дейсиз?

– Болбосо неге мындай өзгөрүп атасың?

Камилдин ачуусу кайнады. Не кыларды билбей дагы сигаретин жандырды. Таңкы короздор чакыра баштаганча чурк этпей жатышты. Экөө тең ортолорунда эмнелер жоголуп, эмнелер пайда болуп жатканын түшүнгөндөй эле...

* * *

Эри таң ата электе туруп, чай да ичпей жумушуна жөнөдү.

Кундуз чоюндай оорлошкон башын араң көтөрүп ордунан козголду.

* * *

...Кат кыска эле: *«Кундуз! Шашылыш жөнөп атам. Суук жанга батты. Сиз бактылуу болушуңуз керек. Сиз өзүңүз деле билбеген абалда мага канчалык дем бергениңизди бил-*

*ген болсоңуз... Бир гана нерсе... ырахмат айта аламын... Музаффар».*

– Муну да калтырды, – деди кароол чал кара мукабалуу китепти узатып жатып.

Кундуз таң кала кароол чалга тигилди.

Ал беймарал пияладагы ачык көк чайын чайпап коюп уурттап жатат...

*1978*



## Назар ЭШЕНКУЛ

*1962-жылы Кашка дарыя облусунун Камаши районундагы Терсата айылында туулган. 1986-жылы Ташкент мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүргөн. «Уруш одамлари» (1988) деген алгачкы чыгармасынан кийин «Момо кўшиқ» (1989), «Маймун етаклаган одам» (2001), «Шамолни тутиб бўлмайди» (2004) ж.б. китептери чыккан. Ф.К.Аниттинин аңгемелер жана повесттерин, А.Камюнун эсселерин, А.П.Чеховдун аңгемелерин өзбек тилине которгон.*

*Анын бул аңгемеси Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептеринин өзбек адабияты предметинин окуу программасына киргизилип, 11-класстарда окутулат.*

## ШАМАЛДЫ ТУТУП БОЛБОЙТ ДА...

Жүз жылдан бери терсаталыктардын урматы жана сыймыгы болуп келген, эми болсо заманбап кылып курулган бийик жана келишкен үйлөрдүн алдында беттеги чыйкандай кыштактын көркүн бузуп турган жана айылга эскиликтин жышаанын берип аткан, сырдуу жана коркунучтуу окуяларга толгон байыркы коргонду эстетүүчү Байна апанын үйүн такыр талкалоого жана бүтүндөй жок кылууга өкүм кылынган эстеликтей биротоло бузуп салууга киришишти. Темир тырнактуу бульдозерлор үйдүн дубалын кулатып жатканда, үй менен кошо өздөрүнүн да бир нерселерин бузуп, талкалап жаткандай терсаталыктар бир четте жым гана байкап турушту жана нак элүү жылдай тагдырдын ырайымсыз оюнуна каршы күрөшүп жүрүп бу ааламдан жалгыз жана изсиз өтүү азабын көтөрүп келген, турмуш-жашоосу такыр түшүнүксүз жана туман туюла турган Байна апаны эстеген аялдар көздөрүнө жаш алып, балдарын боорлоруна кысканча, узак жана кайгылуу эскерүүлөргө чөмүлүп, муңайыңкы абалда отурушат.

Байна апа тирүү кезинде, бардык бул аялдарды, күйөөсүнүн палвандык буюм-тайымдары жана кийим-кечектери жаткан, палвандын өлүмүнөн кийин эч качан чырак да жагылбаган, үйдүн дарчалары[1] бүт шыбалып ташталган жана үжүрө сыяктуу караңгылык баскан үйүнө эч кимисин киргизбеген болсо да, алар ачуусу менен азабын, кегин кыйынчы-

---

[1] *Дарча* – эски үйлөрдүн терезе сыяктуу койгон тешиктери, ага айнек салынбайт, жыгач капкактары менен ачылып-жабылып турат (котормочудан).

лык менен ичине жутуп келген бул кемпирди урматтоо менен жана жылуу маанай менен эстешет эле. Бул үй Терсатада салынган биринчи тамдардан эле жана Райим палвандын атасы Шүкүр аксакал мындан бир кылым мурда жарык дүйнөгө келет деп күткөн болочок перзенттерине кең үй жана жылдан-жылга көбөйүп аткан жылкыларына аткана салуу максатында Терсата сайынын күнгөй бетине кыштактын биринчи үйүнүн биринчи пайдубалын баштаган эле.

Райим палван болсо атасынын ошол ишин улантты: тамаркасына бак өстүрдү жана аткананын жанына кырга туташтырып, жай саратанында эт-майларды, кымыз-айрандарды сактоо үчүн кең жертөлө, үйдүн алдына таштан бийик супача[1], ат беймарал кирип чыгып кете турган, түркүктөр менен тиретилген узун айбан курду.

Байна апа жалгыздык менен шерик болгон элүү жылга чамалаш өмүрүн дал ошол түркүктөргө жөлөнүп өткөрдү: ал күйөөсүн жана уулун аябай-аябай сагынып эстегенде ушул түркүктөрдү кучактап-кучактап өксүп-өксүп алчу. Кийинчерээк көз жаштары да кургап түгөнүп калган соң өмүр жолунда артында сүйөнүчү жана өлгөндө ыйлап жоктоп кала турганы болбогонун адамдардан жашыруу үчүн же эми мезгилдин салып жаткан издеринен кутула албай эскирип бараткан үйдү бузулуп, тозуп кетүүдөн куткарып калчудай, желкесин түркүккө сүйөгөн абалда эскерүүлөрүнүн сынык бөлүктөрүнө тигилип, көздөрүн жумган бойдон сүкүт сактап, сааттап, а түгүл күндөп отура берер эле.

Райим палвандын өлүмүнөн кийин туулган жана ал тууралуу кийинчерээк эстеринен чыгып кеткен муундун сөздөрүн гана угуп улгайган көпчүлүк бышык кыштар менен астын көтөрүп, келиштирип үй сала баштаганда, бир кезде Терсатанын көркү жана мактанычы болуп турган бул үй эми көрксүз көрүнүп, Байна апа сыяктуу үй да кыштактагы заңгыраган тамдардын  астында жалгызсырап калды: бир гана бири-

[1] *Супа* – таш, ылай менен жерден бийиктетилип салынган сөөрү, чарпая (тапчан).

бирин басып-түртүп кирип келе жаткан шашкалак жылдар бул муундун эс-тутумунда кандайдыр алыс калган учурдун элесин эстетип коюу үчүн үй дубалдарына бир нерселерди жазып, сызып салышат, бул жер өзүнүн бир кездеги көркүн жана кудуретин жоготуп болгон, унутулган, а түгүл таштанды бир жайга айланды. Терсаталыктар эми аэропландар тууралуу сөз кыла баштаган. Алар замандын күн санап өсүп-өзгөрүп баратканына жетише да албай атышкан. Жылдар менен бардык нерселер өзгөрөт, бир гана Байна апа аны сезбейт, ал үчүн убакыт-саат баягы учур бойдон катып калгандай, аны мындан элүү жыл абалкы учурдан – күйөөсү менен уулунун өлгөн денесин аскерлер тепкилеп өтүшкөн түркүк алдынан табуу гана мүмкүн эле.

Милициялар жана аскерлер үйдүн бурч-бурчунан жапырылып кирип келишкенде Байна апа күйөөсүнүн жансыз денесин кармап турат эле. Райим палванды колго түшүрө албай жүргөн Заман атбагар аны үйүнөн чыгып бараткanda эле атып салган, эми болсо палван чын эле өлдүбү, жокпу милициялар менен бысып, аңдып айбанга жакындап келишти. Бирок ушул убакта дагы бир октун үнү угулду жана Райим палвандан көзүн албай келе жаткан аскер буттарын кучактап кыйкырып жыгылды. Байна апа мейманкана эшигинен чыга берише атасын атып таштаганын көрүп, үйгө чуркап кирип кеткен, эми болсо колуна атасынын мылтыгын кармап турган уулун көрдү – баласынын көзүндө да күйөөсүнүкү сымал каар, өч жанып турган. Байна апа уулун токтотушка үлгүрбөдү. Ошол учурда дароо эле бир нече катар атылган ок анын кулагын бүтүрүп таштады, уулу атасынын үстүнө бети менен жыгылды – жыгылып атып, эми эле түк ала баштаган муруттары титиреп кетти, апасына коркуу аралаш кыжаалаттык менен бир тиктеп койду. Заман атбагар жүгүрүп келип, анын башына тепти жана мылтыгын алып ары ыргытты.

Айылда аскерлерден башка эч ким көрүнбөйт, адамдар сууга чөккөндөй кайып болушкан, бир гана терезелерге тар-

тылган кара пардалар бул коркунучка капарсыз жана тиешеси жоктой карап турган.

Байна апа терсаталыктарды кечире албады – көкүрөгү октон тешилип кеткен уулуна карап Заман атбагар дагы бир нече жолу ок чыгарды. Апа болсо жардам болор бекен деп үйлөрдүн дарчаларын жаап турган кара чүмбөттөргө бир-бирден карап чыкты, бирок алардан суук сүкүттөн башка эч нерсе көрүнбөйт, наадандыкка баткан дарчалар бул адам чыдагыс кыянаттыкты тек гана тамаша кылып карап тургандай.

Милициялар Райим палван менен уулунун өлгөнүнө толук ишенген соң аттарына минип жөнөй бергенде, Заман атбагар эри менен уулунун денесинин үстүндө чөк түшүп отурган Байна апанын башынан ашыра жонуна катуу сабады:

Эми кар болуп, зар болуп өтүп кетесиң! – кырылдады ал. – Малыңды тапшыр дегенде эриң колуна мылтык алып биз менен мышык-чычкан ойноду. Мына, эми ага эч нерсенин кереги жок!

Милиция Райим палвандын короодогу бадасын, аттарын айдап кетти.

Заман атбагар жылкыларды айдап баратып, атасынын өчүн алышы мүмкүн болгон баласын да атып салганы үчүн өзүнө өзү ыраазы болуп атты, ал ушул кетип атышында айылдын көп нерселерин кошо айдап кеткендей болду – эми бул айыл мунарасы кулаган шаардай карып жана көрүмсүз болот.

Он беш жылдан соң Заман атбагар айылга кайтып келгенде кыштактан береке-пейиз кетип, адамдар дагы да боор ооруй тургандай жана коркок болуп калгандай. Ал Райим палвандан соң таштальп калган абалда турган сай боюндагы бакка кең кылып там салды, ал бакка ошол үйүн куруу үчүн эч кимден уруксат да сураган жок. Эми ал өзү бул кыштакка алып келген заман абасынан дем алып аткан айылдаштарын көрүү үчүн атын алкынтып артынан бир топ аңчылык иттерин ээрчитип айланып жүргөн эле, дал алдынан желкесине отун көтөрүп келе жаткан Байна апа чыкты. Байна апа карып

калган, бирок көздөрү деле болсо он беш жыл мурдагыдай заардуу жана кектүү эле.

Сен мага мындай караба! – Заман атбагар камчысын төбөдө силкилдетти. – Эриң бул жерде болбосо башка жерде баары бир өлгөн болот эле. Сен болсо кабатырланба, өлсөң мына бул иттерим көмөт! – Ушундай деп ал бөрүбасарларын көрсөттү.

Бирок ал бул жолу Байна апаны урбады. Байна апа да ага бир ооз ашыкча үн катпады. Деги эле ал күйөөсүнүн жана баласынын өлүмүнөн кийин сүйлөбөс болуп калган. Ал Райымдин атасы Шүкүр аксакал өз пейилине жараша узун-туурасын кеңири кылып курган бөлмөлөрдө куду бир нерсени жоготуп ийген сымал максатсыз басып жүрөт эле, эми бул келме-кезек дүйнөдө жалгыз жана кароосуз калган эле, бирок өзүнүн кайгы-капасын эч качан билдирбейт, а түгүл ал-акыбалын сурагандарды да жаман көрөт, турмушун эч ким баш бага албаган, кол тийгис бир мамлекеттей ал жакка бир да кишинин, кала берсе сөзү менен да киришине жол койбойт эле. Эрте жаздан кеч күзгө чейин таң заардан алдына беш алты кой-козу, эчки-улак айдап алып дарыя боюндагы жылгынзарга[1] түшүп кетер эле, ал жерден куурап калган куурайларды, бутак-шактарды терип, караңгы түшкөндө үйүнө кайтат, бир жылда эки-үч жолу тегирменге ун кылуу  үчүн буудай көтөрүп барат. Анын жонуна буудай көтөрүнүп барышына арданган Алламурад тегирменчи Байна апага ылтымас кылды:

– Сиз мындай убара болуп жүрбөң, – деди ал, – каттаган эркектерден бирип ийиңиз, а тартылып бүткөндө унуңузду өзүм үйүңүзгө алып барып беремин.

– Бул айылда эркек жок! – деди Барна апа зарда менен, анан желкесиндеги буудайды тегермендин кире биришине күп этип түшүрдү. Муну айтып атканда ооздору көгөрүп титиреп кетти. Тегерменчи тилин тиштеп тим болду.

[1] *Жылгын* – гүлү жана бариктери майда, агыш түстөгү өсүмдүк.

Байна апа бир убакта жалгыз айылдын гана эмес, бүтүндөй тоолуу элдин кадыр-баркын көтөргөн, атын чыгарган Райим палванга кулак деп айып тагышына, анан иттей кор кылып атып таштаганга жол койгону жана уулу менен күйөөсүн жаңы замандын ээси, бир убакта Райим палвандын малайы болуп жүргөн Заман атбагардын ыктыярына берип койгону үчүн айылдаштарын кечире албас, аларга болгон кыжырдануусу азаюу ордуна, жылдар өтүп, ата-бала өлтүрүлгөн кечтен алыстаган сайын көбүрөөк орду жана кадыры билинип жаткан, өзүнүн турмушунун бардык кубанычынан биротоло ажыраган, жалгыздыктын кордугу менен жашап калган Байна апанын карылыгы менен бирге биротоло эч нерсени жактырбай жана эч чарасыз болуп барат эле. Кээде ал айылдаштарын ачык эле келекеге салат: «Э-э, сенсиңби, Салам көсө, катыныңдын ыштанын дагы эле кийип жүрөсүңбү дейм», «Хаким, чабандессиңби, мынча байталга окшоп кыйшалактайсың…», «Бул айылдын катындары эми жалаң кызтеке туушат»... Мындай шылдың кептер жылдардын жылып өтүшү менен Байна апаны айыл адамдарынан биротоло ажыратып салгансыды. Эми ал жалгыз жана эч бир адамдарсыз калды.

Аны айлап да эч ким издебейт, бир гана эрте менен эчкилерин жылгынзарга айдап баратканынан, кечкурун айыл аралаган кайнаган сүт жытынан али тирүү экенин гана билишет. Байна апа өз жалгыздыгын жана ташпиштерин турмуштун сасык, мүшкүл, кор болгон жыттары аңкып жаткан жылдардын агымынан жетелеп өттү. Айылдаштары жаз келиши менен мурдагы жайлоолоруна көчүп чыгат жана жер тытмалап, ар ким өз тиричилиги менен убара. Кыштакта калган Байна апа болсо бул убакта жалгыздыктын жерин айдап, ал жерге ар жылы Заман атбагар өкмөт адамдары менен келип, күйөөсүн жана баласын атып таштаган бир кечти эгет жана анын түшүмүн да жалгыз өзү жыйнап алат. Байна апа ар түндө көз жаштары толгон кайыкта жылдар бүктөмүндө калып кеткен күйөөсү менен уулунун окко тешилип кеткен жансыз денеси жана Заман атбагардын канга боёлгон камчысы жаткан ай-

банга сүзүп барат, эртелеп болсо суу болуп кеткен жаздыгын илгерки өткөн адамдардын унутулган желегиндей үйдүн алдындагы – арадан көп жылдар өткөн соң үйүн бузуп аткандар көмкөрүп таштоого күчтөрү жетпеген, туш-тарабынан казып алууга мажбур болгон бийик талга асып, күнгө кургатат. Кышта болсо камдап алган отуну жетпеген күндөрү жуурканга буттарын сунуп киргизген бойдон эскерүүлөрүнө жылынып жан сактайт. Ражаб көсө туугандык кылып, бир нече жыл мурда даярдап берген отуну кампа артында тизилген бойдон бузулбай турат эле – аны Байна апа каза болгондо зыйнатында жагышты жана бардык терсаталыктар Райим палван тирүү кезинде баарынын кеңешчиси болгон, аны бардык меймандар жана жаш палвандар менен толуп-ташып турган бул аялдын мынчалык каргышы менен терс кароосуна неге мынча татыктуу болушканын, күнөөлөрү эмнеде экендигин бир өмүр биле албай өтүштү. Байна апа айылдаштырына атайын көрсөтүү үчүн, бул үйдүн эркектери жана ариет-ары өлбөгөнүн билдирүү үчүн күйөөсүнүн жана баласынын палвандык жактектерин[1] ар айдын акыркы күндөрү ансыз да жалпынын көзүнө даана көрүнүп турган тартмаларга жайып коёт эле: жактектер бара-бара жылдардын изи менен жана ар бир айда кайра-кайра жуула бергендиктен кыжыр толгон чеңгелдерге туруштук бере албады: Заман канкордун өлүмүнөн бири жактек көйнөктөрдүн эски пахталары тоголоктошуп, оодасы чыгып асылып турган, алар эми кийимге окшобой эле көбүнчө кабырлардын үстүнө илип койгон чүпүрөктөргө окшоп калган.

Заман атбагардын өлүмү да Байна апанын дилин жибите албады: анын өлүмү тууралуу кабарды угузуп келишкенде Байна апа өз үжүрөсүндө келиндик сандыгынын жанында чөк түшкөнчө баягы түгөнбөгөн ой-санааларына сапырылып отурган эле, анын бул турушу азап-тозоктун бир чогултулган түйүнчөгүнө окшоп турган.

---

[1] *Жактек* – эркектердин узун, асты ачык пахта салынып шырылган көйнөгү.

Үжүрөгө баш баккан Разия апа ага Заман атбагардын өлүмү тууралуу кабарды жеткирди. Ага кошо кирген аялдар азыр эми Барна апа кубанычтан ар бирин бирден кучактап чыгат деп ойлошкон. Бирок ал бул өлүм кабарын ак сөөктөрдөй кадыресе кабыл алды: бул кабардан кубанган да жок, отурган жеринен босогодогу аялдарга бурулуп да карабады – эстеликтей, таштай катып отура берди. Бир гана негедир анын бармактары калтырап турган, бөлмөгө болсо кан жытындай жыт сиңип калган. Аялдар андан бир сөз чыгат деп бир кыйла отурушту. Арадан бир топ өткөн соң, Байна апа аларга көңүл коюп да карабай, аларды карап туруудан иренжигендей, жийиркенгендей таризде: «Баргылы, өлүгүңөргө ыйлагала» – деди. Анын каар зарда менен чыккан доошу көптөн бери башка адам буту баспаган үжүрөсүнүн ичине сиңип кетти: бул үндөн калтырап жыйырма үч жылдан бери топтолуп турган чаңдар менен желелер ордунан бир козголуп койду, анан кайра эле бул жерге баягы кайгы менен жымжырттык түбөлүк ээлик калып калды...

Ушундан кийин Байна апа, кайгы менен шор биротоло жеп бүткөн бул аялдын жылдан-жылга кичирейип, карып бараткынынан жана беттери тилик-тилик кылып таштаган бырыштардан уялгандай тез-тез ыраңы өзгөрүп, куду боз топурак сымал түссүз, ыраңсыз көрүнүшкө келип калган жана эч качан жонунан түшпөгөн желеги менен жүзүн аялдардан тосуп алды, ушуну менен ал терсаталыктар жана адамдар менен орнотулган бардык мамиле-байланыштардын эшигин тарс жапты жана бир гана өзүнө гана маалым, башка эч ким туя албаган, башка бирөөлөрдүн аңдоосуна күчү да жетпеген өз дүйнөсүнө кирип кетти. Байна апа эң соңку дем алуусуна чейин айтканынан кайтпады. Заман атбагардын оо дүйнөгө узашынан кийин деле айылдаштары менен мамиле кылып кетпеди. Өмүр соңуна келип калганда бу өжөр кемпир булардыкына барып жашашына ишенбеген соң сиңдиси күйөөсү менен аныкына көчүп келди, бул кезде Байна апа эшик-эликке да чыгууга жарабай, күн бою алсыз каректери менен шыпты карап гана телмирип жатып калган...

Байна апаны күйөөсү менен уулунун жанына коюшту, элүү жыл мурдагы мүрзөнү дароо эле табышты, кабыр ар жума мизилдетип тазаланып тургандыктан башкалардан ажыралып турган жана андан кайгы менен азаптын жыты чыгып аткандай эле. Анын Райим палвандан соң дээрлик жаңыланбаган, кала берсе аларга да кайгы менен жалгыздыктын жыты сиңишип калган көйнөктөрүн эл лапарларын[1] жыйноо үчүн келип, куруп кетишкен жана ошол студент кыздардан соң бир жолу да пайдаланылбаган тартылган жипке узакка созулган уруштан кийинки аскерлердин өздөрүнө олжого калган тууларын асып коюшкандай жана айылдаштарынан элүү жыл ажырап калган аял үстүнөн жеңишке жетишкендей бир-бирден илип чыгышты.

Студент кыздар ошондо Заман атбагардыкына айыл аялдары бышыра тургандарын чыз-быз кылып аткан шам аралаш келишкен. Алардын келиши менен Заман атбагардыкында башталган той убаралары кошулуп кетти. Бирок кыздар айылдыктардын ырымдарын назарга да илген жок. Байна апаныкына келе калып кирлерин жууп кириштi – алар үч көйнөк, жоолук жана Байна апага кызыктай көрүнгөн шымдарын уялбай-нетпей жууган соң көз көрүнөө жерге беймарал илип таштaшты – алар Мели агайдын «айылдагы эң кары аял» деген бир ооз кеби менен Байна апаныкына келип жайгашып алышкан, чамасы, тез күндө кете турган баштанбайт. Байна апа баягыдай эле алардын бирөөсү менен да ачылып сүйлөшпөдү. Ал кечкурун эчки саай баштаганда кыздардын бири да эчки сааганды билбейт экен деп ызы-чуу кылып ийишти. Кыздардын бир-экөө Байна апага жакыныраак келип, анын эчки желинине барып-келип аткан тарамыштуу как колдоруна карады: милициялардын азабы колуна чыккан, куду үйдүн дубалы сыяктуу азаптуу жылдар укалап, убалап, жууруп, кипкичинекей калып таштаган дене-боюн бир аз алдыга ийип

[1] *Лапар* – элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры болуп кыздар менен жигиттер тарапма-тарап болуп алып айтышкан ырлар (акыйнек).

турганы үчүн өзү да андан бетер кары жана азгын эчкиге окшоп калган.

Эгер уулуңуз болгондо мен сизге жан-дилим менен келин болот элем, – деди кыздардын шогураагы Байна апанын эчки саап отурганына авазы кылып.

Байна апа ага акырая бир карады, ошол кезде көздөрүндө кусалыктын, кызганычтын оттору жанды: кыздар коркуп кетти, көз алдыларында Байна апанын бүт денеси түтөй баштагандай туюлду. Кыздар ошол түтүндөн чыккан ыш жытын сезишти. Байна апа ордунан турду да колундагы сүтүн супага коюп, ичкериге кирип кетти жана ошол кириши менен эртеси эчкилерин айдап чыкканча кайра чыкпады. Шашкечende эчкилерин айдап баратып, кыздарга бир ооз сөз айтып да койбоду. Ал куду бригадирдин атындай бир жолу менен кетип барат, эчкилери жылгынзарга эмес, Полот чалдын беде аңызына карап кетип атканын да сезбей, жылгынзар тарапка кете берди.

Полот чал ичтери көөп кеткен эчкилерди айдап келгенде Байна апаны үйүнөн таба албады: ал түн бир убакта Ай ар тарапты сүттөй жарыткanда акырын кирип келди жана үйүнө кирип кетти, ошондон кийин милийсалар издеп келгенче бөлмөсүнөн чыкпады. Кыздар апта бою анын оозун аңдып убара болушту да, эч нерсени айттыра албай кайра кайтышты. Алар үй алдында пайда болору менен үйдүн эскилиги андан бетер ачыкталды. Кыздар жапжаш, шатыра-шатман, чыйралуу эле, Байна апа менен анын үйүнөн болсо кайгы менен карылыктын жыты келет, жаштыктын, сулуулуктун алдында бул үй менен бул кемпир өлүм алдына келип калган абалда тургандай эле. Жаштар бул үйдү биротоло ээлеп калган жалгыздык менен кайгы баскынын чочутуп, аларды алыстарга айдап жибере тургандай тынбай каткырып күлүшөт. Студент кыздардын ачык-чачыктыгы жана денелерине жабышып турган тар шымдары менен көйнөктөрү, кыска чачтары, бир кызыктай, аппак байпактары да насилинен тамашаны жакшы көрө турган терсаталыктардын көңүлүн бура албады. Алардын

шаардык атыры уруп турган наздуулугу, жаштык чырайы сырдуу өлүм менен оо дүйнө кеткен атбагардын азасы астында көзгө илинбей да калды.

Перзент жытына көпкө зар болгон Заман атбагардын кырктан ооп көргөн үч уулуна бир күндө элден башкача той кылуу үчүн жогорку мартабалуу конокторун жеке өзү барып чакырып келүү үчүн шаарга түшүп кеткенден эки күндөн соң эртелеп дарыя боюндагы жылгынзар ичинде ичеги-карды чубалган бойдон таап алышканда, тойдун казандары асылып, алыс-жууктан меймандардын алды келе баштаган. Узак жылдар бою өздөрүнө сүйөнүч болуп келген атбагардын өлүмү куду душмандардан өздөрүн коргоп турган коргондору кулагандай терсаталыктарды капыс эле эсин эки кылып койду – алар жыйырма беш жыл бою өздөрүнө тирек болуп келген адамдын өлүмүнөн кийин катуу кайгыга батышты.

Эртеси эле жетип келген милиция кызматкерлери айылдагы ар бир эркек менен сүйлөшүп чыкты, анан алар Байна апаныкына жол алышты – алар кокус эле жыйырма үч жыл мурда ушул атбагарга байланышкан күйөөсү менен уулунан ажыраган аялды эстеп калышты. Бирок улактар арасында жүргөн кенедей, жүзүнө азаптуу жылдардын каары басылган жана жалгыздыкта эзилип бүткөн кипкичине, арык жана суюк чачтары аппак болуп калган араңжан кемпирди көрүшкөндө негедир батынышпады – алар алдындагы үйлөп койсо учуп кете турган кемпир менен дөөдөй Заман атбагарды элестетип, күмөн кылгандарына да уялып кетишти, анан эч нерсе айтпай кайра артка кайтышты. Анан калса, алар Байна апаны сурак кылса деле эч нерсеге жетише албайт эле, ал кийинки жылдарда бир ооз да үндөбөгөн, сөздөр жана алардын мааниси анын эсинен такыр чыгып кеткендей, а түгүл акылын жоготуп алгандай, өз кайгысы, күлпөт-азабы менен күндөрдү араң-араң жеңип жашап аткан эле...

Заман атбагар ит өлүм менен өлүптүр. Өлүктүн ушул турушу адегенде өзү, кийин төбөсү кулап түшкөн бийик мунараны

элестетет – кийимдери дал-дал болуп тытылган, аврати[1] үзүп ташталган, бармагынын баары – ону тең кесип ташталган...

Баарылап бармактарды издешкени менен таба алышпады. Акыры сөөктү бармактарсыз көмүүгө мажбур болушту. Аялдар доош кылып ыйлашып жатат, алар чачтары кардай аппак, турпаты арбакка окшоп калган, айылдаштарынын эсинен деле чыгып кеткен Байна апа үйүнүн үстүндө Райим палванды иттей атып таштоодон бир нече мүнөттөр алдында атына ээр токуу үчүн алып чыгып келатканда ок тийип, жылдар майда-майда кылып тытып таштаган ат жабуунун үстүндө чөк түшө той деп келишип, аза үстүнөн чыккан меймандарды, той беремин деп эми аза зыйнатын өткөрүп жаткан айылдаштарын карап, куду эңсеп жүргөн тилеги орундалгандай, эми бул дүйнөдөн арманы калбагандай, жылдар айдоо салып таштаган бети бир заматта акылдан айрылгандай катып калган абалда терсаталыктардын турмушуна жыйырма үч жыл көлөкө түшүрүп турган таш айкел сыңар былк этпей карап отурду.

Кантип эле бул кемпирдин азаптуу китеби окулуп бүттү – ал кадыр түн күтүлүп аткан кечте жыгачтын жана көп жылдык кусалыктын жыты сиңип калган, элүү жылдын бир түнү да жай албаган кайгылуу буюму – келиндик төшөгүндө жым гана жаны үзүлдү. Жаны чыгар астында сиңдисин чакырып жыйырма жылдан бери ачылбаган, алтымыш жети жыл мурда Терекли деген жердеги Көр Сафар деген уста келиштирип жасаган, эми болсо жарымы жемилип, жешилип бүткөн сандыкка карап ым берди жана андан ары бир ооз кеп айта албай жым гана кете берди...

Аны эртеси түшкө жакын чыгарышты. Салт боюнча аза жаназасына Уранын бардык айылдарынан адамдар терилип келишти, амир замандарын көргөн, аркы кылымдын соңку эстелиги болгон айылдаштарын акыркы сапарга узатууга кары-жашы чогулду. Келгендердин арасында Райим палван

---

[1] *Аврат* – шарият боюнча адамдын элге көрсөтпөй жүрө турган жери, эркектер үчүн дененин киндиктен тизеге чейинки бөлүгү.

менен анын уулун коргой албай, Байна апанын өмүр бою наалатына калган, ошол убакта келишкен жигит болсо, эми сөпөйүп сөөлөтү качкан чалдар да бар эле. Алар ортодон элүү жыл өткөн, бул унутулган жана суук жайга биринчи жолу кадам коюшкан жана табыт артынан күнөөлүүдөй гана башын жерге салып унчукпай баратышат...

Сөөктү сууга алардан мурда сандыкты ачышты. Адегенде кемпир өлүмүнө деп атап койгон кепинди, кийим-кечелерди алышты, андан соң сабы карайып калган камчы, сабына гөөхар орнотулган канжар, эркек кишинин тери жыттанып турган топусу, көкүрөккө тага турган чынжыры, кемпирдин колунан такыр көрүнбөгөн келиндик билериги, этеги кештелүү, жакасына тасма оролгон кең көйнөк, оймок жана саргайып кеткен Куранды сандыктан алып чыгышты. Эң акыркы сандыкта түйүнү бекем байланган, кептердин жүрөгүндөй кичине, чүпүрөгү зер зым менен тигилген, көп жылдык кан катып калган тумар жана заңдаган кайчы, узак мезгил турганы үчүн муун-муун болуп, бир гана сөөктүн өзү калган, анысы да карамтыл түс алып, күкүмгө айланууга аз калган, курдун айрындысына чала-була ороп коюлган адамдын бармактары да табылды, алардын саны туура он экен...



## Зулфия КУРАЛБАЙ кызы

*(Зулфия Йулдошева) 1966-жылы Жиззак облусунун Жиззак районунда туулган. 1990-жылы ошол эле облустагы педагогика институтунун өзбек филологиясы факультетин бүтүргөн.*

*«Турмуш» (2003), «Ёвузлик фариштаси» (2005), «Ўлим ҳеч нарса эмас« (2011) деген китептери чыккан.*

*2010-жылы «Машаққатлар гирдоби» романы басылган.*

# АЯЛ

Дубалдары аппак бөлмө.

Терезенин айнектеринен төгүлүп кирип келген аппак нур аялдын жүзүн бир аймалап, аны сулуулап, ачылбай жаткан кабактарына кызыл жүгүртүп, манжасындагы шакектин алмаз көздөрүнө чагылыша түштү.

Аял көздөрүн ачты. Шоола эми анын кара көздөрүнүн каректерине жабышты.

«Кандай сонун... Бул жашоонун дагы бир таңы атты, – аял көздөрүн жуумп, күн нурларын өзүнө тартты, кийин акырын сүйлөдү: – Сени канчалык жакшы көрөмүн, Күн!..»

Күн болсо нурларын дагы аябай чачыратты. Аял аптап нуруна балкыды...

* * *

Кийинки аптада Назакаттын ысытмасы тынымсыз бирде көтөрүлүп, бирде кайра түшүп турду…

Дарылап жаткан врачы анын күйөөсү Шавкатты өзүнө чакырды.

– Назакаттын абалы жакшы эмес. Эми ушундай болуп калды... Даярдыгыңарды көрө берсеңер болот...

Шавкат башын чеңгелдеп калды.

– Өзүңүздү кармаң, сабырдуу болуң. Ал эми дагы көп азап тартышы мүмкүн, – деп доктор андан ары унчукпады.

Шавкат башын шарт көтөрдү.

– Кантип эле?.. Ушунчалык кыйналганы да жетпейби?...

– Көп азап турат алдыда, – деди дарыгер улутуна.

Шавкат оорукананын короосунда бир кыйла айланып жүрдү, анан палатага кирди. Назакат уктап жатыптыр. Ал аябай азып кеткен. Көздөрү ичине тартылып, бет сөөктөрү терисин түртүп чыккан, чеке тамырлары көпкөк болуп көөп турат.

Шавкат дүйнөдөгү бардык ооруларга наалат айтты.

Назакат өзүнө тигилип турган караанды сезди белем, көзүн аста ачты.

– Жакшысыңбы?..

– Түзүк. – Назакат ордунан козголгондой болду. – Сыртка бир чыгып келсемби дедим эле...

Шавкат ага колун сунду.

– Али күчүм бар, өзүм баса аламын, – деди Назакат жарына бир кызыктай карап.

Шавкат эрксизден терең умсунду. Алар короого чыкты.

– Врачым сизге бир нерселерди жобураган окшойт, – деди Назакат тышкарыга чыккандан кийин күйөөсүнүн салкын кабактарына, көңүлсүз жүзүнө бир тигилип. – Бирок билсеңиз, алар жаңылышып жатат. Бети-башыма караң, жакшылап караң, мен жакын арада өлө турган адамга окшоп атамынбы? Азыр өзүмдү мурдагымдан да дурусураак сезип турам. Жашаш үчүн мындан артык дагы эмне болушу керек? – Аял басып баратып шарт токтоду. Аба мээлүүн тартты, асманда карамтыл булуттар пайда болду, күн нурун азайтты, кардын жыты келет. – Мен күзгүгө карап, кайра-кайра өзүмө тигилдим, өлө турган кишинин жүзү мындай болбойт. Ушул сөздү сиз да уккансызбы?

– Ооба, уккам, – деди Шавкат аялына шек алдырбаш үчүн ишенимдүү үн менен.

– Ана, көрдүңүзбү? – Назакатттын кандайдыр бир ички нурдан жүзү жаркылдагандай болду.

Ал арыраак барып, күнөс жерди таап турду, көздөрүндө алоо жанды. – Дагы эле ала булут, – деди ал, – жарыктык жашоо тунук эмес. Бу аба кишинин ыраңын ачпайт, бууп салат!

Чынында эле ачык абада анын жүзүнөн оорунун белгилери сезилбейт, бетине себилген упа жыты, абага таралып аткан жагымдуу жыт анын өзүнө чырай бергенин билдирип турат эле. Бир убак күтүлбөгөн нерсе болду. Назакат жүгүрүп келип Шавкаттын кучагына өзүн таштады. Мурда-кийин да эч мындай кылбайт эле.

Биз аял-күйөө гана эмес, андан да жакын болуп кеткенбиз, ээ, атасы? – деди ал жолдошунун көкүрөгүнө башын жөлөп.

Шавкат аялынын күчтүү аракетин жана көз жаштарын түшүндү. Ал кыймыл кыла албай да, эмне деп айтышты да билбей калды. Зайыбынын көңүлүн көтөрөйүн деди, бирок тили күрмөөгө келбеди. Көкүрөгүнөн ага баш ийбей дагы бир оор үшкүрүк атылып чыкты. Назакат күйөөсүнүн бетинен өптү, абайлап назданып өптү. Шавкаттын денеси калтырап кетти. Аялынын куужураган эриндери ысык эле. Жүзү ысык эле. Деми ысык эле. Бети-башына тийип турган чачтарынан ысык буу чачырап аткандай эле...

– Сага эмне болду?.. – деп жиберди Шавкат коркуп.

Назакат жылмайды. Куду бир кездегидей... Бирок бул күлкү эмес, оору, дарт, арман толо өксүк болчу...

Шавкат аны бооруна басты, тик карай албай бурулуп кетти. Назакаттын жүзүн кароого мындан артык чыдамы жетпеди.

– Мына, көрөсүз, эки-үч күн өтсүн, куду мурдагымдай болуп кетем. Ушундай болушун жүрөгүм сезип турат. – Назакат акырын шыбырады.

Шавкаттын көзүнө ай-аалам караңгы болуп көрүндү...

* * *

Түнү Назакаттын ысытмасы дагы көтөрүлдү. Жөөлүдү. Балдарын сурады. Шавкат кезметчи доктурду чакырды. Ийне сайгандан кийин Назакат тынч алып уктап кетти.

Эртеси адатынча саарлап ойгонду.

– Катуу уктап калыпмын... – деп ийди ал эмнедендир чочулагандай болуп.

– Чарчагансың, – деди Шавкат жай гана.

– Радиону неге өчүрүп койдуңуз?

– Сага тынчтык керек. Доктур айтты.

– Мен радиону атайын коюп койгом. Бир нерселерди кыңылдап турса, көпкө уктап калбайм.

– Бүгүн да аба жакшы, короого чагабызбы? Сыртта аба жайга да, күзгө да окшобойт, – деди Шавкат.

– Чыгам, албетте. Эрте мененки таза абаны жакшы көрөм.

Назакат жуурканын үстүнөн алып таштап, буттарын салаңдатып керебеттен полго түшүрдү. Анан эле буттарына көзү чалдыга калган аялдын жүзү өзгөрүп кетти. Эки буту тең шишип, толук болуп турат эле. Бир түндө эле, ээ...

Кийинирээк чыгармын... – Назакат бошоң тартып кайра ордуна жата кетти. Акырын тартып буттарынын үстүн жуурканы менен жаап койду.

– Нануштаны ушул жерге алып келе калайын. Экөөбүз отуруп бирге чай ичебиз, анан кийин балдардан, жумуштан кабар алам, – деди Шавкат аялынын көңүлү дароо чөгө түшкөнүнө өзүнүн капаланганын билгизбөөгө аракеттенип.

– Мейлиңиз...

Шавкат дөңгөлөктүү столдо тамак алып келди. Назакат буттарын жууркан менен ороп отуруп чай ичти...

Кечке барып Назакат балтырлары да шишип, көөп турганын көрдү. Анын көңүлү ушунчалык муздап кетти. Түнү дагы ысытма чыкты. Эртеси саар ойгонгондо курсакта турган алда кандай кыжырга тийүүчү оордукту туйду. Как сөөк болуп калган колун курсак үстүнө койду да, ошол замат кайра шарт тартып алды. Шишик эми ичке өтүптүр, ал ачыган камырдай көөп турат.

– Доктор! – Назакат кыйкырып ийди. Мунусун өзү да сезбей калды.

Сөөлөттүү кары доктор, анын артынан арык, азгын медайым ичкериге кирди.

– Кандай, кызым, эми ысытмаңыз кыйнап атабы? – деп доктор табуреткага көчүк басты.

Назакат муңайыңкы жылмайды, көздөрүнүн астынан бырыштар көрүндү.

– Жакшы.

– Температурасын өлчөңүз? – деди доктор медайымга карап. Анан кайра Назакатка бурулду: – Менде сөзүңүз бар экен. Угайын, кызым.

– Шишик маселесинде... – Назакат андан ары сүйлөбөй калды.

– Айтың.

– Ичиме дагы суу толгон окшойт? Караң... Ушул суюктуктун эч нерсесин калтырбай баарын алдырсам, шишик кайтат беле? – Назакаттын көздөрү үмүттүү жалдырады.

– Шишик кайтат, – деди доктор ишенимдүүлүк менен. – Бирок менимче... Сизге дарыгер катары эмес, жөнөкөй бир адам катары, атаңыз катары айткан болсом... мындай кылууга кеңеш бербес элем...

– Эмнеге?

– Эми... эми... ушундай да... – Доктор айтайын дегенин таба албай кайсалактады.

– Бул иш өтө кыйын болсо керек ээ? Катуу азап тартсам керек. Кайсыдыр бир палатада бир аял качантан бери чыңырып жатат... ошого окшоп... Бирок муну караң, ичим саат сайын чоңоюп баратпайбы. Дагы бир аздан кийин барабандай чардайып калса керек. Мен андай куник абалда... – Назакат жүзүн дубал тарапка буруп кетти. Жаздык ным тартты. Тоодой дарыгер өзүн бир туруп эле кумурскадай кичине болуп калгандай сезди.

– Түшүнүп турам... – деди бир аздан кийин үнү кырылдап. – Биз суюктуктун керегин алдык... Эми артыкча азаптын кимге кереги бар?

– Мейли, мен чыдайм... – деди Назакат тескери карап жаткан бойдон. – Баарына... баарына чыдайм.

Доктур ордунан турду. Назакат карбаластай доктордун колунун кармады.

– Билем... аз калганын билем! Бирок мындай көрүмсүз абалда өлүштү каалабайм! Каалабаймын!

Доктор колун акырын тартып алып, палатадан чыкты...

* * *

Түн.

Шавкат уктап кетти. Назакат жата албады. Ал буттарына илешкен жеңил жууркканды ары тээп, кыйынчылык менен тизелерин кучактап шейшеп үстүндө туруп отурмакчы болду, бирок бул ыңгайсыз экен. Туурасы, аябай эле ыңгайсыз экен. Кымча белинде асылып турган жагымсыз бир жүк отургуза койгудай эмес. Аял ордунан туруп терезе түбүнө келди. Анын уйкусу качты. Ачык терезеден үнсүз гана асманга тигилет, бүт ааламды тегерете толук карап, алардын баарын ээлеп алчудай, ажайып көрүнүштөн ырахат алат. Дал ушул убакта асман чексиз сулуу нурга бөлөнүп, алтын ыраңда жаркырап турган. Горизонттун төбөсүндө асылып турган Ай, жымың-жымың жылдыздар жакындашып келе жаткан супа саадак таңга орун бербеш үчүн аста-секин азайып, анан биротоло жок болуп кетпеш үчүн тырышкандай дагы да балбылдай, дагы да жамалдуураак жымыңдашат.

Түн менен таңдын ортосунда жер бетине бийлик кылуу үчүн катуу кармаш болуп аткан ушул убакта бүт ааламда бейпилдик өкүм сүрүп атат. Аял бүт дени-жаны кулакка айланып алда кандай угулбас добуштарга, сырдуу үндөргө толо болуп, ой нурунда жалтырап аткан жалбырактардын сыйкырдуу шыбырларын сезди... Кийин катуу-катуу дем алып, өпкөсүн таза аба менен толтурду. Эриндерин бекем кымтып, дем чыгарбай турду. Аста-секин ай-ааламга күмүш ыраң нур агымы жайылды. Канаттуу куштар чуруллдай баштады...

Назакат тереӊ улутунду. Көздөрүнө жаш келди. Шавкат тынчы кетип, кыймылдап койду. Назакат ордуна барып жат-

ты. Башын жуурканы менен жаап алды. Көп өтпөй жуурканы силкилдей баштады.

Аял ыйлай баштаган, үнсүз ыйлап жаткан...

* * *

Кечки убак Назакаттын деми дагы кысылды. Башы жаздыкка тиери менен аба жетишпей калгандай болот. Ичи дагы толо түшкөндөй.

Дарыгер ага жаздыкка сүйөнгөн абалда уктай берүүнү сунуш кылды. Жатканда курсагындагы боштукта пайда болгон суюктук өпкөнү кысып коёт эле...

Палатага медайым кирди.

– Сизден бир сураныч – күйөөм келсе мага киргизбей эле коюңузчу, – деди Назакат ага.

– Неге? Врачыңыз түнү жаныңызда сөзсүз бирөө болсун деп айтпады беле? – Медайым ушинтип таң кала туруп калды.

– Убактысынча эле киргизбей туруң, сизден өтүнөм.

– Бирок ал киши кабатыр болот да...

– Бир шылтоо ойлоп табарсыз! – Назакат медайымдын халатынын чөнтөгүнө акча сала койду.

Медайым экилене тез басып чыгып кетти.

Назакат терезеге карады. Анын көз алдына уулдары тартылды. Аял өкүрүп жибербес үчүн эриндерин катуу тиштенди...

Шавкат жумуштан чыгары менен түз эле ооруканага келди. Бирок аны палатага киргизбей койду.

– Мүмкүн эмес! – деди медайым эшиктин көзөнөгүн жаап.

– Абалы оорлошуп калдыбы? – деди Шавкат кабатыр боло жана өңү көгүш тартып кетти.

– Абалы жаман деле эмес, бирок...

– Врачы менен сүйлөшсөм болобу?

– Врачы кечки обходдо!

Шавкаттын жүрөгү элеп-желеп согуп, сайгылаша түштү. Аны дарыгерлер атайын эле аялына киргизбей жаткандай болду. Кандайдыр бир жаман ойлор мээсин чырмап келди да, ал өзүн токтотуп тура албай калды:

– Эшикти ачың?! Ачың, деп атам, ачың! – деп кыйкырып эшикти муштап кирди. – Врач менен сүйлөшүшүм керек! Аялымды көрүшүм керек!

Ичтен жооп болбоду. Шавкаттын көңүлү ар нерсеге барды. Дүйнө капкараңгы.

– Эшикти ачың! Ачың! Ачың! – деп жаны оозуна тыгылгандай бакырды. Анан эшикти бир-эки тээп да жиберди.

– Эмне болду? Тынччылыкпы? Неге тополоң кылып атасыз! – деди бир убак эшиктин алдында пайда боло калган кезметчи врач.

– Доктор, аялымды көрүшүм керек... Көрүшүм керек... Алар мени ичкериге киргизбей жатат, – деди Шавкат тез-тез сүйлөп.

Эшик ачылды.

– Артыман жүрүң, – деди карыя доктор.

Шавкат аны ээрчиди. Врач аны Назакат жаткан палатага алып барды. Бирок ичкериге кирүүгө уруксат этпеди.

– Ана, жубайыңыз жакшы, уктап атат, эми көңүлүңүз жайына түштүбү?

Шавкат кыңкая ачылган эшиктен ичкери жакка башын салды. Чын эле, мына, терезе түбүндөгү керебетте Назакат уктап жатат. Коюу, капкара чачтары аппак жаздык үстүндө иретсиз чачылган... Жууркандан бир аз чыгып турган ийнине Ай нурун төгөт. Шавкат көңүлү тынчып, бир аз өзүнө келди. Ошентсе да дилиндеги кыжаалаттык жана коркуу биротоло аны таштап кетпеди.

– Неге мени ичкериге киргизбей атасыз? – деди ал дарыгерге таң кала кайрылып. – Сиз өзүңүз түн ичи жанында бирөө болсун деп айттыңыз эле го?

– Ырас, өзүм ошондой дегем. Бирок бул оорулууга жакпай атат. Ал тынч гана жатууну эңсеп турат. Мейли дейбиз да, көңүлүнө карайбыз...

– Анда мен эмне кылайын?

– Сиз?.. Сиз кааласыңыз үйүңүзгө барып, балдарыңыздан кабар алып келиңиз. Балким, аларды эртең бул жакка алып келсеңиз да болот. Бирок терезеден гана сүйлөшөт, макулбу?

– Макул!

Шавкат оорукананын короосунда дагы бир топ жүрө берди. Эмнегедир үйүнө кеткиси келбеди. Бир убакта ага терезе жактан бир барып көрүп келсемби деген ой келди. Оорукана имаратын айланып өтүп, Назакат жаткан палатанын терезе түбүнө келди. Келген менен ичин көрө албады. Терезе жарымына чейин пардалар менен тосулган экен.

Шавкат жерге чөк түштү. Анан бул жерден бир кадам да жылбады...

* * *

Азап эле...

Жата албайт эле. Отуруш да кыйындады. Эки-үч кадам шилтеген соң күйүгүп демигип калат. Алдан тайган абалда ашыкча эч нерсе көтөрө албай кыйналат.

Кечке барып Назакат окшуй баштады. Эки-үч жолу окшуду да, бир убак оозунан кандайдыр бир суюктук оргуштап атылып чыкты...

– Медайым! – Назакат киркиреген доош менен кыйкырып ийди.

Дароо эле врач жетип келди.

Эми сууну албаганга ылаажы жок, ээ? – деди Назакат дарыгерге жалдырай карап.

Врач унчукпай кутулду.

– Доктор... – Назакат манжасындагы алтын шакегин чыгарып, жооп да күтпөй, акырын врачтын халатына салып койду.
– Сууну алың, сураныч. Акыркы тамчысына чейин алың!

Врач дагы жооп бербеди. Кала берсе жакшылап карап да койбоду. Аялдын колу халатынын чөнтөгүнө кирип, шакегин калтырып чыкканда да жүзүнө бир тигилбеди. Бирок:

– Медайым! – деп далис жактан бирөөнү чакырды.

Назакат жылмайды. Кийин жаздыгынын алдынан упа-эндиктерин алып чыкты...

* * *

Дагы бир түн артка кетти.

Терезеден күмүш ыраң таң баш бакты. Анан чыгыш жак кызарып, Күн баш көтөрүп, жер үстүнө салам берди. Анын нурлары киргилт жана алсыз эле, бирок тез эле ааламга тарай баштады. Ар-ар жерде аны сөгүлүп-тытылган эски көшөгөлөрдөй күл түспөл булуттар тосту, бирок күн жүрүшүн токтотподу жана бир убак көздү ала тургандай жарыктык менен аппак болуп жанып чексиз асманды толук жарыткан, соң жүрүшүн акырындатып ооруканaнын төбөсүнө келгенде бардык болгон шооласын терезеси ачык палатага чачты, ошол шоола ушул маалда керебетте жаткан ажайып чырайлуу жана сүйкүмдүү аялдын бетин аймалады, көздөрүн уялтмакчы болду, бирок таштай каткан көздөр кылт да этпеди, шоола өзүнө тааныш керектерди эркелетмек болду, бирок аларды таба албады, ал бир гана аялдын манжаларында пайда болуп калган шакектин алмаз көздөрүнө гана чагылыша алды.

Бул күн канчалык жарык жана нурдуу болбосун, ага эч ким махабат тартуулай албайт, назик нурларын өзүндө калтырып ала албайт... Ошондой болсо да Күн бул жерлерден алыстагысы келбейт, ал берешендик менен күчтүү нурларын көп-көп чачты. Бул жолу да кыймылсыз гана жаткан аял денеси көздү уялтып, жаркыраган аппак нурга чөмүлдү...



## Улугбек ХАМДАМ

*1968-жылы Анжиан облусунун Мархамат районунда туулган. 1993-жылы ТашМУнун өзбек филологиясы факультетин бүтүргөн. 1992–1993-жылдарда Түркиянын Конья шаарында да билим алып келген. Филология илимдери боюнча окумуштуу, адабиятчы. 1997–2009-жылдарда Өзбекстан илимдер академиясында ага илимий кызматкер болуп иштеген. 2009-жылдан «Шарқ юлдузи» журналынын баш редактору. «Тангрига элтгувчи исён» (2002), «Атиргул» (2006), «Сени кутдим» (2007) аттуу ыр жыйнактарынын, «Ёлғизлик» (2000), «Мувозанат» (2003), «Исён ва итоат» (2004), «Сабо ва Самандар», «Узоқдаги Дилнура» (2010) ж.б. прозалык китептердин автору. Адабияттаануу багытында да эмгектери жарык көргөн. Ж.Руминин «Ичиндаги ичиндадир» (2001) жана профессор У.Турандын «Туркий халқлар мафкураси тарихи» деген китептерин түрк тилинен өзбекчеге которгон.*

## ГҮЛ

Бет маңдайымда аскалуу тик тоо – шуштугуй таштуу, бийик жана айбаттуу. Чокусунда адамдын баарын суктантып караткан, желге ыргалып бир чоктой кызыл гүл турат. Ушул гүлгө жетемин деп пенденин баары аракет кылат. Ал жерде асман болсо кызгылт-кара, ак, кыскасы, ала-була булуттардан көйнөк кийген. Же түн эмес, же күн эмес, кандайдыр бир кызык учур. Асты жактан караганда булардын баары жанына коркунуч алып келе турган катаал тоо башында термелип турган гүлдүн артында бир ажайып көрүнүш жаратат. Менимче, жер менен асмандын эң ажайып керемети ушул гүлдүн тегерегине топтолгондой.

Төмөн жакта эмне кеп? Адамдар – канчасы тоого тырмышып, уламышка айланган гүлгө карап көтөрүлүп атат, канчасы жолдо кулап, жүздөгөн метр төмөндөгү таштарга урунуп сөөгү сөпөт болгон.

Барар жердин ортосуна дейре али эч бир адам жете элек. Бул жерде ай күнүнө жетип калган аялдын ичиндей чыгып турган дөбөлөр бар эле, башка бийиктиктерден эсен-аман өткөн саналуу кишилер да ушул бурулуштарга келгенде жашоосу менен кош айтышат. Жерде жаткан адам сөөктөрүнүн эсеби жок. Бирок ушуларды көрүп турган адам баласы, аскалуу тик зоону багынтып гүлгө баруу кишинин колунан оңойлук менен келбей турганына миң мертебе, миллион мертебе көзү жеткен болсо да, ар бир келген адамзат неге өзүнүн жапан арзуусунан баш тартпайт? Неге көрүп-билип туруп пенделер өзүн чыгып болбос тозокко таштайт? Дагы деле андан сак-саламат өтүп кетүүгө үмүт байлайт...

Ушуларды сурап билейин деп, бири-биринен талашып ынтылышып, тоого жабышып аткандарга жакындаймын. Бирөө ушунчалык бир дээлигүү менен буттарын өйдөгө койду эле, желкесинен тартып өзүмө караттым да көптөгөн суроолор менен аны көөмп таштадым. Ал эч нерсе дебеди, бир гана сонун жылмайды да сөөмөйү менен тээ жогорудагы гүл тарапты көрсөтүп койду. Андан соң тырмышып, кумурскадай кыймылдап тоо башына чыгып бараткан аламанга кошулду да, анан көрүнбөй калды. Мен болсо жогоруга карай тырмышып чыгып бараткан сансыз көп адамдардан, алардын башаламан кыймылынан башка эч нерсе көрбөдүм. Кийин аска-тоодон бир топ узакташтым да, кайра-кайра карадым: ГҮЛ!.. Эсиме Мекедеги кааба ташы жана аны айлануу үчүн ашыгып келип аткан миллион-миллион адамдардын элеси келди. Гүл, мисалы, Күн сыяктуу эле калгандар болсо анын жандоочтору – айланып аткан парваналар... Ойлорум бышып жетиле электе эле алардан баш тарттым: караң, гүл менен... мага гана ымдап атат! Калгандардан жүзүн буруп кеткен окшойт, акыры мага гана көңүл буруп атат, мени өзүнө чакырып атат!

Ох, ал мынчалык өзүнө тартпаса, жүрөгүм мынчалык толуп ташпаса! Ушунча адамдын ичинен мени тандап алдыбы, демек, эки анжы болбой алдыга кете алышымды билет жана мен бул иштин өтөсүнөн чыгамын! Мындай мүмкүнчүлүк ар кимге деле насип эте бербейт, пайдаланып калуу зарыл. Эх, мынчалык бактылуу болбосом!..

Ылдам барып буттарымды өйдөгө чыгардым эле, кимдир бирөө желкемден кармап өзүнө тартты. Кайрылып карасам, бир жигит. Бая эле жогорулап кеткен адамга мен берген суроону эми ал мага берди. Жигитке бир мүнөттөй тигилип калдым, аны өзүмдүн – гүлдүн алдына чакырылган бактылуу адамдын каршысында карып жана таалайсыз бир жандай көрдүм. Ага жинимди келтирип да алдым. Бирок бир ооз кеп айтпадым. Кандай мааниде, эмне үчүн экенин билбейм – жылмайдым да бийикке – гүл чакырган жакка бараткан жолумду уланттым.

Өйдө көтөрүлүш оор эле. Кээде кол же бут койгону шиш жана жылмакай таштар, ойдуң-чуңкур жерлер болсо, туруп эле андайы да, мындайы да кезиге калат. Андайда түз жана сыйгаланбаган таштарды тебелеп өтөмүн да бир ченемдүү жерди басып өткөн соң артка көз таштап кайгырып калам. А көңүлүмдө болсо гүл, анын мага, бир гана мага көрсөтүп аткан чакырыгы... Муну эстесем, өзүмдү ар кандай тозокко да барууга даяр элем. Бир убакта менден болжолу эки кулач эле алдымда тырмалап кетип аткан адам кыйкырып, колу-буттарын көпөлөктүн канаттарындай тыбыраткан бойдон төмөнгө – туманга жана булуттар ичине жутулуп кеткендей болду. Ичинде бир нерселер «шуу» этти – өлүм кабары жүрөгүмдү бир силкинтип кетти. «Неге ушул да сага сабак болбоду, наадан? Неге сен ушуларды көрүп туруп дагы эле гүлгө жетип барамын деп ойлойсуң. Жетер жерге али узак... Ал жакка көзүмдүн нурлары да жетпейт!..»

Өзүмдү бир жерге топтой албай турганымдан пайдаланып кимдир бирөө желкеме бутун койду да, бир тартылып колун жогору жактагы ташка жеткирди. Анын катуу түртүүсүнөн бутумду коюп турган таш кулап, мен болсо төмөнгө кете баштадым. – КОШ! – оюма келген сөздү катуу кыйкырык менен айттым... Ошол кезде, кудайга шүгүр, колдорум жанталашып бир ташты кармай калды да, төмөнгө кулоодон сактандым. Астында болсо менин бутумдан кулаган ташка таш жана адам илешип, коркунучтуу окуя болуп аткан... Көзүмдү шарт жумдум. Бирок коркунуч анын ичинде деле улана берди. Жүздөгөн кишилердин убал болгонун туйдум. Эми эмне болот? Бир аз мурдагы эле көңүлүмдүн жайлыгы кайда калды? Гүлдүн алдына эми кандай бет менен барам? Ага жеткен күндө да мен өз көзүм менен көрүп аткан күнөөсүз пенделердин бир четинен кырылып атканы акыры жаныма тынчтык бермек беле?!

Бирок мен атайын кылбадым да, анын үстүнө мени тээтигил кыянатчы түртүп жиберди да. Негизги айыпкер – ал, мен эмес! – өзүмдү өзүм актап кетем. Анан жанагы кыянатчыга

карадам: ал мага тигилип ырсайып турган экен. Көзүм көзүнө кадалышы менен шылдың кыла баштады. Тооба, өмүрүндө бирөөгө душмандык кылбаган жана өзүмө бир да кишини душман деп эсептебеген адам болсом, бул дагы менден эмне каалайт? «Душманым» таш ургулай баштады: – Ээ, кудуретиңден, бул дагы эмнеси? Ойлонгончо болбой, бир ташы бетиме келип тийди, көзүмдөн от чагыла түштү. Оору жана көзүм көйгөйү ушунчалык даражада күчтүү болду, эрксизден кыйкырдым: «Эй, кудай, ушул наалат тийгирди жазалабасаң, сага ыраазы эмесмин!..»

Эмне үчүн жаман ниет кылдым, бирөөнүн баласына өлүм тиледим? – өзүмдү кечире албаймын. Менин бир аз мурдараакκы күнөөлөрүм азыркысынын алдында бир пул экен. Эмнеге ушундай? Акыры жанагы бутум тайгаланып, бутумдун астынан сүрүлүп, кулаган таштан жүздөй адам набыт болгон эле, эми бир гана, ал да кандайдыр бир айбан окшош... Ойлорум көңүлүмдү жайына түшүрө албайт. Күйүп атам. Негедир өзүмдүн боюмду шаркырап агып жаткан ссуга таштагым, андан көпкө-көпкө чөмүлгүм келет. Бул ортодо «душманым» омкорулуп кеткен ташты чеңгелдеп, тээ төмөндө калган белгисиз караңгылыктардын түбүнө түшүп жок болгон эле…

Көпкө чейин эч бир аракет кылбай ордумда катып турам. Мезгил өз ишин кылат. Эсиме кайра эле баягы бийик жактагы гүл, анын кызыктырып чакырышы, убадалары келет. Жүрөгүм элеп-желеп. Дагы жашоого, кубанычка умтулуучу кудурет бүт бардык жогумду ээлеп алганы жана менин ага моюн сунуудан, ээсинин артынан кеткен иттей артынан ээрчишимден башка айла-амал калбаганын түшүндүм. Кылмышым, анын таасири бара-бара дилимди азапка түшүрдү. Эске келери менен көңүлүм чөгөт.

Эми менин бүт дитим, пикир-оюм гүл гана болуп калды! Кызыктай бир оору аралаш сүйүнүч менен ага талпынамын! Эмнелер гана ойго келбеди дейсиз өз денемдеги сезимдердин күчүн салмактаганда. Бирок тилегиме жетүүнүн үзүрлүү жолун эч таба албайт окшоймун. Акыры ошол үчүн жолго чыктым го,

ошол үчүн канча бир машакаттар тарттым го, ошон үчүн азаптын сазына тыгылдым го? Демек, алга жана дагы алга!..

Кантип эле ошол тик аска! Туш-тарабыма көз салам: баягы кумурскадай жабылып келе жаткандардан бир нечеси гана калыптыр. «Тагдыр!» – кайгылуу ойлор келет. Бир аздан кийин учу-түбү жок ойлоруma чек коёмун да, өзүмдү кайрадан чокуну багындырууга арнаймын. Бул арада сейректешип калган адамдар да бирин-серин кулап асман боорунан үзүлүп учуп, кайсыдыр бир кычыктарда жок болгон жылдыздардай чексиздикке житип кетет. Мындай тоскоолдордон кулабай өтүү адам баласынын колунан келеби – бир азга эки анжы боло түшөм. Бул аянычтуу, тик тоонун каршысында мен гана. Демек, гүлдүн убадасы туура! Жүрөгүмдүн түрсүл-түрсүл какканы колдоруmа жана буттарыма кайрат кошот. Бүт тарабым жалтырак, тайгалак, ал да жетпестей тик аска таштарга колдор менен буттар зыгыр майындай жабышып калат. Бирок жумушка өзүмдү эч качан мынчалык курман кылбагам. Барган сайын кумурскага айланып кетип аткандаймын. Терим суудай агат. Кээде калпыс учурлар болгондо жүрөгүмдү кыжаалаттык басат, эми өлсөм да жолумдан кайтпастыгымды, буга гүлдү эске түшүрүү жетиштүү экенин анык билемин. Жөргөмүш болуп жөрмөлөдүм. Ушул кырды ашсам болду – мара меники! Адам баласынын кыялына да келбеген бакты мага эркелейт! Демим оозума тыгылып энтигемин... Кана эми дүйнөдө ушундай бакыт болсо да, ал мага буйруса!..


Таттуу ойлор жакшы деңизчи, бирок максатка жетүүдө тоскоол бере баштайт, түйшүктөрүм арбыйт. Өзүмдү колго аламын да, арзууларымды ишке ашырууга дагы күч-кубатымы жыйнайм. Эми акыл-эсим, дене-боюм жана жаным – бүт бардыгы биригет жана мен кыйналып болсо да татаал чокуну ашып өтөмүн! Мына жеңүүчүмүн! Алхамдулиллах! Сүйүнгөнүмдөн аска-тоонун чокусуна барып да токтобой, асманды чапчып секирем. Акыры аябай чарчап, ошол жердеги таштарды кучактап уктайм... түш көрөм...

...Түшүмө да ушул ашуу, анын машакаттары кириптир... Мен аны дагы багындырыпмын. Ошол ашууну ашып өтсөм, ары жакта көз жетпеген сансыз тик аска-тоолор адам баласы өтө албоочудай биринен өтүп бири сөөлөт күтүп мелтиреп турат...

«Ох!» – деп кыйкырып ойгонуп кетем. Бирок өйдө жакты карабаймын, жүрөгүм каалабайт. Эмнегедир төмөн жактарда сүзүп жүргөн булуттарга тигилем. Куттуу жерлерди, шоокумдуу турмуш машакаттарын, адамдарды эңсейм. Бирок эми артка кайтууга болбостугун, артка жолдун жоктугун бардык нерседен көрө көбүрөөк жана тереңирээк түшүнөм. Дилимде бир оору турат. Карбаластайм, издей баштайм. Бирок баары бир өйдөгө кароого, ал жактагы акыйкатты билүүгө амир кылынганымды унута албаймын. Ээ, тобокел кылуунун убагы келди: же бар болуу же жок болуу! Бирок өзүмдө кайдагы күч – эптеп баарын топтоймун да көзүмдү жумган бойдон башымды жогоруга көтөрөм.

Эй, Раззак! Жүрөгүм нак тамагыма келип тыгылды да, көзүмдү ачтым…

# САТИРАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР





## *Немат АМИНОВ*

*Сатирик жазуучу Н.Аминов 1937-жылы Бухара облусунун Ромитан районунда туулган. Бухара педагогикалык институтунун тарых-филология факультетинде окуган. Узак жылдар «Муштум», «Шарқ юлдузи» журналдарында иштеген. «Икки пуллик обрў» (1966), «Қирқ учинчи почча» (1970), «Лабиҳовуз хандалари» (1973), «Чинорлар қўшиғи» (1984), «Елкасиз полвон» (1986), «Ўғри мушукча» (1987), «Қаҳқаҳа» (1987), «Яллама-ёрим» (1988), «Чолболанинг эртаклари» (1990) ж.б. китептери чыккан. Ал өзүнүн сатиралык аңгемелерин оозеки жогорку чеберчиликте айтып берген. «Ёлғончи фариштаeasily» китеби үчүн 1987-жылы Айбек сыйлыгына арзыган. Өзбекстан эл жазуучусу (1992).*

*2005-жылы каза тапкан.*

## КАСАП БАБАМДЫН ИТИ

Таргыл кунажын бул жылы да кысыр калды. Атам: «Эми болбой калды. Балдарым, акка жетебиз деп ак эткенден так этип атты эле болбоду, бул шермендени союп жайына жай кылабыз», – деди.

Эртеси эле базар күн болчу, үйүбүзгө касап келди. Мал сойгон киши эткээл, бетинен майы тамган адам болсо керек деп ойлоп жүрүпмүн, андай эмес экен: кара тырынке жегделүү, кыймылы шагдам бир чал. Узун каш-кирпиги да, сакал-муруту да аппак. Ырас, көздөрү бир аз ала, анын ошол ала жерине кан толуп калгандай. Мен ал киши менен жатыркабай көрүштүм. Эч бир корко турган да, сүрдөй турган да жери жок болсо ошентемин да.  Өзү да жеткен шайыр экен, эки сөзүнүн бирине «ха-ха-халап» күлүп турат.

Бир пиала чайдан кийин атам кунажынды жетелеп келишимди буйруду. Өздөрү бастырма алдына кетмен менен чуңкур казып киришти. Аңызга жөнөдүм. Жол катар бир убакта көзүмө баладай көрүнгөн таргыл кунажыныма боорум ооруп баратты. Ичим ачышып, көзүмдөн жаш да төгүлүп кетти.

Жаныбарды жетелеп келгенде, касап баба төрт бүктөлгөн таар куржундан бир кир чүпүрөк алып, белине байлады. Мунусу халаты окшойт. Андан соң экиби, үчпү бычак алып, коргошун түстүү бир темирге «хиш-хиш» этип кайрай баштады. Калтыраган колдорум менен кунажынды байлап келген жиптин бир учун атама узаттым, анан артка кайттым. Бастырма жанындагы акырда көздөрүмдү чылк жуумп кулак түрүп турдум. Бир убак касап бабамдын «өп» дегени, анан «күрс» эткен үн, дагы бир аздан соң катуу коркулдаган доош угулду. Увв! Денем титиреп кетти.

Акырдан коркуп араң чыкканда касап баба кунажындын терисин сыйрып койгон экен. Негедир коркунуч сезимдерим бара-бара жоголду.

– Бери кел, балам – деди касап баба буйра сүйлөп, – ме, мына бул бутун кармап тур!

Эми коркподум. Ал кишиге жардамдаша бердим. Атам да, кала берсе апам да бизге жардамга келди. Касап баба катуу жөтөлүп, бир четке шалп түкүрүп:

– Келин,  жылуу суу даярдаң, – деди.

Апам болсо: «Азыр, макул, мына…» – деп ашкана тарапка шашып кетти. Ушул убакта атам да тапшырма алды.

Ташбай, канын сиңирип алууга бир чүпүрөк, ичеги-карынга бир дагыра алып келе кал! – деди.

– Жарайт! Азыр!

Касап баба эки жагына бир каранып алды да, уча жакка бычак салды. Койдун башындай эт кесип алып, жанында оозу ачык турган куржунуна ыргытты. Таң кала карап калдым.

Таң калба, сол жак быкынында арам litem безги болот, ошону итиме кесип алдым.

– Итиңиз барбы, баба?

– Ооба, балам, итим бар. Атыбы, аты – Көктай!

– Аты жакшы экен, өзү да чоңдур ээ?

Касап баба иттерин өлгүдөй мактай берди жана ар бир макташында аларга деп сандан да, ичтен да, кекиртек жактан да, башка тарабынан да «арам жерлерин» алып куржунга ыргыта берди. Атам менен апам бейгам басып жылуу суу, чүпөрөк, дагара алып келишти. Алар келгенде Касап баба эмнегедир «арам жерлерин» таба албай калды. Тез эле кунажындын эти үч бөлүккө ажыратылып, айбан шыпка байланган илгичке асылды. Касап баба: «Мына бул, Кымырбай кошунабызга» – деп эки килче сулп этти өзүнчө бир таза матага ороду. Ал эле эмес кан куйган чуңкурдан да бир нерселерди издеп бычак учу менен аларды илип алат. Кийин аларды ичегилер менен ороп: «Мына булар итибизге» деп куржунга тыгат. Куржун да резинабы – баары бата берди. Карап турсам,

биздин жаныбызда жаш эттен кете албай көздөрүн жалдыратып, шилекейин куюлтуп турган биздин Алапар итибизге эч нерсе ашкыдай эмес.

Касап баба «арам жерлеринен» менин итиме да бир аз кесип бериң? – дедим чыдай албай.

– Оой, балам эй, балам, – деди касап баба бир мага, бир атама, бир апама карап, – сенин итиң анабул чуңкурдагы канды ичсе да беймарал тоёт.  Эч нерсе дебедим. Анан ойлоп койдум: касаптардын итине эле жакшы экен, жегени жалаң таза, жаңы союлган эт. Менин Алапарыма ушунча эт болсо барбы? Эх!...

Касап баба эки көзү тең нык толгон куржунду атам чечип келген эшегинин ээринен ашырып таштап атып, дагы дайындады:

Этти ларёкко тапшырып, пулун алганча, эртең уулуңузду жибериң, кошунадан эттин акчасын алып беремин.

Эки күн өтүп касап бабаныкына  бардым. Ырасында мага анын пулунан да Көктайын көрүш кызык эле. Сырткы короого киришим менен айбанча астында тумшугун алдыңкы буттарына тиреп жаткан, бир кулагы кесилген итке көзүм түштү. Ал менин келген-койгонумду да сезбеди. Ичкериден атлас көйнөк кийген толук келген бир аял чыкты. Касап бабанын кызы деп ойлогон элем, кийин билсем аялдарынын бири экен. Ал колундагы табакка салынган сөөктөрдү иттин алдына алып келип, итаякка төктү да, мага көңүл да бурбай кайра кирип кетти. Ит сөөк кажып кирди. Ошондо Көктайды жакындан көрдүм... Бул ит эмес... Эгер ушуну ит десек, анда менин Алапарымды арстан десек болгудай. Курсактары ичине тартылган, жүндөрү балит, кабыргалары саналып турат. Ушул да ит болдубу? Жок, бул ит эмес, болгону бир күчүк... Э, токто, кече касап баба мал союп атканда «арам жерлери» деп алган эттеринде ныпым сөөк жок эле го... Эсил кайран эт... Эсил эт!.. Эгер ушунча эт менин Алапарымда болгон болсо... Эх-а!

Ички дарбазадан эки кадам кирип доош кылдым:

Эй, касап баба!..

# КАНАТ

*(Аңыз)*

Бар экен да, жок экен, биздин ушул атом кылымыбызда эле Түштүк Америкада кызык бир «Айбанат багы» болуптур. Анда түмөн-түрдүү жан-жаныбарлар, канаттуу куштар көп экен, алар бири-бири менен ырыс-ынтымакта жашашыптыр. Ток этерин айтканда, бир күнү ушул «Айбанат багы» Адис-Абебе шаарынан гастролдон кайтып самолётто келе жатыптыр. Жолдо эмнегедир самолёттун желдеткичи иштебей калат. Учкуч самолётун пастатып жай айдай баштайт. Антсе деле болбойт. Самолёттун ичиндегилер тумчуга баштайт. Аңгыча люктар ачылып, таза аба кирет. Жаныбарлар эркин дем алып жыргап калышат. Буга да ыраазы болбогон Карга люктан чыгып, самолёттун канатына конуп алат.

– Эй, Карга, – дептир Түлкү, – а жерде эмне кылып турасың?

– Сага кандай десем, – дейт Карга жайбаракат – жөн эле сылаңкороздонуш үчүн бир аз...

– Мен да чыксам болобу?

– Өз ыктыярың?

Түлкү да самолёттун канатына чыгып отуруп алат. Бир аздан соң буларга карышкырдын көзү түштү:

– О, Туке, мунуң кандай?

– Жөн эле сылаңкороздонуш үчүн бир аз... – Түлкү күлүп койду.

Анда мен да чыгып алайынчы? – дейт Кашабаң. Карга: «Өз эркиң» дегенсийт. А Түлкү болсо: «Мархамат, мархамат, Бөрү аке!» – деп шыйпаңдап орун бошотот.

Алардын жанынан эми Карышкыр да орун алат.

Бир убакта Аюу да тигилердин сейилдеп отурганын байкап калат.

– Ой, силер анда эмне кылып отурасыңар? – Аюу жоон үнү менен корулдады.

– Жөн эле, ачык абада сылаңкороздонуп...

Аюу аларды туурап, жаңыдан отурмакчы болгондо, самолёттун канаты оодарылып кетип, баары төмөн кулайт.

Вой... буй...буйлашып кыйкырышат Түлкү, Карышкыр, Аюу.

– Канатыңарды жазгыла! Канатыңарды! Канатыңарды жазгыла?! – деп кыйкырды Карга учуп баратып.

А биздин канатыбыз жок да! – дешип Түлкү, Карышкыр, Аюу – үчөө бирдей чурулдашты.

– Канатыңар болбогон соң силерге сылаңкороздонушту ким коюптур? – дептир Карга.

Аңызга айланган сөзүбүз соңуна чыкты. Анан муну тыңдап отурган ар кыл өнөр ээлери ар башка жыйынтыкка келишти.

**Жазуучу:** Канат деген – талант. Таланты болбогон жазуучу эртеби-кечпи – элсиз калат.

**Мансапкор:** Канат бул – түркүк, ит менен болсо да издеп табуу керек, ансыз өмүр бою өспөйсүң, өл-тирил канат-жөлөк тап!..

**Паракор:** Канат бул – акча, дүр-дүйнө. Пулуң болбосо, сылаңкороздонгонду сага ким коюптур...

**Мен, же жомокчу**: Канат бул – канат. Аны ар кандайча түшүнүүгө болот. Бирок табият канат бербесе – сылаңкороздонгонду коё калыңыз...

**Өткүр ХАШИМОВ**

# КОШУМЧА МИЛДЕТТЕНМЕ

Турсуналы аялына кофта сатып келбегенде мынча сөз болмок эмес. Аялы кофтаны колго алып, ал жагына, бул жагына айлантып көрүп чыкты да:

– Канчага алдыңыз? – деди.

– Элүү сомго.

Аялы кубануу ордуна кейий баштады.

– Жыйырма жылдан бери мугалимдикте иштейсиз да, кийим алууну билбейсиз. Кудая тооба, отуз эки сомдук нерсени элүү сомго сатканын көр, колу ылайым шал болуп сынып калсын! Кудай эй, ылайым тирүүңдө буйрубасын!

– Соодагерден эмес, акыры «тааныш баладан» алдым, мен үчүн таап берди. Келип-келип мени алдамак беле?

– Сизге окшогон кеңгирбашты алдабаса, анан кимди алдайт?

Бул сөздөрдү угуп Турсуналы кофтасын колтуктап «тааныш балага» барды.

– Эми, ага... – деди «тааныш бала» үзүп-үзүп сүйлөп. – Жолу ушундай! Секция башчыбыз өзү кырк бештен берген. Сизди агам экен деп таап берсем... Кызматка доомат экен да?..

Турсуналы бир азга эмне кыларын билбей турду да, анан түз эле секция башчысынын алдына кирди.

– Жолу ушундай, байкеси, – деди ал сылык гана түшүндүрүп. – Бакзанын өзүнөн кырк сомдон алганбыз. Ишенбесеңиз, сүрүштүрүп көрүң?

База башчы да Турсуналынын колунда окуган жигит болуп чыкты. Эсептен жалаң «эки» алат эле. Өзү да ийнедей ичке бала болчу. Эми оозу толо алтын тиш, курсагы да кетиптир.

– Ээ, агай, ушуну да билбейсизби? – деди ал кыска колдорун жаза сүйлөп. – Бул деген деффицит! Импортный. Биз өзүбүз да отуз төрттөн алганбыз. Жолу ушундай, агай. Бизде план бар, кошумча милдеттенме бар дегендей...

Турсуналы жолу болбой чарчап-чаалыгып кирип келсе, өгөй жездеси отуруптур. Жездеси чабан, «Волгасы» бар.

– Кандай, төл компаниясын эсен-аман өткөрүп алдыңызбы? – деди Турсуналы жездесине ылайык сөз табышка аракет кылып.

Жездеси суйдаң сакалын силкилдетип күлүп алды:

– Өткөздүк. Ар жүз тубар койдон эки жүз элүүдөн козу алдык.

Турсуналы жакшы түшүнбөдү:

– Ар бир соолук бир башына эки жарымдан төл береби?

– Берет! – деди жездеси дагы күлүп. – Бербесе, бердиртебиз! Төлдөбөсө, төлдөтөбүз! Керек болсо ар жүзү үч жүздөн тууйт!..

– Ой, то-обо! – Турсуналы жакасын кармады. – Койлоруңуз кокус эчки эмеспи?

Жолу бар. Жетпесе, сатып алабыз. Бизде да план бар. Кошумча милдеттенме бар. Башкармабыз пахта планын эки жүз пайызга аткарат. Пункт бар, аткара берет...

...Эртеси күнү мектепте Турсуналыны жемелешпесе, бул сөздөрдү эстеп олтурбас эле...

– Башталгыч класстарда абал чатак! – деди директор. – Башка класстар жүз пайыз өздөштүрүп жатат. Бир гана сиздин классыңызда, – деди ал Турсуналыга карап, – деле болсо өздөштүрө албагандар бар. «Экилер» көп. – Турсуналы туталанып кетти.

«А» деп оозун ача албаган балага кантип «үч» коём. Мындай кылсам балдар: «Агай баары бир «эки» койбойт» – деп башыма чыгып алышпайбы?

– Билбейм! – деп кол шилтеди директор. – Балдарды үйүңүзгө алып барып окутасызбы, таң атканча сабак өтүп чыгасызбы, муну менен менин ишим жок, бизге жүз пайыздык өздөштүрүү гана керек! План ушундай! Үч күндөн кийин классыңызда ачык сабак уюштурабыз!

Турсуналы түнү менен ойлонуп чыкты. Неге башка тармактарда жол бар да, мектепте жок?! Неге бардык балдарды «бешке» билдирип коюшка болбойт экен? Эң эле болот да! Баары кошумча милдеттенмелер алып жатса, ал неге алса болбойт экен?

Эртеси ал класска өзүн жеңил сезип кирди.

– Балдар! – деди үнүн салтанаттуу чыгарып. – Жакында классыбызда жаратылышты үйрөнүүдөн ачык сабак болот. Бирок силер коркпогула, жолун таап койгомун. Силерге алдын-ала суроолорду бөлүп берем. Комиссиялар келип, артта отурганда баарыңар билсеңер-билбесеңер деле кол көтөрө бергиле. Берилген суроолорго карап мен бир-бирден чакыра берем. Болуптурбу?

– Болуптур! – деп чуркураштты балдар.

Белгиленген күнү бир эмес алты киши узун-кыска болуп кирип келишти.

Турсуналы биринчи суроону балдарга берди.

– Кана, балдар, ким айтат, адамдын көкүрөк бөлүгүндө кайсыл органдар жайгашкан?

Балдар чуру-чуу түшүп эле кол көтөрүп жатып калышты.

– Мен!

– Мен!

– Мен айтам!

– Агай... агай!..

Турсуналы балдарга абдан ыраазы болуп, толкунданып турду. Бирок биринчи суроону кимден сураш керектигин эсинен чыгарып коюптур. Балдар болсо деле чурулдап, классты башына кийип алды. Айрыкча биринчи партада отурган бала ордунан атып кете тургандай болуп кол көтөрүп атат. «Ушунда бир кеп бар!» – деп ойлоду Турсуналы агай.

– Кана, сен айта гой, Мухтар! – деди ал жеңил тартып.

Мухтар ордунан атып турду да тыным албай автомат болуп сүйлөп атат, сүйлөп атат:

– Курбака эң пайдалуу жаныбар болуп, ал чымын, чиркей, сайгак сыяктуу зыянкечтерди жок кылат...

Турсуналынын ырайы учуп кетти:

– Жок, мен сенден көкүрөк бөлүккө жайгашкан...

Мухтар көзүн бир аз алайтып турду да, андан ары айта баштады:

– Курбака кышында уйкуга кетип, эрте жазда...

– Отур! – жаны чыгып кетти Турсуналынын. – Эмнелерди айтып эле тантырап жатасың?! «Эки!»

Ал өзүн өзү бир аз басып алды да класска кийинки суроону берди:

– Кана, айткылачы, мамлекетибизде кандай чоң шаарлар бар?

Балдар дагы баары бирдей кол көтөрдү.

– Мен!

– Мен!

– Мен айтам!

– Агай... агай!..

Турсуналы башкалардан катуураак кыйкырып жаткан кызды тургузду. Чамасы бул суроону ушул кызга жаздыргансыды эле...

Кийинки суроо куштар жөнүндө эле. Бул жолу да балдар барабар кол көтөрдү.

– Мухамеджан, кана, сен айтчы?!

Баятан бери алдыга обдулуп араң турган Мухамеджан негедир доскага чыккысы келбей калды.

– Кош! Неге селейип турасың? – деп Турсуналынын өпкөсү ичине тартыла түштү. – Дагы эмне болду?

Саидбурхан келбей калды, – деди Мухамеджан айыптуу немедей башын жерге салып. – Муну ошол айтып бериши керек эле...

...Турсуналыны ачык сабактан жөлөп-таяп араң алып чыгышты. Үйүнө кирип келгенде анын түрүн көрүп, аялынын жүрөгү алкымына кептеле түштү.

– Э, сизге эмне болду? Каерден келе жатасыз?

– Эч кайдан! – деп үшкүрдү Турсуналы. – Алып чык, ошол кофтаңды!

– Аны эмне кыласыз?

– Айрыйм! Майда-майда кылып тытып таштайм! Отко жагып, жалынына жылынам! Алып чык!

*1982*

# МЕН, ЧОҢ АТАМ ЖАНА ТҮСТҮҮ ТЕЛЕВИЗОР

Менин чоң атама канчалык тиешем болсо, түстүү телевизордун мага ошончолук тиешеси бар. Эгер чоң атам болбогондо, мен болбос элем. Мен телевизор албаганда, чоң атамдын кыжыры мынчалык келип, жаны чыкпас эле. Чоң атамдын кыжыры келип, жаны чыкпаганда, четин таягын көтөрбөс эле, а таягын көтөрбөгөндө...

Эч нерсеге түшүнбөй жатасыз ээ? Кудай акы, өзүмдүн да башым айланып кетти. Келгиле, бир баштан төкпөй-чачпай айтып берейин да.

Ушундай кылып, мен бул – мен. Чоң атам болсо – атамдын атасы. Сексен үч жашта. Өгүздү десем жалган болбосун, орточоροок кунажынды бир муш уруш менен сулатат. Эки жыл мурун бутуна суук тийип, бир аз-бир аз аксап калды. Сурхан-Дарыяга барганымда Баба-Тоодон атайын четин таяк алып келгемин. Өзү да чейрек пуддай келет.

Бир күнү тынч гана романымды жазып отурсам, алдыма чоң атам келип калды.

– Сени жазуучу деп ким айтат!? Түстүү телевизордон бирди албайсыңбы? – деп күл ыраң кашын өйдө серпти.

Уулум менден канчалык корксо, мен атамдан ошончолук корком. Мен атамдан канчалык корксом, атам чоң атамдан ошончолук коркот. Үй ичибизде чоң атамдын сөзүн эки кылчу жан жок.

– Куп болот, ушул ишембиге чейин «есть» кылабыз, – деп жибердим эки колумду көкүрөгүмө коюп.

Чоң атам чыгып кетери менен эле телефон шыңгырап калды.

– Мен кинорежиссёрмун, – деди орточорок үнү менен орточорок кополдуктагы бирөө. – Сизди көрүшүм керек.

Жарым сааттан соң учураштык. Режиссёр чачы желкеге түшкөн, орточорок мурут койгон жигит экен.

– Кандай? – деди ал шарт эле.

– Эмне кандай?

– Биздин фильмдер?

Эч нерсе дей албай калдым. Чынын айтсам, ушул режиссёрдун фильмдерин анча сүйбөйт элем.

– Билбедим, – дедим, – фильмдериңизде адамдар башкачараактай сезилет... Көрүүчүлөр экрандан өздөрүнө окшогон адамдарды көрсө жакшы болор эле...

– А ким виноват!? – режиссёр колун тапанча кылып маңдайыма такады.

– Менби?

– Да, да, сиз! – режиссёр ордунан туруп кетти. Чөнтөгүнөн сагызын алды да, кагазын аарчып, карсылдатып чайнай баштады. – Силер, жазуучулар сценарий жазгыла десе, караанышарды көрсөтпөй качасыңар да, бирөөнү жамандашка эле зорсуңар.

Эми пикиримди айтайын дедим эле, режиссёр оозумду ачыра койбоду.

– Мен деген деловой адаммын! – Ал башын бир серпти эле желкесине түшкөн чачтары арыстандын жалындай серпиле түштү. – Сөз ушул, современный темада сценарий жазып бересиз. Сизге срок – бир жыл.

Акыры мен өмүрүмдө сценарий жазган эмесмин.

– Роман жазган адамга сценарий жазыш кеп бекен, – режиссёр кагып жиберди.

Ал чын эле өтө деловой экен. Бир паста колума келишим кагазын кармата койду. Келишим боюнча мен бир жыл ичинде азыркы учур темасында сценарий жазышым, ошонун эсебинен калем акымын төрттөн бирин алдын ала алышым

мүмкүн экен. Кандай кылып кагазга кол койгонумду өзүм да билбей калдым.

Акчаңызды үчүнчү кабаттагы кассадан алыңыз, – деди режиссёр арыстандын жалындай чачтарын дагы силкип.

Өмүрүмдө бүтпөгөн ишке акы алып көргөн жан эмесмин. Бул жолу да албас элем го, чоң атама берген убадам эске түшө калды.

Кассанын көзөнөгүнөн башымды киргизишим менен колума 560 рубль карматышты.

«Көп жашаган көп билет» – деп ким айткан болсо да үйүнө буудай толсун ылайым! Түстүү телевизордо футбол тамаша кылыш өзгөчө ырахат экен! Чоң атама алкышымды билдирем. Анан дагы тигил деловой режиссёрго да алкыш айтып коём. Бирок «алмактын бермеги бар» дегендей, моюндагы карыздан да кутулуу керек. Эртеси бүт ишимди жыйнаштырып коюп, сценарий жазууга кириштим. Төрт ай дегенде сценарий да бүттү. Колтукка кысып алып бардым.

– Маладес! – деди режиссёр арыстандын жалындай чачтарын силкип. – Бир жумада окуп коём.

Бир жумадан кийин бардым.

– Чепуха! – Режиссёр сценарий жазылган барактарымды ыргытты эле, үстөл үстүнөн сыйгаланып барып колума түштү.

– Эмнеси чепуха! – дедим таң калып. – Турмушка жакын эмеспи?

– Вот именно турмушка жакын! – Режиссёр орточороок короолдук менен кайра кайтарды. – Именно турмуштан алынган.

– Болбосо анан кандайы керек?

– Мага кадам сайын учурай турган адам керек эмес, оригинал адам болсун! Короче, эч кимге окшобосун!

Режиссёр аны айтты, мен муну айттым. Дагы эки ай мөөнөт берди. Эми үйдө башкалар түстүү телевизор көрүп жатышса, мен бөлмөмө камалып, каармандарымды эч кимге окшотпостун камындамын.

Айтылган мөөнөттө сценарийимди кайра алып бардым.

– Маладес! – Режиссёр далымдан таптады. – Бир жуманын ичинде окуп чыгам.

Бир жамадан соң кайра бардым. Бул жолу эшиктен кубаныч менен эмес, жийиркенич менен кирдим. Режиссёр да ачуусу келип отурган экен.

– Ерунда! – деди арыстандын жалындай чачын силкип.

– Дагы эмнеси ерунда?

– Бир да эпизоддо эшек жок.

– Эмне?

– Эшек жок дейм!

– Эшекти эмне кыласыз?

– Местный колорит керекпи, же жокпу?

– Качанга чейин эшек колорит болот? – дедим буулуп. – Эшекке талгак болгонсузбу, эмне балээ? Ар бир киноңузда эшек айкырып турбаса, кумардан чыкпайсыз!

Режиссёр менден мындай катуу сөз күтпөсө керек, ойлонуп калды.

– Баары бир колорит керек.

– Мени караңыз, – дедим көптөн бери ойлонуп жүргөн сөзүмдү айтып. – 560 сомуңузду кассаңызга алып барып тапшырып койсом кутуламбы?!

Эмне? – Режиссёр арыстандын жалындай чачын күч менен силкти эле, желкесинен от чыгып кеткенсиди. – Ни за что! Ишиңиз сотко өтө электе сценарийди бүтүрүңүз! План өлүп жатат!

Үйгө келсем чоң атам түстүү телевизордон жыргап концерт көрүп атыптыр. Көзүмө ушунчалык суук көрүндү.

Бир жарым айдан кийин сценарийди кайра алып барып бердим. Бул жолу режиссёр үч эле күндө окуду.

– По моему биринчи вариантынын өзү нечего эле чамасы, – деди бошоп.

– Болбосо башымды неге мынча ооруттуңуз?

Режиссёр арыстандын жалындай чачын акырын силкти.

«Жазуучу – режиссёрдун катыны» деген сөздү билбейсиңби?!

Жаным чыгып, ордумдан атып турдум.

– Сотко бересиңби, сүргүнгө айдайсыңбы – бүттү. Мен сени менен иштешпейм!

Зато мен иштешем, – режиссёр дагы кыжырдана баштады окшойт, сагыз чайнашка өттү. – Ушуну бил: кино – китеп эмес, сценарий – роман эмес!

Өзүң айттың го, роман жазган кишиге сценарий чепуха деп.

Совершенно туура. Бирок роман жеке сиздики болсо, кино – көпчүлүктүкү. Түшүндүңүзбү?! Али борбордон да соавторлор табышыңыз керек, болбосо чыгышы кыйын.

Чыгып кеттим. Ушу менен кутулдум деп ойлогон элем. Кайдан? Дагы алты ай сүйрөлүп жүрдүм. Сценарий деген нерсени каалаган убакта каалаган адам өзгөртө берет экен. Ал жерине актёрдун тили келбейт, бул жери операторго жакпайт... Арадан бир жыл өттү.

Бир күнү чала калган романымды жазып отурсам, балдарым ызы-чууга түшүп кыйкырып калышты.

– Ура-а! Атамын киносу берилет экен!

Чоң бөлмөгө кирдим. Эң ортодо четин таягын бекем кармап чоң атам отурат. Ал жакта атам, бул жакта апам, аялым, балдарым...

Бир убак фильм башталды. Экранда «Сценарий авторлору» деген жазуу пайда болгондо бир мен эмес, жалпы үч фамилия көрүндү. Биринчиси – режиссёрдуку, экинчисин – мен таанибайм, үчүнчүсү – меники... Э-е, мейличи, кино – көпчүлүктүкү да деп койдум.

Ушинтип кинонун окуялары башталып кетти. Менин сценарийим боюнча айылдын кадырлуу аксакалдарынын бири кичи уулунун «Жигули» машинасында шаардагы чоң баласыныкына барышы керек эле, менин аксакалым селде оронгон, асмай тарта турган киши эле. Кинодогу чал болсо эски саман шляпа кийип чыкты. Мүштөк трубкага кургак тамеки

толтуруп, кере-кере сорду. Дарбаза алдына «Жигули» эмес, бир аңги эшек келип токтоду. Менин сценарийим боюнча кемпири абышкасынын колуна түйүн бериши, анда жаңгак, кургатылган өрүк как болушу керек эле. Кинодогу кемпир болсо шашып келди да, чалынын эриндеринен соро-соро өбө баштады.

Акырын көз кырымды салсам апам тескери жакты карап отуруптур. Атам болсо жүз аарчы издеген болуп, чөнтөктөрүн аңтарып атыптыр. Чоң атамдын күл түспөл каштары жыйрылып үч бурчтуу болуп калыптыр.

Кино улана берди. Эски шляпа кийген баягы чал эшекке шарта-шурт минди да, мүштөгүн түтөтүп жолго түштү.

Менин жазганым боюнча абышка колхоз чайханасынын алдында машинадан түшүп, бир пияла көк чай ичиши, ошол жердеги чайкорлор менен пахта тууралуу сүйлөшүшү керек эле. Кинодогу чал кафеге келгенде эшегинен түштү да, кафенин ичине кирди. Сосискадан алтыны калтырбай жеди да, үстүнөн көбүгү чыккан бир кружка пивону ырахаттана шимирип, курандын узак сүрөөсүн окуп ордунан турду.

Меники боюнча абышка жолдо керней-сурнай тартылып аткан тойго туш келиши, той ээлери аны ызаат-урмат менен тосуп алышы, ал болсо жаңы баш кошуп аткан жаштарга ак батасын багышташы керек эле. Кинодогу чал болсо духовой оркестр ойноп бараткан жаштардын тобуна кезигип калды. Аны колунан тартып ичкериге алып киришти. Чал жаңы келиндин бет маңдайына отурду да, өз колу менен «Шампанское» ачты. Бокалга толтура куюп, аны жутту да, келинге карап өзүнчө эле термеле баштады.

Асталап көз кырымды салсам үйдөгүлөрдүн баары туш-тушка карап отурушуптур. Апам менен аялым акырын биринин артынан бири чыгып кетти. Чоң атамдын четин таяк кармаган колдору калтырап атат.

Акыры кинодогу чал чоң уулунукуна да жете келди. Кудайга шүгүр, ушул жери чоң атама жагат деп турдум. Менин сценарийим боюнча абышка үй-бүлөлүк кичирээк уруш-талаштын

үстүнөн чыгып калмак, уул-келинине насаатын айтып, үй-бүлөдөгү аял-эркектин жоопкерчилигин түшүндүрүүсү керек эле. Кинодогу каарман да ушундай уруштун дал үстүнөн чыкты. Беш жашар баласы бир жерде, үч жашары экинчи жерде басылбай ыйлап, а чачтары апсайган бир аял чемоданга кийимдерин салыштырып жатты. Анан кайнатасын көрдү да, кыйкыра баштады: «Мына ушул мышыктар деп өмүрүмдү кор кыламбы! Эч качан! Мен жинди эмесмин!» «Э, кудай, өзүң сакта, менин жазгандарымда мындай сөздөр жок эле го» – дедим ичимден күңгүрөнүп. Кинодогу келин чалдын маңдайына келди да, башындагы паригин жулуп алып, жерге атып урду. «Кетемин, чөлдөргө кетемин!» «Маладес! – деп жиберди чал, – мындай мышыктар деп өмүрүңдү кор кылба! Уктум, баарын уктум. Чөлдөрдү гүлзарларга айландырууну чечипсиң, маладес! Сен современный аялсың. Мен сени ар дайым поддержка кылам. Бул мышыктар өздөрүнчө чоңоё берет».

Ушул жерине келгенде чоң атам чыдап тура албады. Ордунан ыргып барып, чейрек пуд келе турган четин таягы менен түстүү телевизорду атып урду эле... Телевизор дегениңер кинескопу күйүп отурбайт экен, атылып күйүп кетет турбайбы...

Баарыбыз жым боло өз-өз бөлмөлөрүбүзгө кирип кеттик.

Ошол күнү мага басмадан кат келди. «Кымбаттуу... Романыңыздын кол жазмасын өз убагында тапшырбаганыңыз үчүн басманын планынан чыгарып салдык».

Баса, айткандай, ошол күндөн бери чоң атам телевизордун жанына жакын барбайт. Мен болсо таптакыр кино көрбөйм.

## БӨЛҮШТҮРҮҮ

Бакыжан айлыгын алды да, ары жактагы столдо взнос жыйнап отурган профсоюз уюмунун кассиринин алдына барды.

– Алты сом, отуз тыйын, – деди кассир анын бетине карабай.

Бакыжан таң калды:

– Взнос бир сом отуз тыйын болот эле го?

Кассирдин ачуусу келсе да, мыйыгынан күлүп койду.

– Майрам келатат, акаси! Беш күндөн кийин сегизинчи март!

Бакыжан кыжаалат болуп, дароо алты сом отуз тыйын узатты.

Кассир адегенде взнос дептерине, кийин эркектер ведомостуна кол койдуруп алды.

Иш бүтүшү менен Бакыжан универмагга жетип барды.

Экинчи кабаттын бир четинде байпактар сатылып аткан экен. Энесине деп эки жуп байпак алды. Кийин үчүнчү кабатка чыкты. Караса, эркек-аял аралаш жыкжыйма болуп кезекте тирелип турушуптур. Үйдө кийиле турган кирепсатин халат сатылып жаткан экен. «Жакшы болду, – деп сүйүнүп кетти Бакыжан. – Аялымдын белегинен кутула турган болдум».

Ал кулагы оозуна жете тургандай болуп белектерин колтуктап үйүнө кирип барды.

Алтынчы класста окуган кызы ашканада картошка аарчып отурган экен. Атасынын колундагыларды көрүп сүйүнүп кетти.

– Магабы? – деди халатын алып.

Бакыжан кызына белек албаганына ыңгайсызданды.

– Бул апаңа, кызым, – деди кызын кубантып. – Эртең өзүм сага жакшынакай көйнөк алып келип берем!

– Класс жетекчибизге дагы белек уюштурат экенбиз, – деди кызы көздөрүн жоодуратып. – Үч сомдон чогултуп жатабыз.

Бакыжан дароо үч сом берди.

Ушул убакта экинчи класста окуган уулу жетип келди.

– Кана, төрт сом созуңуз! – деди оолугуп. – Эжекебизге атлас көйнөк ала турган болдук, балдар акча чогултуп бүттү. Бир мен калдым.

Бакыжан ушул уулун өзгөчө жакшы көрөт эле. Төрт сом эмес, беш сом чыгарып берди.

Бир чыны чай ичип болору менен аялы жумушунан кайтып келди. Кагазга оролгон халатты көрүп жылмайып койду. Бакыжандын ал бетинен бир, бул бетинен бир өптү.

– Сизге жараша турганын табабыз да! – деди Бакыжан.

Ар ким өз энесин карайт экен да, – деди аялы көңүлсүздөнүп. – Апам бечара эки айдан бери ооруп атат. Өткөндө көргөнү барсам, «Баарыңар өз-өз бала-чакаңар менен болуп кеттиңер, кие турган түзүгүрөөк жемпирим да калбады» деген эле. Уулу жоктугу ушундай күндөрдө билинет да.

Бакыжан ичинен оор улутунганын байкатпас үчүн унчукпай он сомдуктан үчөөнү чыгарып берди.

– Анын үстүнө сиңдим да жаңы келин, – деди аялы, – эсиңиздеби, 23-февралга сизге запонка белек кылган эле.

Балдызы мындан он күн мурун запонка алып келгени да ырас эле. А Бакыжан болсо андай запонканы өмүрү тагып көрбөгөн, тагынам деп ойлогон да эмес.

Ал канча сомдук нерсе эле өзү? – деди ал аялынын көзүнө тигилип.

– Кеп акчадабы? Дайым ушундай дейсиз да, турасыз! Бирөө сизди сыйлап бир нерсе көтөрүп келсе... – Бакыжан аялынын адатын билет. Өзү негизи жакшы аял го, кээ-кээде арзыбаган нерсе үчүн бары-жокту башына көтөрчү адаты бар.

Ошон үчүн Бакыжан дароо аялынын капа болуп калышынын алдын алып калды.

– Ранахангa эмне белек кылабыз?

– Эмне болот эле – бир тушь алсак жетер. Француз тушу магазиндерге чыкпайт, өткөндө базардан көргөн элем, он беш сом сураган, он үчкө берсе керек... Анан кийин 23-февралда Акида да кур кол келбеген. Сакалыңызды алгандан кийин сүртө турган кремди ошол алып келген.

Акидага көп нерсе керек эмес, бир гана лак болсо жетет, – деди Бакыжан ушундай бир жагымсыз жыты бар кремди эстеп.

Чөнтөгүн кагып, бүт акчасын санап берип, алардан кутулганына ыраазы болду.

Телевизор көргөнү эми эле жамбаштай калды эле, эшиктин коңгуроосу узак шыңгырады. Негедир жүгүрүп барып өзү ачты. Караса, төмөнкү гастрономдо кассир болуп иштеген Василахан туруптур.

– Лаланын эжесине бир нерсе белек кылмак элек, – деди ал тепкичтерден тез чыккан үчүн болсо керек, энтигип. – Ушуга тизме түзүп атабыз, кааласыңыз бериң, каалабасаңыз ыктыярыңыз.

Бакыжан анын сөзүн: «Акча берсең бер, болбосо кызыңды айдаттырып жиберем» дегендей түшүндү да ашканага бурулду.

– Баягы пулдан үч сом карыз берип тур? – деди ал аялына жалынып.

Василахандын артынан аялы да жөнөп калды.

«Баатырды бакчадан алып кел» – десем, уулуңуз көнбөй атат, – деди ал өтүгүн шашып-бушуп кийип жатып.

Бакыжан кайтып келип, телевизор көрө баштады. Беш мүнөт өтүп-өтпөй эшиктин коңгуроосу дагы шыңгырап калды. Ачса, төртүнчү кабатта жашаган Салимбай ака. Кайсыл бир базалардын биринде иштеп, бардыгы аны урмат менен аташса да, Бакыжан аны жакшы көрбөс эле.

– Келиң, кошуна? – деди ал көңүлү сүйбөй.

– Рахмат, калыс иш менен жүрөбүз. – Салимбай пиджамасынын үстүнөн курсагын сылап койду. – Колу-кошуналар жыйылып, бир сооп ишти ойлоп койгон элек. Билесиз, Баатырдын тарбиячысы бир бечара жесир аял. Майрамдын шылтоосу менен кымбатыраак бир нерсе алып берсекпи деп турабыз. Беш-бештен жыйнадык. А мен өзүм он бердим. Мына, көр, – Салимбай пиджамасынын чөнтөгүнөн бир ором акча чыгарды.

– Кайсы Баатыр? – деди Бакыжан көздөрүн чанагынан чыгарып.

Салимбай таң кала карап калды.

Акыры мончонун жанындагы бала бакчага каттай турган Баатыржан сиздин уулуңузбу? Акыры сиз Бакыжансызбы?

– Жок! – деди Бакыжан желкесин кысып. – Менин бакчага бара турган балам жок, мектепке бара турган кызым да, жакында күйөөгө чыккан балдызым да, осол болуп аткан кайненем да, аялым да, а түгүл өзүм да жокмун! Түшүндүңүзбү?! – Ушундай деди да эшикти тарс жаап, кирип кетти...

# МАЗМУНУ

*Муратов А.* Өзбек жазуучуларынын аңгемелеринин өрүшү................3

**А Ң Г Е М Е Л Е Р**

*Улмас Умарбеков*
Саресеп.................................................................................................. 17
*Шүкүр Холмирзаев*
Ээсиз калган ээн үй............................................................................... 32
*Өткүр Хашимов*
Махабат.................................................................................................. 50
Ак булут, аппак булут............................................................................ 61
*Эркин Малик*
Гүл ышкыбозу......................................................................................... 75
*Нурали Кабул*
Талаа жолу.............................................................................................. 80
*Эркин Аззам*
Кар баскан дабан.................................................................................... 87
*Хайриддин Султонов*
Бу дүйнөнүн сыры ................................................................................ 101
*Назар Эшенкул*
Шамалды тутуп болбойт да... ............................................................. 120
*Зулфия Куралбай кызы*
Аял ......................................................................................................... 134
*Улугбек Хамдам*
Гүл.......................................................................................................... 145

**САТИРАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР**

*Немат Аминов*
Касап бабамдын ити........ 153
Канат *(Аңыз)*........ 156
*Өткүр Хашимов*
Кошумча милдеттенме........ 158
Мен, чоң атам жана түстүү телевизор........ 163
Бөлүштүрүү........ 170

*Көркөм-адабий басылма*

# АК БУЛУТ,
# АППАК БУЛУТ

*(Өзбек жазуучуларынын аңгемелери)*

Которгон ***МУРАТОВ Абдыкерим***

Мукабадагы сүрөттөр интернеттен алынды.


Бишкек «Турар» басмасы
*(Кыргыз тилинде)*

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Корректору *А. Сардарбекова*
Көркөмдөгөн жана компьютердик калыпка салган *Ж. Кудабаев*

Басууга 24.02.2020-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 $^1/_{16}$. Көлөмү 11 басма табак.
Нускасы 500. Заказ № 2017.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.